АСАН ЗАРКУНОВ

# ТЫНЫБЕК МАНАСЧЫ



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ
ЖАНА МАДАНИЯТ МИНИСТИРЛИГИ

НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

АСАН ЗАРКУНОВ

# ТЫНЫБЕК МАНАСЧЫ

*(окуу куралы)*

Нарын–2001

**ББК 82 – 3 (2 Ки)**
**З-34**

*Басмага НМУнун филология факультетинин кыргыз адабияты жана аны окутуунун методикасы кафедрасы тарабынан сунуш кылынган.*

*Рецензенттер:* педогогика илим. кандидаты,
доцент А. Турдугулов,
филология илим. кандидаты,
доцент К. Ибраимов.

*Жооптуу редактор:* КРУИА-нын корреспондент-мүчөсү,
филология илимдеринин доктору,
профессор А.Садыков.

**Заркунов. А.**

**З-34** Тыныбек манасчы: Жогорку окуу жайларынын студенттери менен мектеп окуучулары, кыргыз адабияты мугалимдери үчүн/ Нарын мамл. Ун-ти. Б.: 2001.

**ISBN 9967-20-572-5**

Окуу куралында манасчы Тыныбек Жапый уулунун манасчылык өнөрүнүн өзгөчөлүгү, андан таалим алган манасчы-шакирттери тууралуу сөз жүрөт. Манастануу курсу боюнча бул кошумча окуу куралы жогорку окуу жайларынын студенттери менен мектеп окуучуларына, кыргыз адабияты мугалимдерине арналат.

**З 46040000000-01** БКК82.3 (2 Ки)

ISBN 9967-20-572-5

© Заркунов Асан, 2001
© Нарын мамлекеттик университети, 2001

## АЛГЫ СӨЗ

Дүйнөдө эч теңдеши жок «Манас» эпосунун даңазаланып жатышы — демек кыргыз эли «Манасты» жаратуу менен бүткүл адамзаттын маданий, адабий алтын казынасына тарыхта мурда эч болуп көрбөгөн өлчөөсүз салым кошкондугу. Бул баардык замандар үчүн ири окуя. Арийне, «Манас» эпосун жаратып, калк алдында алда нече курдай айткан, аткарган, анын көркөмдүк идеялык деңгээлин, сапатын улам бара арттырып, толуктап олтурган манасчыларсыз бүгүнкү океан сымал ченемсиз деңгээлине жете да алмак эмес.Ар бир аты белгилүү, белгисиз да көмүскөдө калып кеткен андай жомокчулар — кыргыз элинин бактысына бир жаралып калган олуялар. Алардын арасында улуу манасчы, мүлдө өмүрүн, талантын бир гана «Манас» айтууга сайган Тыныбек Жапый уулу да бар.

Тыныбектин манасчылык өнөрү өзүнөн мурдагы ата манасчылардын салтын чыгармачылык менен өнүктүрүүдөн келип чыкканы жалпыга маалым. Ошондой эле «Манас» айтууда Тыныбек салттык жөрөлгөлөрдөн чыкпай, өзүнөн окуя кошумчаласа да, мурда айтыла келген окуялардын ыргагынан чыга бербей, эптүүлүк, логикалуулук менен эртегилердин салтын улаган жерлери бар. Ушундай принципти ал өзүнөн таалим-тарбия алып жаткан жомокчу шакирттеринен да өтө катуу талап кылганы жөндүү иш болгон. Ал түзгөн манасчылар мектебинин салты ошондон улам ийгиликтүү улантылган. Тыныбек манасчыдан таалим-тарбия алган шакирттеринде, же шакирттердин шакирттеринде окуяларды сүрөттөөдө болобу, андагы каармандардын келбетин, жорук-жосун, кыял, жүрүм-турумун сыпаттоодо болобу, алардын баяндары кайтып келип эле «Манас» жомогун айтууда негизинен Тыныбектин айткандарына окшош, же өтө жакын келет. Албетте шакирттерде, же шакирттердин шакирттеринде Тыныбек устаттан окчун кетип, устаттын айткандарын эң ийгиликтүү толуктаган учурлар бардык жагдайларда арбын эле кездешет. Андан Тыныбектин баркы-баасы эч кемибейт. Андай учурлар кайра Тыныбектей устаттын беделин кыйла арттырат, себеби андай учурларда окуялар жөн эле кеңейтилбестен, көтөргөн идеялык жүгү салмактуу тартат, мындайча айтканда «Манастын» кан тамырына кошумча кан куюлат.

Бул дүйнөдөн кеткенине бир кылым болгон улуу манасчы Тыныбек, анын «Манас» жомогун айткан кездеги манасчылык сыпаты, пенделик жорук-жосундары, жөн-жайын көз алдыга толук алып келүү мүмкүн эмес. Биз ал жөнүндө жазылган жазма булактарды, айтыла жүргөндөрдү ушул эмгегибизде пайдаландык. Аты, манасчылык өнөрү терең ачылбай, мурастарынын кээ бирлери бүгүнкү күнгө жазма түрүндө араң зорго келип жеткен бул залкар манасчынын жомокчулук өнөрү тууралуу кеп кылуу менен бирге, ал адамдын өзү, манасчылык өнөрү жөнүндө да айтып өттүк. Тыныбек Жапый уулу жайынан аны иликтөөчүлөрдүн мурдагы жазгандарына бул жупуну эмгегибиз аз да болсо кошумча болор деген ойдобуз.

# ЭЛЕТТИК ИЗИЛДӨӨЧҮ

## (Баш сөз ордуна)

Тыныбек Жапый уулу! Убагында жарытылуу материал жазылып калбагандыктанбы, бул залкар манасчынын чыгармачылыгы азыркыга дейре адилеттүү баасын алып, жетиштүү деңгээлде иликтене электиги кейиштүү чындык. Манасчылар, алардын феномени, таланты, өнөрканасы дегенде эле Сагынбай, Сайакбайлардын ысымдары аталып, Тыныбек алардын көч башында турмак түгүл, көпчүлүк учурда таптакыр унутта калуучу Болгону өткөн кылымдын жомокчулары дегенде гана аты калып, өзү жок көптүн бири катары Келдибек, Балык, Найманбай, Назар, Тыныбек деп гана санап өтөр элек. Тыныбектен бир гана Семетей колуктусу Айчүрөктү Ооганга чейин издеп барып алганына байланышкан эпизод жазылып алынган, ал дагы толук эмес деп келдик. Биздин бул залкар жомокчу тууралу маалыматыбыз ушуну менен бүтүүчү. Эми муну эстеп, оозго алгандан уяласың. А чынын айтсак, ошо биз залкар феномен деген Сагымбай, Тоголок Молдо Тыныбектен таалим алып, анын мектебинен өткөнү үчүн чоң жомокчу болуп калыптанып олтурушат. Калыс кеп ушул: Тыныбек — бул анын вариантынын нечен кыйын кезеңдер аркылуу биздин күндөргө келип жеткен бирин-экин текст эпизоддору гана эле эмес, бул жомокчулук өнөрдү дагы күчөтүп өнүктүрүп, ар кимиси Өзүнчө варианттарын түзүүгө жетишкен окуучуларынын баркы. Наркнасили, өткөн кылымдын экинчи жарымынан башталган улуу көчтүн үзүлбөй андан ары уланышы. Тыныбекти биз ушундайча түшүнүп, ушундай деп баалап, так мына ушундай кейипте көз алдыга келтирип жүргөнүбүз абзел.

Бул иш эбак колго алынышы керек эле. Илимий коомчулугубузга Тыныбек жомокчуга тийиштүү «Алмамбеттин арманы» жана «Каныкейдин Манаска аш бериши» эпизоддору табылганы тууралуу кабар жеткени бир канча жылдын жүзү болсо да, дале «дың» бойдон калып, ордунан түк дагы козголо элек болчу. Мындай абал дагы канчага созулаар эле, ким билет. Акыры ушул улуу вазийфаны баш калаабыздагы жоон топ фольклорчу – окумуштууларыбыздын айрымдары эмес, «Манастын» катардагы эле күйөрманы, элибиздин чыныгы уулу деп айтарлык адам, айылдык мугалим, жазуучу жана журналист Асан Заркунов жүзөгө ашырууга белсенип киришип олтурат. Эң башкысы — ниеттин болушу. «Көч бара-бара түзөлөт» дегендей, алгач ушул саамалыкты коомчулукка — элибизге жеткизип алсак, кийинки изилдөөчүлөр калганын ондоп, толуктап алышар. Азырынча элеттик изилдөөчүгө ак жол, ийгилик каалап туралы.

Асан Заркунов 1936-жылы 6-апрелде Нарын облусунун Нарын районундагы Миң-Булак айылындагы мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган 1942-жылы Куйбышев атындагы орто мекте-

бине кирип, 1952-жылы «Оттук» орто мектиебин бүтүргөн. 1952-1958-жылдарда КМУда окуп жогорку билим алган, 1958-1959-жылы республикалык «Ленинчил жаш» гезиттинин редакциясында адабий кызматкер, 1959-жылдын августунан баштап Нарын району Куйбышев атындагы (азыркы Актан Тыныбек атындагы) орто мектебинде кыргыз тили, адабияты сабагынын мугалими, директору, 1998-жылы пенсияга чыккандан кайрадан мугалим болуп иштеп келет.

Таалим-тарбия темасындагы алгачкы «Аңгектен качсаң дөңгөккө», «Эртесинде» деген аңгемелери 1958-жылы «Жаш калем» аттуу жаштардын альманах жыйнагында жарык көргөн. Ага чейин бул аңгемелери «Жаш ленинчи» журналынын беттеринде басылды. Ошол эле тарбия темасында «Сыйкырдуу ариптер», «Саякатчы көмөч» повестери жарык көрүп, өзүнчө китеп болуп «Мектеп» басмасынан 1977-жылы чыккан. Ал эми «Тыныбек Манасчы» (окуу куралы) деген монографиясы болсо минтип Нарын мамлекеттик университети тарабынан басылып жатат.

Асан Заркунов «Жоокердин жары», «Жоогазындар гүл ачарда» пьесаларын жазды. Кыргыздын чоң манасчыларынын бири Тыныбек Жапый уулу жөнүндө макалаларын, анын улуу санжырачы, комузчу, жазгыч акын, куудул, атактуу сөзмөр Актан Тыныбеков туурасында, Кыргыз Республикасынын эл артисттери Муса Баетов, Жумамүдүн Шералиев жөнүндөгү баяндарын жазып, республикалык гезит, журнал беттерине жарыялады.

Мектепте мугалим, пропагандист, мектеп директору болуп иштеп, жаш өспүрүмдөргө жеткилең тарбия, жугумдуу билим бергени үчүн 3 жолу (1972-1974-1985-жылдары) Нарын обкомунун Ардак Грамоталары менен, 1972-жылы орто Азия аскер округунун Ардак Грамотасы менен, 1972-жылы Кыргызстан КП БКнын Ардак Грамотасы менен, 1977-жылы «Кыргыз эл агартуу отличниги», 1985-жылы «СССРдин агартуу отличниги» төш белгилери менен сыйланган. Республиканын мугалимдеринин V съездинин делегаты. 1993-жылы 23-сентябрда Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаевдин указы менен ага «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими» деген ардак наамы ыйгарылды. Асан Заркунов – Кыргызстан жазуучулар союзунун, ошондой эле Кыргызстан журналистер союзунун да мүчөсү.

Асан Заркуновдун Тыныбектин өмүр, чыгармачылыгына арналып жазылган бул саамалык эмгеги кыргыз коомчулугунун эле эмес, фольклор изилдөөчүлөрдү, анын ичинен «Манасты» иликтөөнү өзүнүн изилдөө объектиси катары тандап алган адамдарды да кызыктыра аларына бекем ишенимдебиз. Изилдөөнүн бир баалуу жагы мында: Тыныбек Жапый уулунун мурасынын материалдарын Теңир Тоо манасчыларынын ири өкүлдөрү Сагымбай, Тоголок Молдонун варианттары менен катар карап, терең изилдөө иштери жүргүзүлгөндүгүндө. Мындай текстуалдык талдоолордун

негизинде изилдөөчү Тыныбек жомокчу Сагымбай менен Тоголок Молдого окшогон чоң манасчылардын сөздүн толук маанисиндеги «улуу устаты жана залкардын залкары катары өзүнчө, өзүнө гана таандык манасчылар мектебинин негиздөөчүсү, «көч баштооч гений» деген жыйынтыкка келет. Чынында эле «манасчылардын абалкысы да Тыныбек, акыркысы да Тыныбек» деген накыл кеп жөн жерден айтыла калбаса керек. Мына ошондой эле улуу жомокчунун өмүрү, чыгармачылык жолуна байланышкан кыйла жаңы факт-материалдар берилген. Эмгекте окумуштуулук даражасы бар адис-илимпоз эмес, айылдык адабият мугалими жазса да, адабият таануу, фольклор боюнча илимий изилдөөнүн жазылуу техникасынан кадыресе түшүнүгү бар адам тарабынан иштелгени айкын көрүнүп турат. Эмне демекчибиз, мындайга кубануубуз гана керек.

Элеттик изилдөөчүнүн бул эмгеги коомчулуктун көңүлүн өзүнө бура турганына эч күмөн кылууга болбойт. Китеп жеке «Манас» изилдөөчүлөргө эмес, филологиялык факультеттердин студенттерине, мектеп мугалимдерине, окуучуларына да керек. Тыныбектин өмүрү, чыгармачылыгы Сагымбай, Саякбайдыкынан мурда, алардыкынан алда канча мазмундуу, кеңири өтүлүшү, окуп үйрөнүлүшү керек окшойт. Дегинкиси, залкар манасчы Тыныбек Жапый уулунун чыгармачылыгы жогорку окуу жайлары менен орто мектептер үчүн адабият программаларында өзүнүн татыктуу ордун ээлеши зарыл экендигин айта кеткенибиз парз.

***А.Турдугулов — НМУнун филология факультетинин деканы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент.***

***Б. Оторбаев — КМУУнун кыргыз филология факультетинин ага окутуучусу, педагогика илимдеринин кандидаты.***

# БИРИНЧИ БӨЛҮМ

## БИРИНЧИ ГЛАВА

### Тыныбек Жапый уулу улуу манасчы

Тыныбек Жапый уулу манасчы катары 19-кылымдын 2-жарымынын аяк ченинде жазма түрүндө дарек-дайны белгилүү. Бул тууралуу Кыргыз Совет Энциклопедиясынын 6-томунда Тыныбек Жапый уулу жазып берген «Манастын» «Семетей» бөлүмүнөн 1898-жылы «Казань» басмасынан, 1925-жылы Москвадан (экөөндө тең араб тамгасы менен) китеп болуп басылып чыккандыгы тууралуу айтылат. Ал «Манас» эпосунун үч бөлүмүн («Манас», «Семетей», «Сейтек») тең толук айткандыгы тууралуу кыскача маалымат берилет. Энциклопедияда Тыныбек манасчы жөнүндө берилген кабар ушул. Бул маалыматтар «Манас» изилдөөчү Калим Рахматуллиндин эмгегинен алынгандыгы көрүнүп турат. Ал эми Калим Рахматуллин өз кезегинде бул маалыматтарды Тыныбектин өз уулу Актан Тыныбековдон алган. Актан Тыныбек уулу атасы Тыныбек манасчынын өзү «Манастын», «Семетей» бөлүмүнөн жазып берип, ал басмадан чыккандыгы жөнүндө 1938-жылы 25-октябрда «Тыныбектин тарыхы» деген куш тилиндей кабарда минтип айтат: «1898-жылда Нарын участкебайы «Манас» «Семетейден» жазып бер деп буйрук кылганда, Тыныбек «Семетейден» жазып берген. Бирак жаздырып алууда кандай болуп чыгарлыгынан түшүнүк албагандыктан, толук жазып бергеним жок» – деп Актандын айткандары бар.

Ал жазып берген «Семетей» «Казань» басмасынан араб тамгасы менен басылып чыккан. Ал эми ошол китеп алиге табыла элек. «Манас» эпосунун 1000 жылдык мааракесине карата жарыяланган материалдардын биреөндө Тыныбек өз вариантында «Манастын» «Семетей» бөлүмүнөн жазып бергендери 1898-жылы Казандан китеп болуп чыккандыгы жөнүндөгү куш тилиндей кабарды эмне фактыга таянып жарыялагандыгы бизге белгисиз.

Кийин 1925-жылы ушул «Семетей баатырдан бир бөлүм» деген эпизод үзүндүсү Москвадан басылып чыкканда Ишеналы Арабаев алгы сөз жазып, Тыныбектин дайын-дарегинен чакан маалымат билдирген.

Тыныбек манасчы жөнүнөн 1949-ж орто мектептер үчүн кыргыз окуу китебинде манасчылар тобунун арасына кийрилип, кыска гана айтылып кеткен жери бар. Ошондо деле китептин авторлору негизинен Тыныбек уулу Актан жазып берген жогорудагы маалыматка таянып, сөз кылган экен

Бизге белгилүү манасчылар тобунун ичиндеги эң ириси Сагынбай Орозбаков баш болгон толгон-токой шакирттери бар. Манасчылардын ириси Тыныбек Жапый уулу (Жапы делинип

буга чейинки кээ жазма маалыматтарда атасынын аты туура эмес берилип жүрөт) жөнүнөн минтип чакан гана маалымат берилишинин өз себеби бар деп ойлойбуз.

20-кылымдын кылды башында 1902-жылы дүйнөдөн кайткан Тыныбек манасчыны эч ким анча илик албаган. Эмне үчүн антишкени белгисиз. Тыныбек манасчынын биз жогоруда кеп кылган «Казань» басмасынан чыккан «Семетейдин» бир эпизодунан (ал дагы Тыныбектин өзү тарабынан толук жазылып берилбей, китеп болуп чыкканы деле арсар, күмөн экен) башка ал кишиден «Манас» боюнча эч нерсе жазылып алынган жок деп эсептешкен. Ал эми «Манасты» жыйноодо аты белгисиз Обонбай Мамбетовдун Тыныбек айтуу боюнча жазып калтырган «Каныкейдин Манаска аш бердириши», Актан Тыныбековдун «Алмамбеттин арманы» (бул да Тыныбектин айтуу боюнча) бар экендигин билишпеген болуу керек. Аталган эпизоддор «Манас» тексттеринин ичиндеги эч теңдешсиз, көркөмдүүлүгү жогору мурастар.

Өткөндүн баалуу, эң таңсык көрөм мурастарын кагаз бетине түшүрүүнүн кара жумушунан эч тажабаган эмгекчил, куйма кулак Актан Тыныбеков атасы манасчы Тыныбектен угуп, көкүрөгүндө толук сактап калган «Манас» эпопеясынын кун жеткис көптөгөн эпизоддорун арбын эле жазып калтырмак. Ошол көкүрөгү каттай Актан ата мурасы «Манас» эпизоддорун жазып калтырууга чанда-чанда гана, ошондо да эч кимге билгизбей секин-секин кол тийгизген. Тыныбек манасчыдан, чоң атасы Жапый баатырдан улам Актан өзү көкөйдөн кетпес көп запкы жеген. Эл ичинен чыккан, өзүлөрүнүн колунан кокон тыйынча эч нерсе келбеген ушакчы, тайкы, көрө албас туугандарынын арызчылык далалаттарынын айынан кыргыздын белгилүү комузчусу, айтылуу сөзмөр, улуу санжырачы, манасчы, жазмачы, акын Актан Тыныбек уулу 1939-жылы Москвада өткөрүлүүчү кыргыз адабияты менен искусствосунун декадасына Фрунзе шаарынан жөнөп кетип бараткан жеринен айылдык арызчынын арызы Кыргызстан компартиясынын Борбордук Комитетине жетип, бийдин тукуму, чоң атасы ат байгесине бир уруу элди сайган зөөкүрдүн тукуму катары Пишпек станциясынан түшүрүлүп калтырылган. Ошону менен Тыныбеков Актан өкмөт менен партиядан оңчулук бетин көргөн эмес. Ошондуктан залкардын залкары Тыныбек айлап-жылдап айткан «Манасты» кагаз бетине түшүрүүдөн жаа бою качып жүргөн экен. Так мына ушундай шарт жагдайларда Тыныбек айткан «Манас» Актан тарабынан кагазга түшпөй калган. Бир сөзүн жаздым айтпаган Актан атасы Тыныбектин «Манасын» кагаз бетине так анын айтканындай кылып, бир сөзүн жаздым калтырбай түшүрмөк. Актанга «Манасты» кагазга түшүрүүгө эмдиги каражаттар: магнитофон, видеокамеранын ж. б. эч зарылдыгы жок эле.

Тыныбек айтып, уулу кагаз бетине түшүргөн «Алмамбет арманы» деген «Манас» эпосунун ичиндеги шедеврдин өзөгүнө,

(өңгө манасчылар бул эпизодду Тыныбектин обологон көркөмдүк деңгээлге эч жеткире албайт, тайманбай эле айтуу керек, Тыныбектин жанында алардын жомокчулук каруусу чак) мүмкүн Сагынбай манасчынын академиялык басылышында мындай көркөм эпизод-вариант кезигип калар. Манастын акыреттик болуп төштөшкөн досу, аскер башчысы Алманмбеттин Кытайдан качып, эң аягында Манаска арзып келгендеги мотиви бүт бойдон жалгыз гана ислам дининин айынан болуп негизделген. Мына ушунун өзү эле Тыныбектин мурасы (ал айткан «Манас» варианты) көркөм адабияттын, маданияттын чет-чеберине жологус болоорунан кабар берип турат. Тыныбектин айтуусу боюнча Актан кагаз бетине түшүргөн «Алмамбет арманынан» келтирип көрөлүчү:

«Кызыл чоктуу кытайдын
Кыйынынын уулу элем
Кызыталак Чубак, мен качан
Бабаңдан калган кул элем?
Эч болбосо, сенден мен
Кырк эсе артык уул элем
Кыяматтын айынан,
Кыл көпүрө жайынан,
Акыреттин айынан,
Азаптуу тозок жайынан,
Атам Азизкан калып,
Кандык сөөлөт, даңк калып,
Башымда таажы бак калып
Ак динге келдим шаттанып.
Капкалуу дуңша Бээжинден,
Качып чыктым бейдинден
Тандап келдим дининди,
Таштадым кытай зилимди...»

Чалгын чалчу жолду талашып, Чубак менен текөөрлөшүп турган Алмамбет өз арманында «кыжылдаган кытайдын бир кыштагы мусулман болуп калбагандыгы ырысымдын тайкысы» – деп оозун карманып турат. Бул эпизоддо Алмамбет ислам динин самап, көксөп келгени жөнүндө келтирилген саптардан башка да ашкере көп айтат. Ушундай акыбал менен эгер Тыныбектин «Манасынан» жазылып алынган вариант колдо болсо дагы мурдагы доордо жарыкчылыктын чекесин көрөөрү күмөн эле. Муну «Манас» эпосунун айланасындагы жүрүп жаткан чыр-тополоңдун бардыгына абай менен көз салып жүргөн Актан деле түшүнгөн, ошондуктан ушул окуяны эч жерге сунуш кылбаган. Ансыз деле аталарынын даңкынан запкы жеп жүргөн да Актан. Ушинтип Тыныбек тарыхтын бир бүктөмүндө, баткалда кала берген. Мындай шарт жагдайдан улам айрым «Манасты» изилдөөчүлөр Ты-

ныбектики делген табылга-эпизод болсо эле «кайдан жүрүп бул Тыныбектики, бул Тоголок Молдонуку» дей салып жатышат.

Тыныбектин тагдыры көп жагынан татаалданган. Анын башкада жок манасчылык кудуретине илик салаар, кээ бирлерди «иренжитээр» дагы бир жагдайлар болгондугун бүгүнкү күндө ачык айтып берээр кез келди. Биздин оюбузча, кыргыз адабият өнөрүндөгү бул залкар жөнүнөн иликтөөчүлөрдүн айтпай келгендигинин негизи кезегинде, ак падышанын заманында, Тыныбектин бий болуп жүргөндүгү. «Жана ушул «Манасты» ырдаштын аркасы менен малдуу болуп жана бий болуп жүрдүм» – деп Тыныбектин айткандары болгон». Актан Тыныбеков 1938-жылы «Тыныбектин тарыхы» деген чакан макаласында ушинтип жазган Тыныбек жөнүндө.

Тыныбек дайын-дареги 1988-жылы «Илим» басмасы тарабынан чыгарылган «Акындар чыгармачылыгын тарыхынын очерктеринде» айтылып өтөт. Мында Тыныбек манасчыга түпкүлүктүү орошон бааны «Манасты», манасчыларды изилдөөгө окумуштуулук бүт өмүрүн жумшаган негиздүү, илимий даана, так пикирлерди айткан эң кылдат аалым Самар Мусаев багыштаган. Тыныбек жайынан айтылган салмактуу ойлор так ошол Самар Мусаевге таандык.

«Очерктерде» анын айтканынан келтирилген кынтыксыз бир саптар бар: «Биздин колубуздагы материалдарга караганда белгилүү манасчылардын экөө – Сагымбай Орозбаков менен Тоголок Молдо атактуу манасчы Тыныбек негиздөөчүсү же ал эң жок дегенде өтө көрүнүктүү өкүлү болгон мектепке таандык. Ал экөө Тыныбектен көп нерсени кабыл алышкан, ошондой эле алардын варианттарынын окшош жактары көп. Ал эми Сагынбай Орозбаковдон жаш жагынан кичүү, ошону менен бирге андан көп нерсени үйрөнүшкөн, кабыл алышкан М. Мусулманкулов, Ы.Абдырахманов, Б. Сазанов ж.б. ушул мектептин улантуучулары деп атоого толук негиз бар, анын үстүнө алар манасчы катары түздөн-түз С. Орозбаковдун таасири астында калыптанышкан».[1]

Тыныбек Жапый уулунун манасчылык өнөрүнө бардаштуу, орошон бааны айтып, анын эмгегинин салмагын кемитүүгө аракет кылган учурларда окумуштуулук чыныгы акыйкат кебин сүйлөп келген калыс да Самар Мусаев. Өйдөкү эле С. Мусаев тарабынан айтылган пикир тарыхтын бир бүктөмүндө бүдөмүк калган манасчы Тыныбекти жарыкка көтөрүп алып чыгат.

Очерктерде Р. Сарыпбеков, С. Алиевдер манасчы Тыныбек тууралуу негизинен А. Тыныбековдун «Тыныбектин тарыхы», К. Рахматуллиндин «Манасчылар чыгармачылыгы», тыныбектин өзү жазып калтырган 1925-жылы Москвадан араб арибы менен басылып чыккан «Семетей баатырдан бир бөлүм» деген эмгектерге таянып, ошолордун тегерегинде сөз кылышкан. Чынында буга чейин же Тыныбек жомокчудан жазылып калган, же жомокчу өзү

---

[1] Мусаев. С. Эпос «Манас». Ф.: 1979, 82-б

жазып калтырган «Манастан» эпизоддор», өз өнөрү жайынан баяндар болбосо, Р. Сарыпбеков менен С. Алиевдер, биздин оюбузча, ушундай гана жукалап сөз кылышмак. Мүмкүн алар бул темага кайрылышаар, теледен берген бир интервьюсунда Р. Сарыпбековдун ошондой айткан сөзү бар.

«Очерктерде» булардан башка Тыныбектин манасчылык таасири жөнүнөн «Сагынбай Орозбак уулу» (517-бетте), «Багыш Сазанов» (543-бетте), «Дункана Кочукеев» (570-бетте) деген темаларда да учкай айтылып өтүлөт. Тыныбек жайынан С. Мусаевдин айтуусунда К. Рахматуллинде дагы маалыматтар бар экен. Тыныбек манасчы жөнүндө кабар-атар сөздөр мына ушулар. Өз балдары, урук-журааты манасчы чыккан, толгон-токой манасчылардын нускоочусу, чебер-устаты болгон Тыныбек жалп этип өчкөн шамдай өлгөн күнүнөн бери бир кылым толгон узак мезгилде негизинен дарек-дайынсыз калгандай болду. Анын эң мыкты шакирттеринин бири Сагынбай Орозбаковдон «Манас» жомогун жазып алууга күрдөөлдүү киришип жатып деле анын залкар устаты, нускоочусу Тыныбек Жапый уулун «унутуп коюшту». Көркөм адабияттын не бир түркүн жанрларынын бардыгына калеми тийбей калбаган анын дагы бир залкар шакирти Тоголок Молдонун эмгектерин термелеп жыйнап, жарыкка чыгарып жатып деле улуу Тыныбекти «унутуп коюшту». Тоголок Молдо Тыныбек айткан «Манас» училтигин кагазга түшүрө жүрбөдү беле. Ал Тыныбек жайынан өтө-өтө көп билүүчү эмес беле. Ошол сыпайы-сылык Тоголок Молдо абага бул маселенин чоожайы боюнча неге кайрылышпады экен? Мүмкүн Тыныбектин өз кара чечекей уулу атактуу сөзмөр, куйма кулак Актандан үмүт кылышкандыр. Ал жагы дагы бар. Андай болсо, так ошол Актан Тыныбеков жомокчу атасынын мурасын ак кагазга түшүрүүгө неге батынбады? Бул жөнүнөн жогоруда аз-аз айтып өттүк.Актан атасы Тыныбек «Манасынан» кагаз бетине түшүрө албады. Арызчылар Актанды абакка каматып, жандары тынышкан. Актанды казак элинин улуу уулу, казак-кыргыз гана эмес, мүлдө совет өлкөсүнө кадырменди Жамбыл келип куткарып алган. Өз кезегинде Жамбыл кыргыздан чыккан жашы бирдей улуу жомокчу Тыныбекти баага батырчу эмес экен. Тыныбек о дүйнө кеткенде келип бир ууч топо сала албай калганын Жамбыл эстеген сайын көп кейичү дешет. 1938-жылы гана «Тыныбектин тарыхы» деген кабарды Актан кагазга чийип коюптур. Ошонусу манасчылар жөнүнөн кеп кылганга, алардын арасында Тыныбек жөнүндө айтканга манасчылар жөнүнөн иликтөө иштерин жүргүзгөн Калим Рахматуллинден баштап, бүгүнкү фольклор изилдөөчүлөргө бетке кармаар негизги материал болуп келүүдө.

## ҮЧ ТАЛАНТ ТУУРАЛУУ УЧКАЙ СӨЗ

Тээ 19-кылымдын экинчи жарымынын башыраак ченинде бир кербен – көркөм өнөр кербени сапарга аттанды. Бул кийин ойротто жок манасчы, ал кезде мүлдө ак калпак кыргызына аты дайын болуп, өзү айткан «Манасы» менен түбөлүк өчпөс жылдыздай көркөм өнөр асманында оболоп балбылдап жанып калдарын анча деле баамдай албаган, жаңы чыккан жашаң чөптөй али үлбүрөк Тыныбек Жапый уулунун көркөм өнөр кербени эле. Кийин кыргыздарда Тыныбек тууралуу кеп козголсо эле: «Ии, сөз атасы, манасчылардын атасы жөнүндө айтмак болду. Эми андай экен, Тыныбек жайынан кеп салар болсо, Тыныбектин «Манасындай» ширин айтса экен-деп кулак түрүп, колдон келсе ,ошол кеп салган сөзмөрдүн жанына жакын олтурмакка ыкыс берип, уга турган уламышка ыклас койгон адамдар өзүлөрүн бактылуу сезүүчү. Бактылуу сезгени Тыныбекти оозуна алган адам дагы бекер келбейт, а дагы сөздү бабына жеткирет. Сөздүн даамын чыгарат. Эми суроо туулат: «Тыныбектин «Манасы» ширинби, өзү ширинби?» Ага жооп: «Экөө бирдей ширин». Маселе ошолор жөнүндө сүйлөөр адамдын дараметинде. Ошол Тыныбек ал кезде көркөм өнөр кербенин баштап чыкканын, кербендин арты-кийин кандай болорун кандай баамдады экен? Сыягы өнөр кербенинин арты өзүндөй кеменгер, сөзгө бышык, өз эле тукум-журааты менен толоруна көзү толук жетпегендей. Болбосо, өлөр кези келип калганын даана билип, эл-журтун чогултуп, акыркы деми тартылганча эми бир жума «Манас» жомогун жаңшап коймок ниетте: «Жеңге батпас кайран кол, жер астына жаттың го» деп кейип бөксөрүп келип, минтип зарлабас эле:

Тагдырга жакын болгон бейм
Таныш барам акылдан
Кыргызга нускам калбады
Кыраан Манас баатырдан,
Арбактуу эрди таштабай
Айтса экен элим артымдан.[1]

Ошондо Тыныбек өзүнүн ушул сөздөрүн кагаз бетине түбөлүк калтырган өз эле кара чечекей уулу Актан болорун билбегенин көрсөң.

Кыргыз көркөм тарыхында бир жападан жалгыз үч муун болуп, телегейи тегиз кеткени сейрек кездешээр көрүнүш. Булар Жапый уулу Тыныбек манасчы, анын уулу Актан, анын уулу Тыныбек небереси Табылды. Тыныбек, Актан, Табылды деген – үч алтын тамыр. Тыныбек «Манасын» ак калпак кыргызды мындай коелу, Манас баатыр билги кол башчылары Кошой, Бакай,

---

[1] Актан Тыныбек уулу «Актан» Б.: «Адабият» 251-б

Алмамбет, Чубак, Сыргак, жоо бөрүсү 40 чоросу менен түгөл бары тамшанып уга тургандай түгөтө албай жүрүп дүйнө салды. Тыныбектен жаралган Актан өнөр жагынан атасынан көп артыкчылык кылса да», «Атадан өтөм деген уулдун бир боконосу кем, мен атамдан өтмөгүм кайда?! деп ташка тамга баскандай маселдетип, таамай-таасын, көркөмдөтүп, атасын сыйлап айтса да, атадан артык эле болду. Анын комузчулугуна не бересиң, анын куудул сөзмөрлүгүнө не бересиң. Комузду адамча сүйлөтө алган, «»Манасты» бирде кара жорго сөз менен, кези келсе комуздун сүрөөсүнө салып ыр менен саймедиреп баян курган, өзүн уккан пендени бирде ыйлатып, бирде күлдүрүп алек кылган эл эрмеги Актанды Тыныбек өзү көрүп, өзү укса ак батасын гана бермек. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти ардак наамынын эгеси Актан өнөрүн уулу Табылды даана улады. Тыныбек көбүнчө Манас жомогун кесип кылып өтсө, Актан манасчы, комузчу, санжырачы, акын, жаакта жок чечен, күлдүргүч куудул чыкты. Ушундай уулду кыргыз элине таштап кеткен улуу манасчы Тыныбекке журту чексиз ыраазы болду.Актандын уулу Табылды өзүн «Табылды Актан» атап алды. Буга ал кийин батынды. Өнөр жагынан өсүп жетиң такшалганда, өнөр аламанына илешкенинен, 35 жыл өткөн соң гана «Табылды Актан» атады. Табылды атасы Актандан көркөм өнөр чабытында алда кайда озуп кеткендей болду. Табылды чебер артист. Бул жагынан атасы Актанга окшош. Табылды драматург. Бетке айткан сынчылыгы чоң атасы Тыныбектей. «Манаска» этиет мамиле кылуу жагдайында өзүнүн көп көйгөйлүү ойлору менен жүрүп жатат. «Манасты» кара сөз менен көркөм чыгарма кылып жаратууга адабиятчылардын дарманы жетеби, жокпу? Ушул анын көкүрөгүн өйүйт. Ойлонор жөнү бар экен бул маселенин. Манас Табылдыда көркөм туундудан, көркөм кейипкерден реалдуу адамгабы, айтор, жандуу нерсеге айланып кеткен. Манастын аты-жөнү жок эле атай бербөөнү өтүндү ал менден. Манас – бул дин деп ынандырды ал мени (ынанган, койгон ал өзүмдүкү деңизчи).

«Манас жүрбөйт айтууга
Аккула жүрбөйт тартууга»

деп Тыныбек чоң атасы «Алмамбет арманында» айтып жатпайбы? Аны Табылды окуган эмес эч качан. Окубаганы атасы Актан бул эпизодду кагаз бетине ал окуй албаган араб тамгасы менен түшүргөн. Манаска мусулман дининдегилер Алла Таала Кудайга сыйынгандай сыйынуу керек деп, улуу ыйык орунга койду. Кудайдай кылып Манастын атын аярлык менен ага тайынганда гана жалынып, ниет-пейил билгизгенде гана атоону өтүндү менден. Манаска кудайга жалынгандай эле жалын дейт. Манас жерде эмес деп аябай ишенип алган.

«Манасты» Тыныбек ыр менен күпүлдөтө айтып, Аккуланын жүгүргөнүндөй сабалаткан экен. «Манас» – бул романтика кыргыз дастаны. «Манастын» Тыныбек айткан ыр саптарындай көркөмдүк шааниге толгон мазмундуу эстетикалык табылгалар кыргыздын башка эпикалык чыгармаларынан сейрек кездешет. Башка эпикалык чыгармаларды айтуучулар Тыныбекке окшоп көркөмдүк касиети жагынан миң түрлөнтүп, сезимге уюп турган саптарды жарата албады десек жаңылышпас элек. Уккан сайын шириндиги арбып, андан кийинки саптарды угууга куштарлыгы арткан кыргыз угарманы армансыз го. Алардын таалайына төрөлгөн Тыныбек шекилдүү. «Манасты» Актан Тыныбек уулу кара сөз менен жымылдата айтуучу тура. Көп убактарда ыр менен эле күпүлдөтө айтып, кээ кездерде комуз коштоосу менен да төгүлүп чачылчу. Башка турмуштук жагдайлар Актандын атасы Тыныбекке окшоп «Манаска» талант-шыгын сайып коюп, өнтөлөп киргенден алагды кылып кеткен көрүнөт. (Бул боюнча кийин соңу сөз кылабыз) «Манаска» бул эки улуу муундун тукуму Табылды Актанов да кайрылды. «Манас руху» деп ыроолоп ат коюп, театр ачты. Манастын кара чечекей досу, опсуз баатыр Алмамбет тууралуу драма жазды. Мында режиссер да өзү, музыкасы да өзүнүкү, сүрөтчүсү дагы. Эң негизгиси мында Алмамбетке өзгөчө басым коюлуп, инсандын эркиндиги проблемасы коюлган. Эми ошол инсандын эркиндиги маселесин качанкы өткөн чоң атасы Тыныбек «Алмамбет арманында» өзгөчө бир көркөмдүк күч менен адам айтып жеткире алгыс деңгээлде трактовкалагандыгын небереси Табылды кайдан баамдады. Көрсө инсандын эркиндиги жөнүндөгү маселе дайыма көркөм чыгармаларды жаратуучулардын жүрөгүнүн башында тура турган иш экен да. Ал эми аны кандай кылып көркөм образдар менен шөкөттөп чечмелеп берүү жагы устаттардын өз ыкыбалындагы иш тура. Мына ошентип ак сапар арыткан өнөрпоздордун кербен жолу келатат... келатат... Ата-бала. ата-бала. Биринен бири өтүп. Улам мурдагысын соңкусу толуктап дегендей. Өнөр кербенинин башында Тыныбек турат Тыныбектин ата тегин анын чыгаан уулдарынын бири, кыргыздын кыйбас адамы Актан өлгөндө элдин суроо талабы менен айылдык акын (эл аралап ырдап жүрсө, чоң акын чыкмак, ал өзүнүн ыкшоолугунан, кунт койбогонунан да кетти) Алжанбай уулу Алмамбет кошокко кошту:

Туулгандан белгилүү
Тынымсейит уругуң
Тууралап издеп таба албай,
Моминтип туйлап турат булбулуң.
Бугуга дайын эмеспи,
Мырзакулу атабыз.
Буйругу экен алланын,
Булбулду колдон учуруп,

[унканып таппай жатабыз.
оруму элге белгилүү
[ортук болчу атабыз.
оз туйгун качты туурдан,
оздосок таппай жатабыз.
октогул менен Жаманак,
[ортук кандын эгизи.
обуна дайын эмеспи,
кайымдын негизи.
(етинчи атаң Жаманак,
(ез туйгун бакчу жылоолоп.
(еткилең болуш болду деп,
кайым жергесин билген аралап.
лтынчы атаң Кашкары,
р жанга дайын эмеспи.
кайымдын дастаны.
лтымыш үчтөн өткөрбөй,
лданын ченеп жазганы.
ешинчи атаң Сартбала,
елгиледим аз гана.
ээжинге дайын эмеспи,
ереним Акай дастаны.
өртүнчү атаң Кожомкул,
өгүн эмес мына бул.
өрөлгөн экен кыргыздан,
кайымдай бир булбул.
чүнчү Боку атаңыз,
лгүлөп ырдап жатабыз.
лутуң калып өзүң жок,
шонуңа капабыз.
аатыр Жапый чоң атаң,
р болуп өткөн дүйнөдөн.
рдигинде ченем жок,
лин бүтүн бийлеген.
киден чапкан күлүктү,
лине салып бүлүктү.
р Жапыйдын тарыхын
либиз билбей жүрүппү?!
ртиштен барып олжо алган,
р Тыныбек атаңыз,
стебедиң жалганды,
мгегиң тартып жатабыз.
азактан барып олжо алган,
адырлуу Тыным атаңыз.
айрылбадың жалганга,
адырынды сагынып,
алган тууган капабыз...

Алмамбет акындын бул жамагындагы жети атага чейинкі санжыра Тыныбекке толугу менен таандык. Актан (Акайым) де ген сөздү алып коюп, эле Тыныбек деп окуй берсе, андан э бузулбайт. Тыныбек ата жөнүнөн тиги эле Орозбактыдан (Бугу бери кыскача шежирелеп көрөлү. Сарбагыштан Орозбакты, Дөөлөс Орозбактыдан Мырзакулу, Мырзакулудан Тынымсейит, андан ка Мортук, Мортуктан Жаманак, Жаманактан Кашкары, Кашкары дан Сартбала, Сартбаладан Кожомкул, Кожомкулдан Боку, Боку дан Жапый, Жапыйдан Тыныбек, андан Актан. Жогорудагы Ак танга арналган жамак (кошок) ырда Тыныбек атасы Жапый жөнүнөн мындай бир саптар учурады:

«... Эрдигине чыдабай
Элин бүтүн бийлеген
Экиден чапкан күлүктү
Элине салып бүлүктү...»

Ушул саптар төгүн эмес. Тыныбек атасы Жапый болумдуу, болгондо да баатыр, эл намысы үчүн башын сайган көйкашка. Андан калса Тыныбек энеси Бопуй аялдан чыккан эр. Экөө бирдей жоого аттанып, элге келген жоону сүрүшкөн. Кыргыз ураанын көтөрүшкөн.

Табият жараткан өнөрпөз үч эмдин – Тыныбек, Актан, Табылдынын таланттарынын көп кырдуулугу жадырап-жайнаган, түрдүү түркүн көрүнүп турса да, булар бири-бирине өтө жакын. Булардын жакындыгы биринен бирине өткөн ата канында гана эмес, алардын өнөрүндө түпкү биримдик бар. Алган тема үчөөндө бир – бул «Манас» темасы. Манастай бир гана жаралган, эл-жер үчүн башын сайып койгон, акыр-аягы эл жер үчүн курман болгон көйкашканын, анын жан-жөкөрлөрүнүн жоокердик мүнөзү. Кыргыз турмушунун чар тарабы үч өнөрпосто ийине жеткире ачылган. Тыныбекте ырдын (поэзиянын) күчүнө салынган кыргыз сөзүнүн адамды таң калтырган улуу күчү, сүрөттү тартуудагы олоң жетпес касиети, кыргызды кыргыз кылган асыл сөздөрүнөн уютулуп, түбөлүк өлбөс-өчпөстүктүн эстелиги болуп калган залкар мураста «Манаста» өзгөчө көрүнөт. Актанда жорго сөздүн дарамети башкача. Баатыр «Манас» баянын Актандын сөзүнөн улам «Э-ии, бул икаяны, улуу уламышты кара сөз менен деле ширин кылып, чар тарабын келиштире маселдете кеп урса болот тура» – деп айтарлык. Табылды Актановдун драмасындагы эрдиги Манастан кем эмес Алмамбет баатырдын эли-журтунан безип, жер кезип жүргөндөгү баянынан улам искусствонун башка жанрында деле аталар темасына, өлбөс-өчпөс «Манас» темасына кайрылып, аталар өнөрүн андан ары уласа болот тура деген ойго бекем ишендик. Биз жукалап Тыныбектин өзүнөн башталган үч мууну жөнүндө назарыңарга салдык. Аны Тыныбек кылган, атын кыргыз кыйрына жеткирген океандай чалкыган «Манас» болду. «Манасты» «Манас» кылып, океандай чалкыткан

ынибек болду. Арийне, улуу эпостун жападан жалгыз автору ынибек эмес. Анын да мурдагысы менен кийинкиси бар. Ошон-о дагы ал айткан, аткарган эпизоддор өзгөчөлүгү өзүнчө, кау-ардай миң түркүн кубулган көркөм, толгон-токой сыры бар, шонун бардыгы Тыныбек сөздөрү менен кыялынан куралган аа жеткис кереметтер. Тыныбектен калган бир эле эпизод (үзүндү) нын көркөм өнөр дүйнөсүндө ким болгондугун, ала турган рдун, салмагын толук баамдоого мүмкүндүк берээр касиетке ээ.

## ТЫНЫБЕК ЖӨНҮНДӨ

Тыныбек манасчынын туулганына 1996-жылы 150 жыл толду. езегинде мүлдө кыргыздын кыйрына даңаза менен айтылган ул адам тууралуу аңыз кептердин күнү бүгүн да аягы суубады. 949-жылы Зыяш Бектенов менен Ташым Байжиев деген адамдар-ын «Кыргыз адабияты» аттуу окуу китебин колдон түшүрбөй, ашка жаздана жатып, Кара Молдонун же Актандын күүлөрүн айра-кайра уккандан тажабагандай, тиги китепти окугандан та-абай, окуган сайын чаңкообуз канбай, элдик ооз эки адабият-ын керемет казынасын аралай турганбыз. Кийин-кийин билсек, ул эки автор экөө тең кыргыздын олоң жетпес залкар аалым-ары экен. З. Бектенов абаны радиодон көп тыңдап, телевизор-он көп көрүп, «Манас» эпосу, манасчылар жөнүндө ширин ңгемесине кулак төшөп эле жүрдүк. Тыныбектин ченемде жок омокчу экенине бизди биринчи жолу ынандырган ошол З. Бек-енов. Т. Байжиев авторлош абалар болгон. Бул биздин ошол постун маанисин ошондо эле өз алыбызга карата түшүнүп, улуу анасчы Тыныбекке боз жигиттик баамыбызды аябай арттырган лгачкы окуя. Таңданганыбызды кой, өз ара кужулдашабыз, мур-атан Тыныбек манасчыны кадимки адамдарга негедир көп ок-юштура бербей, өтө бийик карай турганмын. «Оттук» орто ектебинде окуп жүрүп, Нарынга кетер жолдон бурулуп, Миң-улакка кетер жолдо Тыныбектин, ага жанаша атасы Жапыйдын, Солоочу атанын өйүз-бөйүз коргондорун көрүп,Тыныбек кадим-и адамдардын бири экенине ынанып калып, кайра узай берген-е эле көз алдыма манасчы тээ бийиктен, өтө бийиктен байкал-ансычу. Нагызында Тыныбек ата бийик манасчы, астына жыл-ы салбаган сай күлүктөй, манасчы Тыныбек ата-улуунун улуусу. Манасында» Манасты Алмамбеттин сөзү менен сыпаттагандай ынибек кыргызга кадыры артык кызыл алтын дөбө. Тыныбек өнүндө легендалар бир далай арбын. Кийинки манасчылардын эру, улуусу Сагымбай атанын «Манасты» жаздырып бүтүп кал-анда, акылынан тайып, оозунан «Манас» качып, көрбөгөндү өрсө, Тыныбек залкар о дүйнө кетерин таасын туюп, элин огултуп, «Манасты» бир жума айтып жатып калкынан кеткен. ул не деген эрдик, не деген кайрат! «Манас» айтып жатканда

«Айдын бетин калтылдаткан» Жер эненин улуу перзенти Тыны
бектин дүйнө салаарына көзү жеткен асмандагы Ай өзү тутулга
Эртеси күн чыргоолонуп түнөргөн, анын өлгөнүн уккан ка
кыргыз болбосун, өзүнүн эң жакынын жоготкондой кайгырга
Манасчы уулунун улуу өнөр кереметине зорго-зорго чыдага
Тыныбек өлгөндөгү муңга Жер жердигинен араң түткөн. Та
ушундайча кеп салар эле уламалар. Кантсе да Тыныбектин орд
толбогону ырас. Легенда деген легенда. Аны да багыштап айт
учу кишиге айтат. Тыныбектин» «Манас» айтып калууна кара
айтылган аңыз кептердин биреөндө мындайча делет экен. Тыны
бек быштты ат минип Көлгө жумуштап баратып, кезектеги би
жерге түнөп калган. Атын тушап, уйкуга кызуу киргенде, түшүн
ак сакалдуу карыя кирет. «Жүр балам, мени ээрчи» – дей
карыя. Жаман быштысын минип, ээрчип алат Тыныбек. Көлд
көздөй салат карыя. Караса Тыныбек эзели көрбөгөн чоң А
Өргөө Көл ортосунда тигилүү экен дейт. Карыя чөкпөй-этпе
көл үстү менен жөнөп берген. Жаман быштысы менен чөгү
өлөмүнбү деп Тыныбек токтой калды эле, карыя «бастыра бер
дегендей ишарат кылат. Тыныбек да чөкпөй-этпей артынан жөнөй
Өргөөгө жете бергенде эңгезердей эки жигит аларды тосуп, атта
рын алат. Кулдук урган, айбалтасы жанында, найзалары колун
да, калкандары эле боз үй түндүгүнөн чоң дагы бир лакыйга
эки жигит аларды үйгө киргизет. «А-аа, Бакай абам келди!»
деп баары дүрбөп тура калып, төр бошотот. Биягынан тиягын
көз кайкыган өтө кенен Ак Өргөө ичинен Тыныбекке капшытта
орун берип, колуна бир табак бышкан таруу карматат. Ак Өргөөнү
бир капшытында Аккула байлануу. Тыныбек алардын жанынд
өзүн эч жат сезбейт. Бакай аба өз оозу менен Манас баатырда
тарта Кошой, Алмамбет, Чубак, Сыргак менен, жоо бөрүсү кыр
чоро менен, тиги капшыттагы байлануу турган Аккулага чейи
тааныштырып чыгат. «Эми өңгө манасчыга биз жиберген адамы
быз аян берип, биз тууралуу айттырчу. Мен өзүм тапшырды
сага. Алдагы тарууну ныпым жейсиң, ошондо биз жөнүндө айт
каныңда калет болбой сөзүң таруудай чубуруп тураар. Көз ал
дыңда айныксыз биз болоорбуз. Калганы өзүнөн-өзү эп келер»
дейт. Тигилер жоо камына карай акыл-масилет курганча, Тыны
бек тарууну жеп түгөтөт, кеп-кеңешти да куру кетирбей уга
Ошону эле күтүп тургандай алар акыл масилетти аяктап, бат
тилешет. Тыныбекке кошо бата беришет. Тыныбек өзү да ко
жайып, жүз сүртөт. Ойгонсо көл ортосу эмес, жээкте эле ордунд
жаткан экен. Ошондон манасчы Тыныбектин жылдызы көкөлөг
балбылдап жанат. Манасчынын узак-узак ак сапары башталат.

«Баатырдын атын укканда,
Баардык эл сүйүп чакырган.
Тарыхы сөзүн угууга

Далайлар киши чаптырган.
Таштабай айтым сөзүңдү
Өзүмө өзүң тапшырган – деген

Тыныбектин өлүм алдындагы ыры жогорудагы аңыз кепке елишип тургандай. Чындыкты бетке кармаган күбө-далилдей. Калк үймөнчүгү,калк эркеси Тыныбек «Манаста» алда кайда алып чкан фантазиялык сүрөттөөлөр менен окуяларды канчама-канча өркөмдөбөсүн, анын негизине чындыкты алгандыгы күмөнсүз.

Атак-даңкы артык, бизге кастарланып, айтылып, ысмы жетен манасчылар тобунун ичинде Тыныбек бараандуу. Ал жазып алтырган, аны көрүп, анын «Манас» айткандагы адамды таңандырган окуялары, ымдоо-жымдоолору, артистик зор илелери үнү бүгүн ашкере кызыктырат. Тыныбек «Манасты» ашкере енен айта алган. Ал кырк чоронун кыркына өзүнчө узак таттуу пизоддор ыроологон. Ар кимисин көпкө баян кылып ырдаган. р киминин өзгөчөлүгү өзүнчө. Кырк жерден келген өңчөй көй аатырлар. Баардыгы Манас көкжалдын бактысына жаралган. ул мындайча. Ал эми ошолордун ар бири өз-өз элинин каны, урт башкарган баатыры, акылгөйү болгондугу тууралуу Тыныектин кенен чоюп айткан баяндарын укканда, алардын жөнү ашка экендиги баамга дароо урунат. Ар бири «алдыга түшсө ак олтой, арта жүрсө сан колдой». Бул алардын көкөлөтө ырдалан келбети. «Кырк чоронун кырк жомогу бар, айта берсе үгөнгүс» – деп айтчу экен. Тыныбектин шакирти Сарырчы ;екбоо). – Тыныбек күндөп-түндөп айтып түгөтө албаган кырк оро-кырк жоро ошол эмеспи. Ар бири адамдын алы жете алгыс Ιанастан кийинки жоо бөрүсү».

Кырк чоронун ичинде да ирдүүлөрү өзүнчө. Булар: Алмабет, убак, Сыргак. Бакай кээде кырк чорого кошулуп айтылат, ээде (көбүнесе) кырдаалга карай бөлүнүп айтылат. Кан Манасын өтө жакын акылдашы, сырдашы, муңдашы ушулар. Алардын расынан көк сеңирдей бөлүнүп турганы Алмамбет. «Азиз каның Алмамбет – ичи муңга толгон бек» деп сүрөттөп жатпайбы арырчы (Бекбоо) Тыныбек шакирти. Тыныбектин айтуундагы лмабет келбетине кайрылып көрөлү да:

Оң жагында залкайган,
Сарала минип заңкайган.
Ай кулагы калкандай,
Алагар көзү чолпондой.
Эки ийнинин арасы,
Эки азамат конгондой.
Кара мурут, нур жүздүү,
Качырып чыкса душманды,
Кан жуткуруп сойгондой.

Азиз кандын Алмамбет
Аныктап байкап таанып ал.
Айтсаң оозуң толгондой,
Арбагы тирүү Алакең,
Ар качан жардам болгондой.[1]

Алмамбет жайынан Тыныбек өтө көп айткан. «Алмамб арманын» башкача өзүнчө баян кылган жайы бар. Жогорудаı ыр саптарда Алмамбет Манас жанында турган эле бир алп, бı жоокер, алдуу-күчтүү эр катары анчейин гана үстүртөн сүрөттөлд Чынында Алмамбет жөнү таптакыр башка. Сөздү Алмамбетті өзүнө айттырсак, ал түптүү журттун (кыргыз-алаштын) башчыс Манастан сөөм да кем эмес. Чалгын жолун талашып, артына кууп барган Чубак менен кекээрлешип айтыша кеткенде, кыра Алмаң тике сүйлөйт

«Кара чоктуу каңгайдын,
Калдайынын уулу элем.
Каргаша Чубак, мен качан,
Атаңдан калган кул элем?!
Кызыл чоктуу кытайдын,
Кыраанынын уулу элем.
Кызыталак Чубак, мен качан,
Бабаңдан калган кул элем?!
Эч болбосо сенден мен,
Кырк эсе артык уул элем.
... Атам Азизкан калып,
Кандык дөөлөт даңк калып.
Астымда алтын так калып,
Башымда таажы бак калып.
Атпай түрктүн балдарын,
Ага кылдым аттанып...»[2]

Карап көрүңүздөр! Алмамбет тентип келген тексиз, белгисі бир жан эмес экен. Ал теги боюнча Акбалта кандын балас Чубактан кырк эсе артык. Ал эми чындап келсе, кан Жакыпть баласы кан Манастан кайдан кем туруп жатат? Алтын айдар, чо белбоо Азиз кандын жалгызы Алмамбет шерге Тыныбек көп-ке баяндарды ыроологон. Насили зоболосу жогору болгон кыта башкаруучусунун инсандын эркиндиги үчүн (бул жөнүндө өзүнч сөз салабыз) эл жеринен безип кеткен канзаада уулу Алмамбетті ал бардык кыргыз көй баатырынын ичиндеги Манастан кийинк өтө жогору турган орунга коюп, жаалы катуу, аябаган шер келб тине тең берип, ырга кошкон Тыныбек. Алмамбеттин симпатияс

---

[1] Актан Тыныбек уулу. Актан. Б.: «Адабият», 1991. 244-б.
[2] Тыныбек Жапый уулу. Алмамбет арманы. Кол жазма, 34-б.

Тыныбек үчүн өтө башкача. Эпосто Манастын карачечекей инилеринин бири болуп саналган. Чубак эл-жери үчүн салгылашып жүрүп. Чоң Казатта окко учса да, Чоң казаттан жеңиштүү, бирок жаралуу, армандуу кайткан Эр Манас Талас жергесине аяк таштаганда эң биринчи өз иниси Чубактын жесирине көңүл айтуу үчүн түшпөстөн, Алмамбет жесири Аруукеге өксөп айтып жатпайбы. Бул Алмамбет жөнүнөн жукалап айтылган кеп-сөз.

Акбалта дөөнүн (кандын) кан Чубак өзүнчө бир сере. Бул Манастын ал десе алган, жул десе жулган кол жигити эмес. Ал Манастын эң жакын тууганы болгону менен өзүнчө эл-журттун эгеси. Эрдиги, акылы Алмамбеттен кем эмес. Манасты Манас кылган көйкашка. Өзүнчө кан. Сөз берметтеринин көбүн Тыныбек эпик так ушул Чубакка багыштап, аябай берилип ырга кошкон. Чубактын санаты бүтпөйт. Чууга жакын эр көкүрөктүгү, ыкчамдыгы, көп учурда акылга салбай күүлөнүп кетмейи болбосо, кылымды бузаар баатыр Чубак. Бир кезде кыргыз акындарынын ичиндеги чоң төкмө Ысмайл Борончиев «Кыргызстан» деген ырында айткандай, Чубак кытай-калмактын «чоюн кулак алптарын, чогултуп алып сабашкан». Чубак жайынан кийин да кеп сөз айтарбыз. Чубак жөн-жайынан эпосто көп кеп улаган Тыныбек баянынын чет-чексине назар салып көрөлү:

Баатырдын сол жак жагында (Манастын)
Көгала аты алдында,
Жарык маңдай, жайык төш,
Жалын жүрөк, кыргый көз.
Кырдач мурун, жаагы узун,
Сейрек сакал, кара сур.
Кыраан Чубак мына ушул,
Аттанып чыкса акжолтой,
Атышкан жоого сан колдой.
Сапарга чыкса акжолтой,
Сайышкан жоого сан колдой.
Айкөл Манас баатырдын,
Адамдан жакын ынагы.
Анык байкап таанып ал,
Акбалтанын Чубагы.[1]

Манастын чоролору ичинде Алмамбеттен кем эмес, артык десе артык караган, ал турсун, мунсап кылган баатыры ушул Чубак. Ал Манастын «адамдан жакын ынагы». Алмамбет, Сыргак чалгын чалганы жөнөп кетип калган кабарды алар алда кайда узап кеткенде эшиткен Чубак учуп-күйгөн чукул мүнөзү менен жер жайнаган нойгут колун чубалтып алып жөнөгөнүн уккан Манас баатыр оозунан сөзү түшүп, өң-алеттен кетип, эмне кылаар айла-

---

[1] Актан Тыныбек уулу. Актан. Б.: «Адабият», 1991, 244-б

сын таппай туруп калат. Ошондо, жөн кишиге антпей калсын Манас көкжалдын акылына келе албай алдастаган кебин ук.

Чубактай жолдош табылбайт
Ону ишке таарынбай.
Чубактан жаңжал чыкканда,
Ачылган абийир жабылбайт.

Чубактын тек-жайы чубалган дастан экен. Атайын баян менен Чубак даңазасын өзүнчө сөз кылып, Тыныбек көй баатырдын тарыхына көп кайрылып, Манастан кийинки орунду ээлеген кан Чубак баянына угармандарды кезегинде алда нече карк кылган экен. Эми Тыныбектин «Алмамбет арманынан» Чубак жөнүнүн чет-чеберин Чубактын өзүнө айттырып көрөлү:

Жалгыз кытай сен болсоң,
Жармашканың мен болсом
Атыңды өзүң чакырбай,
Аянбаган эр болсоң,
Чубакты кудай урганы,
Алмамбет, сенден кем болсом...

Мында Чубак Алмамбеттен кем эместигин айтып, эрдик жагынан да, сөз жагынан да, тек жайнан да мыкты экендигин билгизип, сөздүн четин чыгарып турат. Алмамбеттен кем болбогон соң Манастан кем эмес.

«Атпай алаш көп кыргыз,
Өз колумда жем болуп» – деп кетип олтурат.

Чубак да кыргыз-алашты Манас менен кошо башкарышкан, бийлеген, тектүү десе тектүү (Акбалта кандын көрөр көз уулу, өзү да кан), жоо бөрүсү шер Чубак.

Тыныбек баяндарында бардыгынан Бакайга багышталгандай ыйык орун жоктур. Адамдын көрктүүсү, акылдын уюткусу, сөз чебери Бакай аба Улуу эпостун Тыныбек айткан вариантында (ал вариант биздин күнгө толук жетпесе да, айрым эпизоддордо эле) улуу Бакай образы толукталгандан толукталып отурган. Даана көз жетпеген көк сеңирдей бараандуу, сөз ширеси келишкен кайталанбас келбет Бакай кандыкы. Тыныбек өзү кан Бакайдын ошол келбетин келтирген жери:

Алакеңдин жанында,
Көкчолок сындуу ат минген.
Көк күбө сындуу тон кийген,
Ак сакалы чүчтөдөй,
Устуканы мистедей.

Күлүмсүрөп сүйлөгөн,
Күлдү журтту бийлеген.
Чырымталын жойбогон,
Чырайы кетип оңбогон.
Маңдайында тырыш жок,
Ак жүзүндө бырыш жок.
Сүлөөсүндй керилген,
Сүйлөсө адам эриген.
Караңгыда жол тапкан,
Капыяда сөз тапкан.
Карыя Бакай аксакал,
Как ошону таанып ал.

Чыгармадагы өмүрү да узак, биологиялык жаш жагынан да өп жашаган, көрбөгөнү калбаган акылга тунган Эр Бакайды ыныбек да башкача кадырлаган. Сөздүн ирдүүсү, кептин мазыздуусу Бакайга арналган. Өзгөчө тууган Эр Бакай ошого атыктуу. «Алмамбет арманында» Тыныбек Бакай абасына үйлөткөн жерине назар бурчу окурман:

Мен, өлбөсөм балдарым,
Ынтымак болуп тургула.
Жайланып угуп баш кошуп,
Жакшылап кеңеш кургула.
Таарынычың таратып,
Жакшылап оокат кылгыла.[1]

Кандан-бектен кайра тартпаган өрттөй жанган Чубак баарды ушинтип айтып муштурган эмеспи Бакай акылкөй. Тыныек анын адам таппас акылына эң сонун сөз боекторун абдан ылдат сүртүп, келиштирген келбети оңойго турбас. Бул Тыныектин өзгөчө сүрөткерлик элеси. Кызарган чок эмес, кызыл өрт олуп дайыма күйүп турган бир көк жал бар. Жаш десе, өтө аш. Айтса сөзү, атса мылтыгы, көрсөтсө кылыгы жарашкан ндай жаш баатырдын жоокердик кылык-жоругуна кылым тойду. Ианасчы Тыныбек андан сөздүн атасын аяган эмес. Андай жашы кимдер сүрбөгөн, ал эми жаш чыбыктай солкулдаган Эр ыргак, Чынар Сыргак эптүүлүгү адамды айраң кылат. Тегиайы келишкен жаш жолборс – дайыма душмандын жүрөгүнө тылган ок. Ышкырып учкан, мээлегенинен айныбас жебе. Анын тын уккан душмандын заманасы куурулуп, акылынан адашкан, үүшүнү качып, шексиз өлөрүн санаган. Сансыз самсыган жоо телги тийген таандай кыргын тапкан. Түбөлүк өлбөс Сыргак ыныбек айтуунда:

---
[1] Тыныбек Жапый уулу. Алмамбет арманы. Кол жазма, 11-б

Эр Чубактын жанында,
Көктелки минип камынган,
Ак шумкардай чамынган.
Калың кошуун душмандан,
Жалтанбаган жалындан.
Кабылан баатыр Манастын,
Бактысына табылган.
Ойроттон келип Эр Сыргак,
Он жашында кабылган.
Бу дүйнөдө жолдошу,
Акыретте колдошу.
Алмамбет, Чубак катарлуу,
Айтылуу Сыргак жолборсу.
Атка жеңил, тайга чак.
Акылман баатыр эр Сыргак.
Аты, тонун белгилеп,
Айтып жүргүн аныктап.[1]

Сыргак баатыр дайнынын кылайган чекеси бул. 10 жаша балапан баланын атагы дүйнөнү дүңгүрөткөн Манас окшогон ба[illegible] тырга кол башчы болуп, жоого айбыкпай тийип, кыргын салганы коелу, мындай жашта койду түзүктөп кайтара алары арсар күмө иш. Тыныбек Сыргагы деги ким? Ошон үчүн Сыргак, ошон үчү Тыныбек кырк чорону Тыныбек мындайча сүрөттөйт:

Экинчи сапта кырк киши,
Эрендердин баары ошол.
Кырк чоро болуп атанып,
Кылымды бузган шер ошол.
Арбактуу баатыр атамдын,
Атышкан жоого бели ошол.

Ушул кырк чоронун ар биринин тарыхын өз өзүнчө жомокт[illegible] туп, сөз шекерин төккөн Тыныбек деген сөз алпы Манасты өлбө кылып жараткандардын бири. Кырк каркыбарга кырк жомок-бая арнаган. Ачылган барактардын чет бучкактарындай болуп бүгү ошолор жөнүндө Тыныбек айткан аңыз кептер аңырты ара жетип олтурганын көр, бири кем дүйнө. Тыныбек окуялард[illegible] бурмалабай нак айткан. Айталы, айтылуу Чынгызхан окуялар[illegible] аны толкундаткан, антсе да Чынгызхан окуялары менен Мана[illegible] окуялары эч аралашкан эмес. Мурда кийин эч манасчы айты[illegible] угуп көрбөгөн «Каныкейдин Манаска аш бериши» «Манас» эп[illegible] сунун өнө боюна залал келтирбейт, тескерисинче эпос Тыныбе айткан ошол окуялардан улам толук да, көркөм да, мазмундуу д[illegible]

[1] Актан Тыныбек уулу. Актан. Б.: «Адабият», 1991, 244-б

оло түшөт. Эрке катын Каныкейдин образы тереңдегенден тереңеп, анын адамды айраң калтырган жанда жок акылы, кыйын ыстоодо акылынан адашпагандыгы. Эр Манастын даңкына даңк ошкон уюштуруу иштери, капилетте жол тапкан акылман Бакайын өзүн муюштурган сергек сезимталдыгы көңүлүңө кыттай уюйт. Каныкей энеңе урматтооң артат. Манастын жалгызы Семетейдин аристе, күнөөсүз башына каран түн жакындап келе жатканын каземдебей так билет Каныкей:

«Абыке менен Көбөштүн,
Акылдашы Шыгай хан.
Арамдарды азгырып,
Мени, Шыгай айдайт бул жайдан
Жай билбеген жамандар,
Жалгызынды соет го.
Каныкейди какшатып
Жалгыз таштап коет го» –

еп саруулайт, акылкөй Каныкей. Айтканы жаза кетпей, акыр аягы укарды көздөй тентибедиби. Манас өлгөндө тул калган 4 (төрт) атындын эң акылы жетиги Каныкей. Манастын тул калган катынары: Каныкей, Кыз Сайкал, Кожонун кызы Билерик, Шооруктун ызы Накылай. Мындан Кыз Сайкал Манастын акыреттеги жары, Шооруктун кызыНакылай Манас өлгөндө жарым жыл чыдабай, Көбөшкө тийип алат.

«Шооруктун кызы Накылай,
Эркек жандуу капырай.
Жарым жыл чыдап тура албай,
Жалпы журттан уялбай,
Көбөштүн көөнүн кыялбай,
Көбүнчө напси тыялбай...» –

еп күйүп-бышып сыпаттайт Тыныбек. Манастын Билерик аялы Манастан соң күйүттөн өлүп кетип, Манас менен бир учурда өмүлөт.Мындан санатты чыгарган жалгыз Каныкей болду. Манаска каухар менен коөздолгон, жаркыраган Ак Сарай Күмбөз алдырды, Манаска аш бердирди. Кыргыз ургаачыларынан ким ылыптыр мындай санатты? Бараккелде! Каныкей-Эне! Манас ашына орогон чыгым, агар алтын, ак күмүш, не бир адам уулу кие элек ийиттер, эми айтпа! Манас ашына чейин, Манас ашынан соң ындайды атпай Түрктүн эч адамы жасата албаптыр. Муну... бул шти акылдуу туулган Каныкей энебиз жасатыптыр.

Тыныбек «Манасты» ийине жеткире ушунча кенен айткан ейсиз, эпостун үч бөлүмүнөнөн кемип айтылган окуя, каармандар сыпаты кылайып калтырылбаган. Кырк чоронун, дегеле

«Манастагы» ар бир кейипкердин тукум-жураатын, өмүрдөн-өму улаган муун-урпактарын терип-тепчип берилип олтуруп, эри балкып олтуруп уккандарды баянга карк кылган.

«Алмамбеттин арманы», «Каныкейдин арманы» окуялары нын кебине кеп, көркүнө көрк кошуп келиштирген. Оозун ачы эле койсо, адамды өзүнө оп тарткан окуялардын, киши акыл жетпес, бирок да укмушуна адамды куп гана ынандырган с пайгамбарынын күчү, «Манас» айтканда бийик оболгон демде мүчүбөй, бөксөрбөй жүрүп олтурушу Тыныбек акында, акынд эмес ыйыкта. Сыдыргыга салгандай шыр кеткен, көркөм маңы дуу ыр саптары Тыныбекте. Ал ырдан асман тиреген алтын то кураган, адам таппас сөз берметтери менен кештелеген. Мана баатырга «Манас» ырлары менен адамдын колунан келбес Ты ныбектин гана акылынан жаралган өлбөс-өчпөс залкар эстели тургузушкан. Өткөн 19 кылымдын экинчи жарымында кыргы элинде манасчылык атак-даңкы таш жарган Тыныбек Жагы уулу. Анын өнөр кудурети өтө зор болду. Ал «Манас» жомогун да кыргыз эли, анын аманчылыгы үчүн өмүрүн сайган, эрди вазипасы атадан балага өтүп турган үч баатыр муун: Манас Семетей, Сейтек жайынан айлап-жылдап айтып түгөтө албады Тыныбек «Манас» батырдын баянын эле бир жолуда эл жайлоо го көчкөндө баштап, эл кыштоого киргенде ада кылып, анда д кыскарта чаап айтыптыр. Ошондо Манас шердин окуясынан эл Тыныбек бери болгондо 6 ай айткан. Ал эми Семетей баяны Манас баянынан да артык кылып көркөмдөп, андан да узак ырдаган. «Мен, Семетей баатырдан эле айтайынчы» – деп сура нып турчу экен Тыныбек, эл анысына болчубу, Манастын эл жерди коргогон көйкашка эрдик баянын кайра-кайра сурап ту руп алып, элге Тыныбек айласыздан «Манастын» окуяларына күндөп-түндөп саймедиреп айтып берип турган. Тыныбек «Мана сты» өңгө манасчыларга окшоп күндөп-түндөп, айлап эмес, ай лап-жылдап аткарган. Тыныбек «Манас» айтканда, ага күндөр эмес айлар түтө бере албады. Биринин өлбөс-өчпөс эрдиги улам кийинкиси улаган үч муун – Манас, Семетей, Сейтек жөнүнө саймедиреп айткан Тыныбек жомокчу өзүнүн манасчылык жол жосунун да артынан бирөөлөр улап кетишин эңсөөчү.

Учу-кыйры көрүнбөгөн «Манасты» Тыныбек өзүнө чейин да андан кийин да эч ким айта албагандай кылып өтө кенен аткары калууга башка жагдай-шарттар өбөлгө болду. Жалгыз бир курдай түш көрүү менен Тыныбек «Манас» боюнча өрөзгөлөп кете кой мок эмес. Тыныбектин бактына ошол кезде олоң жетпес манасчы лардын баарынын көзү тирүү эле, алар: Балык, Келдибек, Акыл бек, Чоңбаш (Нармантай). Ошолордун бардыгынын улуу жомокт кандай жаңшаганын укту Тыныбек. Бир жагынан үчилтик улуу жомоктун окуяларын үйрөнсө, бир жагынан аларды жөн салды тыңдабай, сынынан өткөрүп тыңдап жүрдү. Тыныбектин ошондо

ле тындыгын көр. Актан Тыныбековдун «Тыныбектин тарыхы» деген кабарынан үзүндү келтирем: «Андан кийин көл башында Акылбек, Келдибек деген жомокчулар бар деп, көл башына барып буларды көрүп, бир айча жүрүп, бул ырчылады «Чоңбашчалык ырчы эмес экен «деген сын берип келди». Тыныбектен мурда чыккан даңазалуу манасчылар: Акылбек, Келдибек купулуна толбой, жалгыз Чоңбашты (Нармантай) жактырса, демек Тыныбек үйрөнчүк манасчы кезинен өтө зирек, акындык акылы курч чыккан. Ушундан эле болочок залкар манасчынын дарамети байкалып турат. Кийин такшалганда Тыныбек «Манас» үчилтигинин кез келген жеринен кенен, маңыздуу айта алган. Баардык эле манасчылар даярданбай этпей эле «Манасты» кез келген жеринен шыр, көркөм, кереметтүү кылып айтып кете албайт. Тыныбек үйрөнчүк кезинен жомокчуларга сынчы чыкса, Тыныбектин өзүн сынга койгон акылкөй кеменгер адамдар болгон.

ЭЛ ООЗУНАН: Айтылуу Өзбек бай Тыныбекти кош аттап аземдеп Чүйгө чакыртып кеткен. «Манас» айттырганы жатканын Тыныбек билген, бирок жомоктун кайсы жеринен айттыраарын билбей барган. Өзбек байдыкына түшкөндө, ал чай-тамагын берип олтуруп, капыстан: «Тыным, (Тыныбекти жамы кыргыз журтчулугу ошентип эркелетип айтып гана кайрылган), «Манастан» Манастын колун Чоң Казат аттантчы. Эгер, Тыным, «Манасты» туура айта алсаң сени кудайдан мурда байытам» – деп салган. Тыныбек жомоктун дал ошол жеринен айтууну Өзбек бай сурарын мурда билбеген, бирок, айтып кирген. Ал Манастын колунун Чет Бээжин көздөп аттанышын 10 күнү-түнү менен айткан, Үч ай бою Манас колу Чоң Казатка аттанып бүтпөй койгондо, Өзбек бай Тыныбектен кыскартып айтуусун суранып, ал кара жорго сөзгө салып баянын аяктаган. Тыныбек Таластан тарта жер-сууну булагынан бери бирин калтырбай сүрөттөгөндө, «ошол жерлерди көрдүң беле, Тыным» – деп Өзбек бай сурап калыптыр. «Мен кайдан жүрүп көрөм, мен эмес атам көрбөптүр» – деп жооп кайтарыптыр Тыныбек. Ошол жерлерди коен жатагына чейин билген Өзбек бай Тыныбектин анысына бир жагынан таңданып, бир жагынан ыраазы болуп, ал эми Манастын Чоң Казат аттанган колу 40 миң түмөн эмес, андан опсуз көп болуп кеткенине андан бетер кубанып: «Ээ-ээй, Тыным ырахмат, өңгө манасчылар Чоң Казатка Манасты араң эле 40 миң түмөн кол менен же андан анча-мынча ашырып эле жиберип коюучу, кыжылдаган кытайга ошол кол бүркүмгө келчүбү. Курсагым чыкпай жүрчү эле, эми мына кытайга чак келер аскерди сен аттанттың. Даана кыдыр даарыган уул экенсиң, сен аттанттың, аттанттың баатырды казатка. Эч манасчыдан мындай уккан эмесмин бул окуяны» – деп Өзбек бай ашкере ыраазы болуп, 9 чаар байталды айгырын да кызыл чаар кылып, үйүрү менен Тыныбектин астына салып, жигит-жалаңын кошуп берип айдаттырган. Тыныбек ого бетер опсуз жылкылуу, малдуу бай болгон. Тыныбек «Манаска» мүлдө жаркын өмүрүн

сайган, кээ бир манасчылар «Манас» айтуудан башка да кадыре экинчи (акындык) кесипти ала жүргөн, айталы, Найманбай, Сагы бай ж. б. аш-тойлордо жар чакыргандан баштап, ар түрдүү оюн-зо уюштурулган жерде ырчылык кылышкан. Ал эми жалаң ошол «М наска» бүт талантын, акындык өнөр кудуретин арнагандыктан, Т ныбек «Манасы» өңгө манасчылардыкынан узак да, көркөм д ширин да, маңыздуу да эшитилген. Кудайым Тыныбекке жалгы «Манастан» бак айткан. «Манастын» аркасы менен Тыныбек оок дөөлөткө карк болгон. Өңгөнү коюп анын өрүшкө батпаган ке жылкысы эмне? Жомокчулугу эл башкарган мыктылардын алдынд гы Тыныбектин абройун аябай арттырып, ал бий кызматын көтөрүлгөн. Ошол бий кызматын аткарып жүргөн кездери,Тыныбе «Манас» айтуудан көп алагды болгон. Бий кызматында Тыныбе караламан калк тагдырын чечүүгө баш оту менен кирип кетке Муңдуунун муңун жандырган, ыйлаган жарды-жалчынын жардыгы жарган, ал гана эмес адам тагдырын кара кылды как жарган кал стык менен чечкендиги бир жолу Тыныбектин өз башына кээ болу кала жаздаган. Саяк Садырдын капшабы менен өмүрү коркунучк капталып, тагдыры чечилип бүткөн Тыныбекти атактуу иниси Көкөтө чечен кийлигишип куткарып, анын ордуна келтекти Көкөтөй же кара күчүнүн молдугунан араң качып чыккан. Бий Тыныбек б акындык дараметин «Манас» жомогуна арнай албай калганын, а убакыт болбогондугунан ал тарабынан «Манас» эпопеясына кы тыксыз кийрилген «Каныкейдин Манаска аш бериши» эпизоду Т ныбектик обологон деңгээлге жете албай мүчүгөн.

ЭЛ ООЗУНАН: Тыныбек байдын көп жылкы бул эле Эчк Башыдан аркы Сасык Сары-Булакка кыштап калды эле дейт Кыштын бир күнү кечинде жылкычысынын бирөө энтеңдеп, с ламын айтып шашып кирет – Аба, жылкы катуу жутап, улу кардан бура баса албай калды. Аралаган ылаң да бар.

— Ай туякка чаларыңар барбы, балам?

— Бар, аба.

— Ошол жылкыңды камда, отун-сууңду даярда, адамдар бал бакырасы менен олтургандай боз үй тиктир. Эртең кечке жуу мен ошол жерде боломун – дейт Тыныбек ата.

Тыныбек ошондон барып ай туякка баягы бээсин чалдыры отту улуу жактырып, мен жылкычы дегенди бала-чакасы мене кенен боз үйгө олтургузуп, шам намазын шашпай окуп, ана «Манас» айтканга кириптир, дегеле көпкө айтып барып токт туп, этти элге жедирип, өзү жеп, «эми тышты карагыла» дес жомоко азгырылган жылкычы айлынын кишилеринин бир д бирөө мыдыр этпеген экен, тышка чыгып караса түнү мене кагын жүрүп, беттер капкара болуп ачылып калыптыр. Эли м нен кош айтышып, намыян жүрүп кетти Тыныбек. Жылкы ылаң кайтып, мал түгү тирилди тезинен, Тынбек атанын «Манастын мындай касиеттерин көрсөткөн окуялары айта берсе өтө көп.

## ТЫНЫБЕК ЖАПЫЙ УУЛУ АЙТКАН «МАНАСТЫН» АЙРЫМ ЭПИЗОДДОРУНУН ООЗЕКИ АДАБИЯТТЫН, ⟨ӨРКӨМ ӨНӨР ДҮЙНӨСҮНҮН (ИСКУССТВОНУН)БАШКА ТҮРЛӨРҮНДӨ ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ (АКТАН ТЫНЫБЕК УУЛУНУН ООЗЕКИ КАРА СӨЗ БАЯНДАРЫ, ТАБЫЛДЫ АКТАНДЫН «АЗИЗКАНДЫН АЛМАМБЕТ» Ж. Б.

Улуу манасчы Тыныбек чоң жомоктун бардык эпизоддорун елегейи тегиз кылып айткандыгы жөнүнөн мурдата айтып өттүк. Манас» эпопеясынын кылды башы кытай-калмак кыргыздарды алкалап, атасынан айрылган Жакып баш болгон сегиз бир ууганды сегиз жакка, алардын ичинен Жакыпты Алтайга айдаып, Жакып баласыз зарлап жүрүп, күндөрдүн бир күнүндө укап жаткан Жакыптын эки аялы Чыйырды менен Бакдөөлөттүн үштөрүнө кыдыр алейхис-салам кирип, үчөөнө үч алма берген олот: «Балалуу болосуңар, муң-зарыңар жанат» – деп айтат. 'шул окуя Тыныбекте, андан уккан Актан Тыныбек уулунун ара сөз баяндарында, Сагымбай Орозбаковдо, Тыныбек небереи Табылды Актановдо («Теңирим, Манас» драмасында) негиинде бирдей. Ал эми алма жегенде абышка-кемпир жашара ургандыгы, же балалуу боло тургандыгы жөнүндө кыргыз элиин оозеки чыгармаларында айтыла келгендиги белгилүү.

Манас төрөлгөндө баланын атын коюу ырасмисинде ага лайык атты таба алышпай, бардыгы делдейе туруп калган. 'шондо кайдан-жайдан кыдыр алейхис-салам пайда болот. Балаа «Манас» деген атты коюп, анын келечегин айтып, бата кылат. 'шул айтыла жүргөн окуя табылды Актановдун драмасында жөн алды гана ат коюу менен аяктайт. Тыныбек шакирти Сагынбай 'робаков ислам динине байланыштырган.

«Баш тамгасы «мим» келсин,
Байгамбардын сүрөтү.
Ортосуна «нун» келсин,
Олуянын сүрөтү,
Аягына «син» келсин.
Арстандардын боруму,
Арты кайда кетти экен,
Ал үчөөнүн оруну,
Окуп билди «Манас»! – деп[1]

(«Мим»), («нун»), «син») м, н, с деген араб ариптеринин йтылышы, ыйык куранда ошол тамгалар пайдаланылат. Исламга алагды болуп жатып, балага ат коюда да исламды эптүүлүк енен пайдаланып, жалаң «Манас» деген атка келүүчү тамгалар-

[1] С. Орозбаков. «Манас» Б.: «Кыргызстан», 1995

га көңүл берип, улуу манасчы бул жерде ыр саптарында ошо
жагынан басым жасаганы көрүнүп турат. Ал эми Табылды Акт
новдо «Теңирим, Манас» драмасында ат коюда ислам динин
байланышкан эч нерсе байкалбайт. Бул дагы Т. Актановдо
динге каршы тарбиянын бир чекеси болсо керек. Драма «Ман
руху» театрында коюлган Манас бир колуна кан чеңгелдеп түшө
Бул болочокто ошол баланын жоосун аябаган баатыр болору
кабар берип, алдын-ала айтылган камылга. Мына ушундай ок
яны Т.Актанов «Азизкандын Алмамбет» драмасында кытайд
Алмамбет төрөлгөн жеринде пайдаланган. Алмамбетке ат коюу
да ага ылайык ат эч кимдин оозуна кире бербей, капыста
бүткөн думана ат коюп, бата жасап, көздөн кайым болот. Ошо
думана кыргыз экен. Т. Актанов келечектеги атак-даңкы та
жарган эки баатырдын (Манас, Алмамбет) тагдырлаш, жолдо
болорунан алгач кабар берет.

Жогоруда Манасы төрөлгөндө ат коюу расмисинде Сагынба
манасчы ислам динине байланыштырганын айттык. Ислам дин
Сагынбайда өтө күчтүү. Бул тууралу С. Мусаев да белгилеге
«Биз билген маалыматтарга караганда Сагынбай мусулман динин
ишенген жана өзү билген эрежелерин так аткарган адам болго
экен. Бул абал анын жомокко дин ишенимиин башкаларга кара
ганда көбүрөөк киргизүүгө аракеттенишине алып келген».[1]

Окумуштуунун бул айткан туура пикири жомоктун «чу» де
ген эле жеринен кезигет экен. Мусулман динин өз кейипкерлери
не, алардын кылык-жоруктары, иш аракет-максаттарына жууру
луштура сүрөттөө Тыныбек залкарда да кенен-кесири кезигет.

Эми Алмамбет жайынан айтып көрөлү. Алмамбеттин тагды
ры өтө татаал. Жоосуна тике качырып тийген, качырганын тып
тыйпыл кыла жайлаган жолборс жүрөк Алмамбет кытай кан
Азизкандын көзгө басар жалгыз уулу. «Манас» эпопеясындагы
көптөгөн көй баатырлардын ичинен төрөлгөндөн өлгөнгө дейр
шордон башы арылбаган, бирок өңчөй баатырлардын барды
эрдиктерин бириктиргенде да, карааны заңкайып, дайыма бийи
турган жалгыз Алмамбет. Алмамбет эненин курсагынан түшкөнд
ага шор жабыша түшөт. Азизкандын Алмамбет энесинин боюн
нурдан бүтөт. Алмамбет баатырдын баяны кара сөздө кыябын
келтире айтчу Актан Тыныбек уулу. Такым аңдыган кытай
калмак билги аярлары ошондо эле Алмамбеттин кытай экендиги
не шек кылышкан. Актан Тыныбек уулунун баянында 60 ая
алып, тукум көрбөй зарлап жүргөн Азизкан Алтынай аттуу зай
ыбынан Алмамбетти көрүп, уулунун болочокто жоодон жалтан
баган эр, согуш амалын баарынан артык билген көсөм болуу
самаган. Алмамбетти көйкапка ажыдаардын окуусуна жиберет
Ал жөнүндө мындай дейт:

---

[1] Мусаев С. Манас. – Ф.: Кыргызстан, 1979, баш сөз

Алты миң бала барганбыз,
Алты эле бала калганбыз.
Жети миң бала барганбыз,
Жети эле бала калганбыз.

Ажыдаар окуусуна барган кезде алгачкы эле сыноодон балардын баары кырылып жексен болгон экен. Чыдамкайдын чыамкайы, өжөрдүн-өжөрү, жүрөктүүнүн жүрөктүүсү гана иргелип алган экен. Алмамбет аскер окуу жайынан күндү жайлаганды, ушман аскерин алдап адаштырууну, аны тып-тыйпыл кылып ырып салууну, жоодон кайра качпаган эрдикти, акылдуулукту, пкычтыкты баарынан (ажыдаар окуусунан окугандардын ичин-) мыкты өздөштүрөт. «Акты ак деп, караны кара деп» – айта ган калыстыкты да кошо өздөштүрөт. Анын кабары кытайлмакты башкарган Эсенкан, Кары кан, Алооке канга дайын олот. Анын үстүнө төрөлгөндө эле мусулман болуп түшкөн лмамбетке кабат-кабат шор болду. Алмамбет өтө күчү зор эр. га күчү жагынан кытайдын баатырлары Коңурбай, Карагул, ыпшайдар эч теңтайлаша албайт. Жоокердик мүнөз да аларда лмамбеттикинен төмөн. Алар да ажыдаар окуусун окуган менен скер өнөрүн Алмамбеттен кем өздөштүрүшкөн. Алар да Алмамбетти кытайдын түпкү каны Эсенканга дембе-дем жаманаттылай еришкен. Кытайлардын эң катуу жазалана тургандарды түшүрө урган Кара Ор, Ак Ор дегендери бар эле. Атасы Азизкан Эсен анга арызга олтурганда, Эсенкан ажыдаар окусунда өтө тың куп жүргөн Алмамбетти 60 кулач Ак Орго салдырып, көзүн азалоого жашыруун буйрук менен киши жиберет. Бардык кыай-калмак эми Алмамбетти көңүлү башка элге ооп жүргөн адам атары билип калышты. Өзүн Ак Орго салуу жөнүндөгү буйруку алып келаткан Эсенкан чабарманынан мурда Алмамбетке энеи Алтынайдын кербендерден жиберген кабары жетип, Алмамбет ир күн мурда качып чыгат. Андан соң атасына барса, Алмамбеттин ниети башкага ооп турганын байкап, ага терс мамиле асайт. Кытай расмиси боюнча жолу кан жара тарткандай болун!» делинип жоого, доого аттануучу баатырлардын урматына ишиден курман чалып, кан чачуу Аллмамбеттин каарын келтиип жүргөн. Алмамбет андай кандуу салтты кан буугандай токоткон. Ошондон кийин кытай-калмак кандары Алмамбетти бийиктен чет кармоо далалатын жасашкан. Ага бийлик бербей ысым жасашкан. «Арам сийдик» атантышкан. Ошону менен лмамбеттин зилине шек келтире беришип, ага кол салып, алдаы жетпей, кырчылдашкан согуш жүрүп, энеси Алтынай менен ачып чыккан Алмамбетти курчоого алышкан. Ар бир кытай оокери колуна бирден кыш кармай келип, заматта кырчылдаып жаткан Алмамбетти энеси менен тегерете курчап, кыштан убал жасап жиберишкен. Бийиги алты кулач дубалдан Алмамбет еси минген аттын чылбырын жабдууга басып, атын секирткен-

де, чылбыр үзүлүп кетип, энеси кытай-калмак колунда калы
ажал табат. Алмамбет энесинин куну үчүн кытай-калмак колу
опсуз кырып жиберип, күндү түн түшүрө жайлап, энесинин сөөгү
алып качып чыгат. Бул-Алмамбеттин кытай жеринен качуу себ
бин келтирген Актан Тыныбек уулунун кара сөздөгү баяны.

Актан уулу Табылдынын «Азизкандын Алмамбет» драмасынд
Азиз кандын көрбөй жүрүп көргөн баласы Алмамбет алты жашк
толгондо ажыдаарда согуш өнөрүн окутуп, күн жайлаганды
атышууда жоодон кутулуу амалын, адамды өрттөп жиберүүч
чоктун жайын, ааламды бузуп кыйратуучу оттун жайын, туйгу
алуучу көк болот тордун жайын, канжар колдун (кылыч бычаг
жок адамды жара муштачу) өнөрүн үйрөнгөн. Ал Аверде деге
сыйкырчынын мектебинен окуйт. Ошол жерден кишини өлтүрү
жиберип, канын кишиге ичирчү экен. Алмамбет ичпей коюп оку
жайынын башчысы Авердеге жаман көрүнөт. Алмамбет мене
ажыдаар окуусунда кошо окушкан Шыпшайдардын Алмамбетк
айткан сөздөрү: «Азизкандын арамы», «Каканчындын канына пе
лиң түз эмес», «Сени арам сийдик дешет го», «уккан кабарг
караганда нурдан боюна келген тура»... Алмамбет аны балба
күрөштө көтөрүп урган., эр сайышта ыргыта сайган. Шыпшайда
ошондо эле көзгө атар мергендикти калгандардан ашык өздөштүргө
экен. Коңурбай да ошол Аверде мектебинде жүргөндөн башта
кекетип-мокотуп, экөө бирин-бири качырышып, Коңурбай ал
жетпей ошондо эле качып жөнөп, Эсенканга арызга олтуруп жүргө
Алмамбет адамдарды өлтүрө берүүнү, адам канын ичүүнү четк
каккан жигит. Өз оюн көгөрүп ишке ашырган бекем бекзаада
Ушулардан улам Аверде окуудан Алмамбетти кубалап чыгат. Оку
удан чыгып барса, «уулуңдун пейли бузук» – деп атасы Азиз ка
энеси Алтынайды кылыч менен мууздаганы жатыптыр. Алмамбе
атасынын колунан кылычты жулуп ыргытып, энесине ошондо
кордуктан эми бирди баштаса, жазалап коерун айтып токтото
Атасы уулу Алмамбеттин кайратына ыраазы болуп: «Коңурба
ааламды бузаар шер чыкты, Кан Жайлак деген жайлоомду тарты
алды, төмөнкү бир кандык элимди ээлеп алды»-деп даттанд
уулуна. Алмамбет Коңурбай калчадан атасынын өчүн алууга түпк
кан Эсенканга чейин барат, жолдо Коңурбай экөө кагышып, Ко
ңурбай жарадар болуп, Эсенканга Алмамбет үстүнөн арызга олту
рат. Алмамбет мурда Коңурбайды ынтымактуу бололу десе, болбо
койгон. Алмамбет да Эсенканга барып, анын адилеттиктен кетке
нин айтса, 40 кандыктын бирин бер десе болбойт. Алмамбет атас
Азиз канга барып, Эсенкан менен Коңурбайга каршы согуш ачууг
3 түмөн кол сурайт. Атасы Алмамбеттин тилин албайт. Ошонд
Алмамбет сүйлөшүп жүргөн Эсенкан кызы Бурулчадан жашыруу
кабар келет: «Алмамбет, сени өлтүрүүгө Эсенкан киши жиберди
атаң Азизканга тапшырды» – деген. Алмамбет, Мажик досу – экө
Нескара, Жолой, Коңурбайдын селдей каптаган опсуз көп кол

енен жан аябай кармашып, согушта энеси Алтынай өлүп, күндү айлап жиберип, энесиинин сөөгүн көтөрүп, сепилдин дарбазасыан чыгып кетет.

Сагынбай Орозбаковдо Кытайдын белгилүү кандарынын бири, үт Кытайдын аскер башчысы Соорондук 54 жашында (Тыныбеке Соорондук Алмамбеттин атасынын атасы) балалуу болуп, балаа ат табылбай жатканда, бир думана пайда боло калып, «Алмамет» деп ат коет. Алмамбет бала күнүнөн боорукер калыс болуп сөт. 14 жашынан атасы Соорондуктун ордуна кан болуп, бүт ытай аскерине башчылыкка көтөрүлөт. Анын калыстыгы, адиеттиги башка кандыктагы элдердин кубанычын арттырат, анын арамагына элдер качып келе баштайт. Кытай кандарынын Аламбетке күнчүлдүгү артат. Алмамбет кытайда колдонулган кээ ир адаттарга каршы. Башка жактан улук келсе анын урматына, лмамбет бүт кытай аскеринин башчысы катары шаарларды кыыргандыгы урматына адамдардан курман чалмак болгондо (ушул ыяктуу ж. б. адамдан курман чалуу ырасмисине) каршы туруп, ындай мыкаачылыкка тыюу кылат. Кытайдын башкы каны Эсенан үчүн бойго жеткен кыз, эркек балдарды өлтүрүп, кары адамарды жашартуу үчүн дары жасачу эле. Алмамбет буга да каршы. үткүл Кытайлык колбашчы Алмамбет түпкү кан Эсенкан турган оң Бээжинге келгенде, анын акылчы аярлары: «түбү Алмамбет изге эл болбойт, өлтүрүп кутулалы» – десе, Алмамбет атасы оорондуктан корккон Эсенкан азыр кое туралы» деп салат.

Алмамбет аң уулап жүргөн кезинде Манастан запкы жеп, ыргыз жеринен ооп келген Алооке кандын кишилеринен Манас айнын угуп алып, Эр Көкчөгө жолугуп, андан мусулман, кааыр айырмасын угуп, мусулман артыкчылыгына ынанып калып, айра келгенде, мусулман болууга ата-энесин айтса, алар макул мес. Атасы Алмамбетти карматып өлтүрмөк болгондо ал уруш алып, качып чыгат. Жолун тосуп, кармамакчы болгон Мурадил, олой, Коңурбай, Будуңчаңды жеңет. Жалгыздык кылып аларды лтүрө албай калат. Көкчө менен болжошкон жерге келип, ага олугуп, анын элине кошулат.

ТЫНЫБЕК ЖАПЫЙ УУЛУнун «Алмамбет арманында» Аламбет – Азиз кандын көзгө басар жалгыз медери. Анын тагдыры үлдө – «Манас» эпосундагы кейипкерлердин ичинде башкаларга ı окшобогон тагдыр. Трагедияга жык толгон тагдыр. Чыгармаагы жашап өткөн өмүрүнүн эки учурунда тең (киндик каны амган кытай-калмак жергесинде жүргөндө, анан кыргыз-алаш ергесинде жүргөнүндө) Алмамбет жалгыздыкта күн кечирген. Анын рагедиясы так ошол жалгыз калгандыгында. Ага тийген тагдыр үнү анын жашоосунун бир жагын көз уялта жаркытып (эгер шинтип элестүү айта турган болсок), экинчи жагынан капкара үнгө айландырып көлөкө түшүргөн. Мына саресеп салып, анын ытай-калмакта жашап жүргөн кезине баам жасап көрөлү. Соци-

алдык жагынан Алмамбет жашоосуна карт келе турган ага балдаш бекзаадалардын эч кимисинин турмушунан андай мис табуу кыйын. Алмамбетти атасы Азиз кан алтынга бөлөп чоі кон. Алмамбеттин тарткан алтын канжасы канчалык.

«Карк алтындан сулаткан,
Зымурут менен жакуттан.
Накуш салып кынаткан,
Бала кезден Алакең,
Канжадан түтүн булаткан.
Кызыккандан «берсин» деп,
Кокондун каны сураткан[1]

же болбосо бийлик даражасын байкайлы:

Оен Алмаң кан эле,
Бээжинди билген жан эле.
Он сегиз менен он тогуз,
Ортосунда бала эле.
Мактанат экен дебеңер,
Кыргагын алтын тордогон
Кырк жылы жатса кыянга,
Кылайып чети оңбогон.
Асыл килем салчу эле,
Ал килемдин үстүнө,
Алтын такты койдуруп.
Олтургузуп алчу эле,
Коломолуу көп кошуун,
Колмо колдоп көтөрүп.
Улуу-кичүү шаардан,
Учкан куштай өткөрүп.
Ушул турган Алмаңа,
Таазим кылып турчу эле.
Талабыма жетчү элем,
Он күндүк жерди бир күндө,
Ойноп-күлүп келчү элем.[2]

Мындан да ашкан сандыргалуу адам болобу? Кыргыз м алаштан, жамы түрктөн, кытай менен калмактан чыккан каі бектер кыйын болсо, жалгыз уулуна аттан атты тандатып, ко куш кондуруп, кыздан-кыз тандатып, аял алып берип, эң аягі алтын такка кондургандыр. Асты Алмамбетке теңелте миі эркелете алган эместир. Ал эми Алмамбеттин улуктук дараж нын олоң жеткис бийиктиги канчалык:

---

[1] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма, 22-б.
[2] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма, 52-б.

Билими артык төрөдөн,
Миң жайсаң бар кашымда.
Өтөгө динсе башымда,
Он сегиз менен он тогуз,
Ортосунда жашымда.
Ордону билген кандардын,
Отузу менин кашымда.[1]

Сандыргалуу Алмамбеттин кытай-калмакта жүргөн кезинде үргөн доорунун ченеми жок. Ал бүткүл кытайлык аскер башы а болгон. Анын бардыгынан артык аскерий билими, эрдиги, илгичтиги, көсөмдүгү, адамгерчилиги, боорукердиги анын өз ашына кээ болгон. Ошончо мыктылыгы менен ал Кытай-калмак ектери менен кандарына кылча жакпаган. Анын ошол мыкты асиеттери кытай-калмак билермандарынын тымызын, көп учур-а ачыктан-ачык күнүчүлдүгүн туудурган, астыртан билдирбеген, региш отун тутанткан. Алмамбеттин энесинин боюна нурдан үткөнү, мусулман жышаанасы менен төрөлгөнү аны көрө алба-гардын чырагына май тамызган. Ошондон уланып кеткен ушак-йың, анын түбүнө жеткен. Алмамбет өз атасы Азизкандан баш-ап Эсенкан, Алооке кан, Коңурбай, Карагул, Шыпшайдарлар-ан ажырап, жалгыз калган. Алтымыш кулач Ак Орго салдырып, азаламак болгондо, Алмамбет кызыл кыргын, кара сүргүн ме-ен акыркы тилектеши энесинен ажырап качып чыккан. Санаа-аштары жок сандалып калганы, мусулман динин издеп жападан-алгыз каңгып жөнөгөнү Алмамбеттин кытай-калмак журтунда аштан кечирген алгачкы чоң трагедиясы.

Алмамбеттин эрдиги, адамды сыйлаган кишиге жылдыздуу амилеси, биреөлөрдүн ичи-койнуна кирип кетер жугумдуулугу л кыргыз-алашка келгенде деле астыртан адегенде тымызын, ара-бара ачыктан-ачык эле өчөгүштүккө алып келген. Ушак-йың менен кан Көкчөдөн ошентип кетүүгө аргасыз болгон. Эми лмамбеттин арзыган адамы Манас. Манас көкжалдын эрдиги, айраты, башкалардан артык касиети, айкөлдүгү бул иштин бир агы. Анын ошол айкөлдүгүн ар уруу башка-башка элдин мык-ылары өтө урматтап жактырган эмеспи. Манас ошонун баары-а өзүнүн киндиктешинен бетер эгилип мамиле жасаган. Ар ашка элден, ар башка уруулардан 40 чоро ошентип куралган. ал ошондуктан, айкөл Манас айтып олтурбайбы:

«Кулаалы таптап, куш кылдым,
Курама жыйдым, журт кылдым.
Тентиген эрди баш кылдым....»

[1] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма, 57-б.

Бир жагынан инсандын эркиндигин, бир жагынан ислам ді нин самап, кытай-калмактан качып келген Алмамбеттин эрдигі не чenem жок. Бирок ал кыргыз-алашка, жалпы түрк баатырл рына тез эле тегиз алынып кете албады. Көрө албастар аны ха Манаска келген күндөрүнөн эле жактыра бербеди. Кыргыз же гесинде да Алмамбеттин аскердик ишти артык билгендиги, өз адамгерчилиги, улууну улуудай, кичүүнү кичүүдөй сыйлай билге сыпайылыгы, аярлыгы Манастын көңүлүнө майдай жакканы, б ритеде үзөңгү жолдош 40 чоронун көрө албастык мамилеси курчуткандан курчуткан. Чоң Казатка аттанардын алдыларынд кыргызга кан болуп, бүткүл кыргыз аскер башы болуп шайлаі ган Алмамбеттин аброю 40 чоронун ичин туздай ачыштырга Алар Алмамбеттен өч алуу амалын арамзалык менен ишке ашы рышкан. Бул ишке 40 чоронун сакалдуусу Кыргылчалдын шилтөө менен Бозуул ордо ойнунда чүкө талашкан кичине чырды күчөтү Алмамбеттен күч-кайраты, баатыргыгы кем эмес, Манастын з жакын бир тууганы, ала көөдөк, чууну жанындай сүйгөн, өртт жанган Чубактын колтугуна суу бүркүп таштады эле:

Чукчуйуп калган кызталак,  
Чүкөгө чууну саласың.  
Кеп-кеңештен калтырган,  
Өзүңдүн агаң Манасың.  
Алмамбет кетти чалгынга,  
Сыргакты алып кашына.  
Чубак мыкты эр болсоң,  
Манас менен тең болсоң.  
Чалгынга неге барбайсың?  
Чатыратып жылкы айдап,  
Орто жерге салбайсың.

Ошондон эле Чубак дароо чыр баштап, бүт нойгут колу ээрчитип, чалгынга кеткен Сыргак, Алмамбет артынан жети аны менен салгылашка жөнөйт. Манас Чубактын баатырды эмгегин баалап, Бакайга Аккуланы жетелетип, Чубак көңүлү алып, анын нойгут колун кайтарып келет. Манас өзү Чубакты чуусунан соң, аны ээрчитип Алмамбет, Сыргак артынан жети чалгынга кошкону келгенин айтканда, Алмамбет дагы күйүп к тет. Канчалык кызмат кылса да Манас ага ишенбегенсип, эм Чубакты алардын чалгын чалуу ишине кошкону келгени Алмам беттин жинине тиет. Алмамбет бул жерде да Манас баш болго санаалаш-тилектеш деген кишилерден чет, жалгыз калганын се түшөт. Көкөйгө тийген жалгыздык Алмамбеттин туурасын түгөт Алмамбеттин өзүнө ошол абалды айттырып көрөлү:

«Кеп-кеңешиң бүтүрүп,  
Келипсиң, төрөм камданып.

Келе, Манас колунду,
Кебиңе жүрбөйм алданып.

Алмамбет Чубакка:

Чалгынды бирге чалыштык,
Чаңдатып жылкы алыштык.
Акбалта дөөнүн баласы,
Качан көңүл калыштык.

Ошо жерде жанында турган Манас, Чубак, Сыргак, Жойбурдыгына эле Алмамбеттин айткан сөзү:

«Элдүүнүн баары – эр экен,
Э деген сөзү эп экен.
Элсиз элким жаратып,
Эгем-таала кудурет
Мени не түрлүү пендем деди экен?!.
Калктуунун баары – эр экен
Калксыз караан-мен экен.
Канаты жок мүрү жок,
Кайрылар ага-ини жок.
Калың журттун бири жок,
Кайгылуу болгон мен экен!
Азаптуу тозок жайынан,
Атам Азиз кан калып.
Кандык сөөлөт, даңк калып.
Астымда алтын так калып,
Башымда таажы бак калып,
Атпай түрктүн балдарын,
Ага кылдым аттанып...

Жалгыздыктын армандуу санаты мындан эч артык боло ал- · Мусулман дининдеги жамы түрктү бел кылып, бет алып се да, бул жерде санаалаш-пикирлеши жок Алмамбет жалгыз. Алмамбет үчүн кыргыз арасындагы пил көтөрө алгыс траге- · Чубак, Сыргак экөөлөп Алмамбет алдына Чубак аты Көкте- и тартуулаганда, эрдик салтын бекем туткан Алмамбет ачуусу ıат. Бирок, жалгыздык арманы ичине кетпедиби? Алмамбетке чоронун тээ жеринен ниети түз эмес. Болбосо, 40 чоро ойнунчүкөдөн кеткен анча-мынча чырды, Чубактын жинине тийип, гын кеткен Алмамбет артынан айдактабай, ошол жерде жөнүнчө ып коср эби бар эмес беле? Анын чалгын жолу үчүн чатак ап олтурган Алмамбет менен Чубакка Манасты ээрчип бар- сөзгө жүйрүк, 40 чоронун бири Жойбур деле арага түшө бай, кылыйып гана карап турбайбы. Дегинкиси 40 чоронун

Алмамбет түгүл Манаска ниети ак эмес. Ордо ойнунда Чубакты көкүткөн чырды алардын эч кимиси пас-пас кылып салбады. Манас Чоң Казаттан жарадар кайтып, Таласка барып каза болуп, Каныкей Манаска аш бергенде, бел болуп беришпейт. Абыке, Көбөш чырынан Каныкейди арачалап калышпайт. Семетей ат жалын тартып минип, эрешен тарткан эр болгондо, бел болуп беришпейт. Кайра «атасына кызмат кылган биз, баласына да кызмат кылабызбы?» – деп, Манастын айыгышкан эзелки жоосу Коңурбай көздөй качып берип, Семетейден ажал табышат. 40 чоронун ушундай кыял-ниеттери Манастын Чоң Казатта жарадар болушуна өбөлгө түзөт. Манасты кыркы тең көздүн карегиндей сакташы керек эмес беле? Өз жанын коюп, Манастын жанын коргогон Алмамбет, Чубак, Сыргак шейит кетпеди беле?

Алмамбеттин арманы — Манастын дагы арманы. 40 чоронун айынан Манастын башына үй-бүлөсүнө түшкөн кара түн кыргыз элинин башына түшкөн кара түн. Алмамбет кытай-калмак жеринен инсандын эркиндиги үчүн кырчылдашып качып чыккан соң, Кытайдагы душмандары анын элин эркинен таптакыр ажыратышкан. Чилдей таратып, мурундарына чүлүк тагышкан. Алмамбеттин абад-жайларын талкалашкан. «Кадырым билер калкым жок!» – деп сыздайт Алмамбет. Анын эли эми мындай абалда:

Акими качкан арам журт,
Беги качкан бейпай журт.
Төрөсү качкан төмөн журт,

же:

Калкыма каран салыптыр,
Катасыз бөлүп алыптыр.
Ажалдуусу өлүптүр,
Ар жорукка көнүптүр.
Ар тарапка бөлүптүр.[1]

Алмамбет тагдыры дал ушундай армандуу. Чоң Казатка аттанып келип, Чет Бээжинди каратып, сурак кылган падыша Манас тагдырынын арты-кийини мындан да армандуу.

Алмамбеттин инсандык эркиндиги эч качан камсыз этилбеди. Антсе да адамдар бири-бирине пенделик, күнүчүлүк мүнөз көрсөткөнү менен элди коргоо, эл үчүн жан аябай кызмат кылуу касисттерин жоготушкан эмес. Мында баягы айкөл Манастын, Бакай, Чубак, Алмамбет, Сыргак баатырлардын кебелбес, бири-бирине өтө чоң сый урмат көргөзө билген мамилелери үлгү болгон. Алардын ошол асыл сапаттары тигилердин терс мүнөз мамилелеринин мизин майтарып, мокотуп, жоюп турган, Алмам-

---

[1] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма, 83-б

бет, Чубак баатырлардын капыстан чыр менен башталып кеткен чалгын окуясынан соң, айтылуу Чоң Казатта бул даана көрүндү. Мында элге аянбай кызмат кылуу, эл-жерди коргоо идеясы баштан аяк окуялардын өзөгүнө кынтыксыз өрүлүп жүрүп олтурат. «Алмамбет арманы» окуясынын шаңы ошондо. Айтып бүткүс касиети да ошондо.

## ЭКИНЧИ ГЛАВА

## ТЫНЫБЕКТЕН «МАНАС» ҮЙРӨНҮП ҮЛГҮ АЛГАНДАР

**(Устат жана шакирт маселеси)**

«Өнөр алды-кызыл тил». Көркөм өнөрдүн кыргыз эли баал ган түрү оозеки эл чыгармачылыгы аны түзгөн, жараткан тала туу адамдар болгону бизге абалтан маалым. Мына ошол өнөрд аздектеген Тыныбек Жапый уулу. Ал кичинекей эле жөө жомо ко, накыл сөзгө эпикалык арым берип, аларды кеңейтип ы менен дастанга айландырып жиберген. Уккан адам бир ооз ыл кап, же аңыз сөздүн узакка созулган ширин баянын тында олтуруп, Тыныбек өнөрүнө айраң калган. Ал эми манасчылы гында чен жок тура.

Улуу комузчу Актан Атанын 100 жылдык маарекесин өткөрүү кеңеш кылмакка 1988-жылы мен Кыргызстан Жазуучулар Союз нун башкармасынын секретарларынын бирөө, жердешим, шакир тим Асан Жакшылыковдун кеңсесине барсам, Насирдин Байтемі ров олтурган экен. Актан жайынан кеп башталганда эле, а киши деп койду: «Актандай болобу?! Эки келбес алтын жаакта дын бири болучу. Ал эми Тыныбек – манасчылардын атас Мен манасчымын деген кыйындардын-кыйыны да Тыныбекти жанында анчейин жомокчуга окшоп калат». Кулагыма кыт ку гандай уюган бул сөз менин жадымдан эч чыкпады. Насирди Байтемиров кыргыз адабиятынын ири өкүлдөрүнүн бири, адаб ят билерманы, тегин киши эмес эле. Улуу Тыныбек манасчыны арымы, баркы-баасы канчалык экенин айтуу үчүн биз жазм булактарга кайрылганыбыз оң. «Манас» айтуу өркүндөп турга мезгилде, ошол өнөрдүн эң көрүнүктүү өкүлү, чоң манасчы ат лып, эл арасында абдан зор кадыр-баркка ээ болгон адамды бири – Тыныбек Жапый уулу. Өз учурунда улуу манасчы катар ал көптөгөн таланттарга таасирин тийгизген»[1].

«Улуу манасчылардын далайынын аты унутулуп, тарыхты терең, калың катмарыларында калды. Айрымдар легенда түрүнд бизге жетти, кээ бирөөлөрү жөнүндө үстүртөн гана дарегиб бар. Бирок адегенде эле ыр төгүлгөн, улуу эпостун уйкаштар чубурган не бир залкар манасчылардын болгону, манасчыларды өзүнчө бир «мектеби» уламалуу салты болгону күнөмсүз иш»[2].

Улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун сөздөрү толугу мене Тыныбек Жапый уулуна да тиешелүү. Тыныбек өз шакирттери, е жердештеринен башкаларын, элге белгилеп айтып, таанышты ры

---

[1] Р. Сарыпбеков, С. Мусаев. Тыныбек Жапый уулу. Китепте: акындар чыгармачылыгынын очерктери. Ф.: 1988, 422-б.

[2] Ч. Айтматов. «Манас» – Кыргыз рухунун туу чокусу. Китепте: «Манас» (С Орозбаковдун варианты боюнча). Ф.: 1988, 1-том, 422-б.

жүрөр эле. Өзү көптөгөн шакирттеридин чебер, үлкөн устаты, усулчусу боло туруп, эч бир менменсинбеген. «Кызматын доомат кылбайт» – деп коет го мындай адамдарды. Анын жупунулугу өзүндө улуулук. Табият берген таланттын арты менен өзүнчө эле бир керемет мектеп түзүлүп, өзү ошол мектептин баа-баркына олоң жетпес нускоочусу болуп калганына анча деле мактанбаган экен. «Сенден үйрөнүп жүргөн кишилер барбы? – деген суроолор болгондо: Менден үйрөнүп сурап алып, жазып алып жүргөндөр бар». Алар ким дегенде Сагынбай, Калыгул, Тоголок Молдо, Касымбай, Байбагыш, Кожомберди, Доңузбай, Жакып ж. б. дагы бар» – деп жооп берген.[1]

Тыныбектин бул санатын өткөргөн шакиртеринин катарына Дуңкана Кочукеевди, Сарырчы (Бекбоо), өз уулу Сооронбай манасчыны кошо кийирсек тизме андан ары узарат. Буга кечеги өткөн Тойтук Семетейчи, Сырымбет Тойчу манасчыны кошуу ашыктык кылбайт.

Кеп ыңгайы келип турганда, Кошой, Бакай, Алмамбет, Чубак, Сыргак, жоо бөрүсү 40 чоро жөнүндө кошо айтпаса көкжал Манас анчалык залкайып, опол тоодой опсуз бийик, артык кереmети бар эр сыпатында өзгөчөлөнүп, баарынан зору, касиеттүүсү болуп көрүнө албагандай, шакирттерин кошо айта өтпөсөк, манасчы Тыныбек да манасчылар мектебинин жанда жок чечен нускоочусу, «Манас» жомогунун касиетин арттырган бакыйган сөзмөр, манасчылардын өнөр баштаагы экендиги билинбей калчудай. Тыныбектен таалим-нуска алуучулардын бири, айылдашы Тойтук манасчы атайын кепке-сөзгө арзыйт. Семетейден кадимкидей айтып жатканын көп мертем эшиттик. Сөзмө-сөз келтире албайбыз. Болбосо, Семетей келбети Тойтук атанын айтымында Тыныбек баянында Күлчоро Семетей баатырды сүрөттөгөн жерлерине көп эле жакындачу. Тыныбек жаңшаган, эл тамшанган Тойтук ата окшоштура айткан Семетей мына:

Арка жакта калың эл,
Алты сан ногой эли ошол.
Алмамбеттин Күлчоро,
Айтып турган мен ошол.
Жанымда турган жайнаган,
Жарагын күндө жайлаган.
Кызыл буурул ат минген,
Кыл-куйругун имерген.
Кошунсуз жоону колоткон,
Коңурбайды сойлоткон.
Эки чоро ээрчиткен,
Энедей багып телчиткен.
Эрегишкен душмандын,

[1] А. Тыныбеков. Тыныбектин тарыхы. Китепте: Кыргыздар. Б.: 529-б

Эсебин колго беришкен.
Агыштын уулу Толтойдун,
Атын мага мингизген.
Чынкожонун караолпок,
Канчорого кийгизген.
Жетим калып жетилген,
Кундактагы кезинде.
Он эки жылы тентиген,
Ногойду кайра чогултуп,
Калыбына келтирген.
Белин бекем бууган бул,
Бээжинден жылкы кууган бул.
Алмамбеттин куну үчүн,
Бээжииндеги беренден,
Бешти өлтүрүп, тынган бул.
Манастан жалкы тууган бул,
Баатырдын кунун кууган бул.
Коңурбайды өлтүрүп,
Колун канга жууган бул.
Канчоронун агасы,
Күлчоронун абасы.
Айтылуу баатыр-Семетей,
Айкөлүңдүн баласы.
Көңүлүңө жат кылып,
Эс токтотуп карачы!
Кайыптан бизге туш болдуң,
Кайталап барып саначы.
Калтырбай жүргүн оозуңдан,
Зайыпбуруш Манасты.
Катарга кирип сен дагы,
Калар жагын карачы
Калкка чыгат атагың.
Кабыландын нукасын,
Калың кыргыз элине,
Калтырууга жарачы[1] –

деп Күлчоро Тыныбекке нуска айтып турат.

Дал ушундайча Тыныбек атага не Күлчоро, көбүнесе Ба
аба көрүнүп, түшүндүрмөлөп айта берээрин Тойтук аба
арасында дайыма кыстара турган. Кечээ Улуу Ата Мекен
Согуш жүрүп жатканда, жашы улгайып калгандар Алапаевск
эмгек батальонуна барганда ошол Тойтуктун «Манасы» эсен
реген бечара айылдаштарынын рухий гүлазыгы, дем берээр
жөлөгү болгон. Кат-сабаты жоюлбагандардын элге кат жазма

[1] Актан Тыныбек уулу. Актан. - Б.: Адабият, 245-246-б.

Калпа молдокем болгон. Калпа молдокемдин атасы Жолчу Тыныбек Манасчынын, анын атасы Жапый баатырдын – коргону жолдун өйүз-бөйүзүндө жанаша Шор-Колоттун турат. Өткөн-кеткен алыстан атынан түшүп, алардын куран окуп, атын жетелеп коргондордон алыстаганда кайра аттанат. Эми ошол абаларыбыз Алапаевскиде жүргөндө, санжырачы Актан Тыныбеков «Эр Табылдыны» кагазга жажүрүп, Табылды жарадар болгондо, жаралуу эрди баш калатып, катар жердин ылайыгын келтире албай койгондо, ошол Эки-Нарындын башын ылайыктап берип, эпостун кагазга көмөк көрсөткөн акын Мусураалы уулу Календер эмеспи:

«Калпа жазат кагазды,
Тойтук айтат «Манасты»...

Тойтуктун жөнү ал. Азыр «Тойтук-Жон» деген жерибиз бар. оңколоп чыккан, берекелүү сугат жери. Ошол жерде кызыл курулуп, дайыма дан жыттанып буркурап, алыстан адамнасписин агыткан бир керемет жер эле. Тойтук абанын Семетейи ошол жерде канчама-канча айтылбады. Ал киЖоролордо, тойлордо атайылап ат чаптырып алдырып «Семетейди» айрыкча көп айттырышчу. Семетей баатырдын Чоң кечип, Айчүрөк сулууга жолукканы, жигит каадасын жери, анан уят жерлерин эл сураса, айбыкпай эле айтып ургаачылар бетин чымчыган болуп, тышка чыгып жаткада көрүп калбадыкпы. Каныкей бешиктеги Семетейдин астыкайненеси Чыйырдыны аркасына көтөрүп, «Букар кайдасың?» деп качып чыккан жери, беритен Бакай аба камдап-чомдоп баарыбызды ыйлатып, атасы аскерге кетип келбей биздин муңубуз көп күнгө буулуктуруп жүрчү. Ал «Манабардык жерлеринен мүдүрүлбөй айтчу. Ошол Тойтуктун небак өтсө да, «Тойтук-Жон» – деген жер аты азыр да туру.

Тыныбек залкардын Тойтук шакиртине, дегеле андан үлгү калган шакирттерине оошкон Манас окуялары, окуялардын сапма-сап ыр саптары (эпикалык формулалары) ошол Тыныбек манасчыдан келерлиги, аны чыгармачылык өнүктүрүп аткарган, жомокчулук касиет жуккан анын окуэпостун бара-бара «канын толтуруп» жүрүп олтургандымындай жагдай бардык эле устат, шакирт манасчыларда боло «Манас» изилдөөчү Эсенаалы Абдылдаевде таамай «Кыргыз элинин эпикалык чыгармаларынын ичинен эпосу өзүнүн монументалдуу көлөмү жана көп вариан менен айрымаланат. Ошондуктан, анын составында типтүү да, традициялык эпикалык формулалар да көп сакталып Манасчылардын нечен муундары мурунтан оозеки айты-

лып келаткан эпостун традициялык негизин сактоо менен өздөрүн чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша аны өнүктүрүп ай уга аракеттенишкен. Убакыт өткөн сайын эпос улам өнүгүп-ө абалында болушу айтуучулардын эпикалык жөндөмдүүлүгүнө б ланыштуу болгон. Элдик эпостун системасындагы типтүү уч лар, туруктуу эпикалык формулалар жана көркөм сүрөттөө ка жаттары (эпитет, салыштыруу ж. б.) көлөмдүү чыгарманын т дициялык мазмунун, салттык белгилерин айтуучулардын эс калуусуна (өздөштүрүүсүнө) мүмкүндүк берип, анын үзгүлтүк оозеки улантылып сакталышына маанилүү роль ойнойт».[1]

Мындан ары биз окумуштуунун ушул кадиксиз айткан байланыштыра «Тыныбек манасчылар мектеби» анын улама салты жөнүндө кеп урабыз. Өзү дендүү манасчылардын ичин Тыныбек «Манасын» андан эшитип, элине эрмек болуп айт берип, кумар кандырган даана сөзмөр Актан ысмына аз кайр өтөлү. Мен, мурда Актан жөнүндө жазганымдан сөзмө-сөз кел ремин: Улуу «Манас» жомогу кылымдан-кылым оошкондо, му дан-муунга», ооздон-оозго, дилден-дилге байып, «түгөнгөн сай түтөп», улам бара кунуна чыгып, өтүп олтурду. Эл ичинд өнөрпоздордун бири Актан Тыныбек уулу «Манасты» бапес айткан олоң жетпес айтылуу сөзмөрлөрдөн. Тыныбкектен Акт ды, Актанды Тыныбектен айрууга болбойт. Актан – Тыны өнөрүн кара сөздө түздөн-түз улантуучу. Тыныбектин өнөр м тебиндеги көркөм таланттуу шакирттеринен. Олтурган, жүрг жерлеринде «Манастын» кебине кеп кошкон, угарманды «Ман аңгемелерине карк кылган. «Манастагы» жер-суу аттарын жет билер эле. Ошолордон кеп уруп олтурганда эле угармандар ан кебине уюп, жанынан карыш кете албай арбалган. «Ман жайынан айткан Актан аңгемелери анын репертуарын байытк дан-байытып, сөзүнүн угумдуулугун арттырган. Кара жорго менен Манас айкөлдүн келбетин баада жок көп тартты. Акт Тыныбек уулунун кара сөз менен айткан «Манасы» нечендег том-том китептерди түзмөк. Кадим эле роман тейиндеги ош көркөм аңгемелерден куралган циклдер элдин кулагында га калды. «Манастын» дастандагы сюжетин Актан кара сөздө чебер келтирген. Актан кеп салганда кадимки автордук к диалог, монолог, ички монолог, кейипкерлердин сыпаты, оку тогошу, алдын-ала кабардар кылуу, (пролог) өңдөнгөн толг токой маалымдоолор толугу менен сакталып, кээде диалог, м нологдорду ыр саптарында сабалатып жиберээр жайы болг Айтып олтурган кебин шаанисине чыгара турган. «Манас» ок ларын кара сөз жанрларына жакындаштырып, кеп урган ад кыргызда чандадыр, а балким Актан өзү ганадыр. Ошол «Ма стан» кара сөз менен оозеки айткандарын кагаз бетине түшүрү эч убакыт таба албады.

---

[1] Абдылдаев Э. «Манас» эпосунун эпикалык формулалары. Б.: «Шам», 1997.

Актан менен замандаш, өз кезегинде «Манас» дегенде ичкен ашын жерге койгон Дуңкана Кочуке уулу учурунда Тыныбек таалимин алгандардын ирилеринен. «Манас» айтуудагы кол шилтөө, жымдоо, жымдоолору, кырааты жагынан Тыныбек илелерине көп жакын. Манас айтып жатканда ыр саптарындагы сөздөрдү жорголото айткандын (речитатив) кынуусун алган жайы бар. Кылдат байкабаган адам Дуңкананы ошентип жорго сөз менен «Манастан» айтып жаткандагысын жөн эле сүйлөп жатабы, ырына өтпөйбү деп айтаарлык эле. А дегенде жорго сөз менен жүрүп, анан желдирте урдурта жөнөлчү, мына ошондо ук «Манасты». Үнү бир коңур. Окуяларды кыраатына келтире төгүп келип, «Адам!» – деп келберсип, манасчылык жосун көрсөтүп, кайрадан сабалатып жөнөлчү. Улуу Тыныбек да, Дуңкана да Кашкарынын торгой аялынан таралган тукумдан. Тыныбек Торгой эненин Сартбаласынан, Дуңкана Сырдыбай баласынан. «Манастан» айткан жерлери өтө көркөм. Залкар Тыныбектен таалим алгандыгы таасын байкалып туручу. «Ырас, Д. Кочукеевдин варианты бардык учурларда эле көркөмдөк жагынан терең иштелген эмес. Бир нече саптан кийин барып уйкашып, не бир түрдүү этиш сөздөрдөн куралып, уйкаштык жагынан кыйла аксайт. Негизинен сюжет кууп айтылгандыктан, белгилүү варианттарга салыштырганда ички көркөмдүк каражаттар сейрегирээк»[1].

Ушундай жазылган «Очерктерде»... «Атты арыганда көр, эрди карыганда көр» деген ошол. Кезинде эң кооз, өтө бир угумдуу айткан манасчы Дуңкана да кыраатына келтирип, сөз берметтери менен кештелген «Манастын» башкача бир варианты ушул Кочукеевдики эле. Көп айтып, жатыгып турбаса, «Манас» эле оңой айтылса, элдин бардыгы манасчы болуп албайбы, ага бүт талантын, дараметин, өмүрүн саюу керек. Дуңкана жашы өйдөлөп кеткенде «Манасты» көп айта бербегендиги, ошондо ага «Манас» изилдөөчүлөрдүн кезиккени «очерктерде» жогоркудай пикирлерди жазууга алып келген. Дуңкана Кочукеевден «Манас» жазылып алынды. Тыныбек шакирти Сарырчы (Бекбоо) жеке эле манасчысеметейчи гана болбогон. Ал жылдыздарга, Күн менен Айга карап жыл эсебин, жылдын, айдын оош-кыйышын такма-так айткан үлкөн жыл сүргүч. Жут болоор жылды жаңылбай айтса, ал кездеги кайдыгер биздин эл (ошол кайдыгерлик көп кесепет болду го) кол шилтеп, «Куураган жатакчы Бекбоо, Сарырчы десе өтө эле саймедирейт» – деп, тоңдоосуна мамиле этип, кийин кээде май айында, же июль айында кар түшүп, малы жуттан кырыла баштаганда, Бекбоодон чөптүн бир боосун бир тайга сатып алган. «Сен нак олуя турбайсыңбы, Сарырчым» – деп чындап жарпы жазылган элдер өткөнүн карыялар бүгүн жомоктоп түгөтө албайт. Сооронбай манасчы жөнүндө сөз башка. Ал – Тыныбектин өз уулу. Кээ адамдар азыр да баш чайкап, зарлап жиберет: «Олда Сооронбай-

[1] Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. Ф.: Илим, 1988, 571-б.

дын «Семетейи ай!» Кайран киши! «Семетейди» атасы Тынымд кем айтчу эмес эле го. Семетейди тирилтип келип мандайына к коюучу. Айчүрөккө Семетей ашык болгондой ашык болор эле Семетейчинин өнөрүнүн күчтүүлүгү турса көрсө». Ошол Соорс бай атасы Тыныбектин сынына толбогон. Башка манасчылар т олордун бийик чокулары болсо, Тыныбек көз жетпес обологу заңгел. Ага башка чокулар эч теңдеше албайт. Анын «Манас нын» биздин күнгө жеткен үзүмдөрү эле ал кишинин олоң жетп өнөрүнө күбө-далил. Аны Тыныбек казынасынын чет-чеберин уг көргөн, же окуган адамдар нак айтышат.

«Манасчылар жөнүндө сөз болгондо ири алдыда Тыныб Жапый уулунун караны калдайып көрүнөт. Анткени, ысымдар легендага айланган Жайсаң ырчы, ырчы уул, Токтогул ырчыла дан кийинки Балык (Бекмурат), Чоңбаш (Нармамбет) сыякт зор манасчылардан сабак алган жана чыгармачылык көрк өнөрүнүн (манасчылыгынын) бийиктиги боюнча анын алды адам чыккан эмес».[1]

«Мен Акылбек, Сагынбайдын «Манасты» айткандарын неч мертем эшиттим, менин билүүмчө «Манастын» уздай, ынак тунуг Тыныбек айтса керек эле. Жана эл да ушул пикирде болгон. Бүтк манасчы да Тыныбектин үнүндөй жоон уккулуктуу болбогон»[2].

Тыныбек даректүү манасчы, жогорудагы чындык саптар ан манасчылык келбетине бирин-бири толуктаган сүртүмдөр. Элд уккандардан аз-аздан таштап көрөлү. «Ээ, балам,Тыным (Тын бек) «Манастын» Ак Өргөөсүнүн борумун эле бир жарым к айтчу тура жарыктык» – деп көп айта турган Жакшылык а (акын Асан Жакшылыковдун атасы) Тыныбек жөнүндө анын «М нас» айткан кези тууралу көкөлөтө айтылган уламыш опсуз кө Ал «Манас» айтканда төрдөн улагага нечен курдай барып кел айтчу. Кантип барып, кантип келип калганын эч ким байкаб калар эле. «Байкаган кишиге Тыным (Тыныбек) жерден бир к рыш көтөрүлүп, ошол тейинде «Манасын» айтып жатса, канетт тобоо!» – деп жакасын кармаган карыялар болгон. Сөзгө абд саран, бирок даамдуу, өзү ишенгенин ага ишенген, уккан адамда га гана айтып коймою бар. Мурдагы партиялык-советтик,чарб лык кызматкер, көптү көргөн кепке каныкШалпык уулу Жама деп коер эле. «Сарырчы (Бекбоо) «Манасчынын абалкысы Тыныбек, азыркысы да Тыныбек. Анткеним мурдагы кийин манасчыларды көп тыңдадым. Ошонун баарынан эле Тыныбект ки угумдуу, опсуз кенен. Пай-пай! Кийин Тыныбекчилеп «Мана ты» эч ким кунуна чыгара кенен-кесири айта албады. Сарырч аке «Манасын» айтарда, айтып бүткөн соң сөзсүз ушул кеп-сөз өзүнчө жобурап коюучу. Ошол Сарырчы (Бекбоо) эле Саякбайд кем эмес болучу. Тыныбектен таалим алгандардын тыңы, Сагы

---

[1] Сооронов О. Ак таңдай ата, учук улаган уул. «Ала – Тоо», 1990, №7, 140-б.
[2] Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. Тыныбек. «Ала – Тоо», 1988, №11, 124-б.

айларга окшоп гүлдөгөн доорду көрүп, айткан Манас-Семетейи ат-кагазга түшпөй калганын айтпайсыңбы». Тыныбектин алп [м]анасчы экенине күбө-далил болор сөздөрдөн дагы келтирели. Кыргыздын чоң манаптары, чоң байлары Тыныбекти чакыртып [а]лып бир ай, эки ай ырдатып алып жүрүп кетирген болот. Мисал [ү]чүн Шабдан, Байтик, Өзбектер Токмокто Сооронбайдын багы [д]еген жерде чоң топ болуп, ошондо чакыртып 30 күн удаа ырдат-[к]ан. Кайсы бир жерлерде «Тыныбек, бул «Манасты» кандай кы-[л]ып айтып калдың? Кимден үйрөндүң деген суроолор болгон. Ага «Манасты» көп кишилерден сурап жана улама адамдардан угуу [м]енен толуктап айттым» – дечү экен[1].

«Мен, 1896-жылы июль айында Каракол, Пишпек, Нарын, [Т]окмокко караган бүткүл кыргыздарды 15 күн Көтмалдыда сьезд [б]олып, ошондо Тыныбектин Манас Семетейден үч күн айтып, [а]ягына чыгууга болобу? – деп эл сураганда «эки айда бүткөнгө [м]үмкүн деди». «Манас» – «Семетейди» айттырууга манап-болуш-[т]ар сьезден сурап алып, сьездге жибербей айттырып турду. Эл [с]ьездге көп карабастан күндүр-түндүр анын үстүндө болду. Күн [б]аткандан таң атканча айтканда 200-300 киши уктабастан үйдө, [т]ышта унчукпастан тегеректеп карап олтурганын көрдүм» – дейт [Б]. Солтоноев[2].

Мына кыргыз тарыхын жазып калтыргандардын бирөөнүн [д]алилдүү сөзү. Мында Тыныбектин жообу жөнөкөй, жупуну гана. [Б]олбосо көп адамдар Тыныбек өзү: «Манас-Семетейди» алты ай [а]йтса аздык кылат, «Манастын» учу-кыйры көрүнбөйт» – деп [а]йтканын тамшанып эскеришер эле.

Манасчылардын бизге жеткендеринен атасы Тыныбектен таа-[л]им алган өзү дендүүлөрү менен айылдаштары, урукташтары [ж]ууралу азыноолак айттык. Ал эми «Тыныбек манасчылар мекте-[б]и» делинип аталган, касиеттүү чоң устаттан мандайлашып «Ма-[н]ас» угуп, сөздү айта билүүнүн, сөзгө, ойго көркөмдүк берүүнүн [с]upуя илелерин таасын үйрөнгөн, өзүлөрү да устат болуп чыга [к]елген залкар жомокчу-манасчылар жайынан да кеп урбасак, [Т]ыныбектин өзүнүн манасчылар ичинде ээлей турган орду толук [а]чылбас. Бизге белгилүү манасчылар тобунун арасынан Тыныбек [ө]згөчө бөлүнүп, көксеңирдей оболоп турат. Анын орду ошондой. «Манас» айтуудагы чеберчилиги эл ичинде анын кадыр-баркын [ан]го бетер арттырган. Анын мыкты сапаты «Манасты» өтө кенен [а]йткандыгы. Бул улуу дастан-трилогиянын кай жеринен болсо да [т]октолбой айтып кете алгандыгы. Жогоруда айттык Тыныбек [Ө]збек бай атайылап наздап, кош аттап Нарындан Чүйгө чакыр-[т]ып барып, улуу жомокту айттыргандагы окуясы элдин эсинде [э]кен. Кыргыздын бул дастанына аябай каныык Өзбек бай «Мана-[с]тын» кай жеринен айттыраарын Тыныбек биле албай барган.

[1] А. Тыныбеков. Тыныбектин тарыхы. Китепте: Кыргыздар. – Ф.: 1991, 528-б.
[2] Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. Тыныбек. «Ала – Тоо» 1986, №11, 124-б.

Ошондо Өзбек байдан кыргыз колун Чоң Казатка аттандыр
боюнча капилет тапшырма алган Тыныбек майданга кетчү жо
керлердин саны, мөөнөтү, жер аттары боюнча Өзбек байды
оюндагысынан да артыгыраак айтып салып, сыноодон ийг
ликтүү өткөн экен.

Демек, Тыныбек «Манас» окуяларынын кай жеринен болсо
бардык убакта илгиртпей баштатан айтылып келген салттуу н
тан (чектен) чыкпай, окуяларды өтө кенен, көркөм, кошумчалаб
нак айтып бере алган. Бардык эле манасчы бул жомоктун к
жеринен болбосун, кай убакта болбосун толук, көркөм аткар
жибере алат деп эч ким айта албайт. Алар даярданбай айтк
эпизоддор начар чыккан, көркөмдүк жагы мүчүгөн. Эми Тыныб
устат шакирттери жөнүнөн бир аз шежирелеп көрөлү. Тыныб
«Манасын» угуп каныккан Сагынбай Орозбак уулу, анын шаки
ттери: Ыбырайым Абдырахманов, Молдобасан Мусулманкул
Шапак Рысмендеев, Акмат Рысмендеев. Тыныбектин дагы б
шакирти Доңузбай, андан аябай таалим алган Мамбет Чокмор
жээни Байбагыш, андан нуска үйрөнгөн Багыш Сазанов. Көкүрө
каттай тунук Тоголок Молдо (Байымбет Абдырахманов), анд
үлгү алган кадимки атактуу Молдобасан Мусулманкулов, Кал
гул. Тыныбектен «Манас» үйрөнгөн «ар бир эле сөзү бир атты
жомокчулар ичинде Касымбай, Кожомберди, Жакып бар. Алар
жомогунун угумдуулугу баарынан артык жез таңдайлар.

Сагынбай Орозбаков үчүн «Манас» айтуунун улуу өнөрүн
ээ болууда Тыныбектей зор манасчынын баасы артык. Ал Ман
стын не куралын, не өзүн, не бир түрдүү окуяларды, алар
карата кайып учкан фантазиялык ойлорду көз алдыга келтирүүн
ылайык сөз таба алууну, сөздүн дарамети менен сүрөттөлүп жа
кан предметке, же окуяга өзгөчө касиет берүү чеберчилигин көбүнө
Тыныбек устаттан алган. Устаттын таалиминин касиети мене
тарткан сүрөтүнө жан киргизген. Тыныбектик деңгээлге жет
үчүн бүт күчүн үрөгөн. Сөзү таасын, таасирдүү чыккан. Тыныб
Жапый уулун Сагынбай Орозбаковго салыштырып кароонун өзүнч
мааниси бар. Эгер Тыныбек «Манасы» Сагынбай «Манасы» о
шоп басмадан чыгып калган болсо, анда Сагынбайды устат
Тыныбек залкарга салыштыра караганыбыз абзел болмок. Бири
чиден, Сагынбай Орозбаковдон «Манас» үчилтигинин биринч
бөлүгү толугу менен кагаз бетине түшүрүлгөн да, ал вариан
Кыргыз Улуттук Академиясынын фондусунда сакталып турган в
рианттардын ичинен эң сөзү таттуу, арымы кенен вариант катар
эсептелет. Чынында эле Сагынбай вариантынын тили ашкере ш
рин. Аны окуп, калган манасчылардан жазылып алынгандард
окуганда, же укканда, алар келегейленип, супсак боло калат. Эки
чиден, «Манастын» Сагынбай варианты жалаң ислам динини
мотивдери сиңдирилген вариант катары бааланып, көзү неба
өткөн улуу манасчыны бир жагынан күпүрлөп, бир жагына

ындап келишпедиби. Ошол диндик мотивдер, окуялардын мазмун-
ары Тыныбектики менен бирдейлиги, көп учурларда ырлардагы
апма-сап окшоштуктар (эпикалык коендой окшош формалалар),
пыртууларга ылайык сөз таба алуу илелери Сагынбайга улуу
ыныбектен оошуп келген. Эки улуу залкардын «Манасынын»
кшоштуктары менен өз-өзүнчө окчун кеткен жерлерин, окуялар-
ы, предметтерди баяндоо илелерин, амалдарын салыштыруу өтө
ызык. Салыштыруу аркылуу Тыныбек менен Сагынбай бат эле
өз жетпей обологон бийикке чыга келишет.

Эмесе, Тыныбек залкарды, анын жанына коюп алып, өңгө
анасчыларды карап баккыла, окурман журт.

Тыныбек устатта сыр найза:

Унгусу болот учу курч,
Учуна салган кара мурч.
Ак карагай сыйдасы,
Ак болоттун куймасы.
Көк карагай сыйдасы,
Көк болоттун куймасы,
Колдон тайып түшөт деп,
Кош кара кыл тактырган,
Душманды көздөй бактырган.
Ар түрдүү кылып чаптырган,
Он эки киши сомдогон,
Жекендүү көлдө калаада,
Акылдуу тууган Эр Бакай,
Он эки күнү сомдогон.
Чарым менен чаптаган,
Желим менен эптеген,
Үч жыгачтан септеген,
Он эки түрлүү кырдаган,
Отуз түрлүү сырдаган.
Тийген жери ырбаган.
Жээктете четине
Куламышты, кой көздүү,
Койкойгон сулуу Каныкей,
Кокондон келген акшайы,
Ит тамандап сайдырган.[1]

Тыныбек шакирти Сагынбайда сыр найза:

Сары камыш кыйдырып,
Сары атанга жыйдырып.
Сары устага кылдырып,

[1] «Ала – Тоо», 1990, №7, 143-б.

Тарамышка чаптаган,
Желим менен каптаган,
Душман үчүн сактаган,
Алда кандай жыгач деп,
Акылын адам таппаган.
Камыш, желим, тарамыш,
Сырткы жагын сырдаган.
Сайган жоого мылгыган,
Ар түрдүү адам болсо да,
Аттан жерге ыргыган.
Тартып алса чоюлган,
Жанчышкан душман сойлогон,
Кармай калган душмандын,
Беш манжасы кыйылган,
Мубакүлдүү сыр найза.[1]

Тыныбек устаттын дагы бир шакирти, жээни Байбаг шакирти Багыш Сазановдо сырнайза:

Колундагы сырнайза,
Сары карагай кыйдырган,
Сары атанга жыйдырган.
Күрөтүп кумга көмдүргөн,
Сегиз ай чаап кырдырган.
Сексен түрдүү сырдаган,
Чарайна менен чаптаган,
«Сынып кетме болот» деп,
Пил терисин каптаган.
Коло менен чырмаган,
Тийген жери ырбаган,
Кош кара кыл тактырган,
Душманды көздөй бактырган.
«Колго жылуу болсун» – деп,
Кой макмал менен тыштаган.
Унгусу болот, учу курч,
Учуна салган кара мурч,
Соот бузар бөрү тил,
Карагайдын жармасы
Ак болоттун куймасы,
Темирди сайса тешүүчү,
Нечен теңирсиген дөөлөрдү,
Тебетей сайган немедей,
«Тегеретип кетер» – деп,
«Дөөгө ажал жетер» – деп.
Соот бузар бөрү тил...[2]

[1] Сагынбай Орозбаков. Манас. 4-китеп, 339-б.
[2] Кыргыз акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф.: Илим, 1988.

Жогоруда келтирилген сүрөттөөлөрдөн Тыныбек устаттын ердигин көрдүңүзөр. Тыныбек сүрөттөө палитрасы бай, кудуи зор сүрөткер. Анын шакиртинде, же шакиртинин шакиртинбул сүрөт боектору суйдаң тарткан. Сыр найза касиети башараак. Сагынбайдыкы өзүнчө элестүү. Тыныбек шакирти Байыштын шакирти Б, Сазановдо Тыныбектик сүрөттөөлөр (эпиык формулалар) сапма-сап сакталган.

Тыныбекте:

Уңгусу болот учу курч,
Учуна салган кар мурч.

Б. Сазановдо деле:

Уңгусу болот учу курч,
Учуна салган кара мурч.

Же, экөөндө тең:

Кош кара кыл тактырган,
Душманды көздөй бактырган.

Же, экөөндө тең:

Тийген жери ырбаган,
Ак болоттун куймасы.

же, Тыныбек шакирти Сагынбай менен Б.Сазановдо окшош калык формулалар кездешет:
Сагынбайда:

Сары камыш кыйдырып,
Сары атанга жыйдырып.

Б. Сазановдо:

Сары карагай кыйдырган,
Сары атанга жыйдырган.

Сагынбайда Тыныбектин сүрөттөөлөрүнө кошулган, толуктаартыкбаш, бирок куп жарашкан:
«Сайган жоого мылгыган,
Ар түрдүү адам болсо да,
Аттан жерге ыргыган» – деген

же шакирттин шакирти Багыш Сазановдо:

Темирди сайса тешүүчү,
Нечен теңирсиген дөөлөрдү,
Тебетей сайган немедей,
Тегеретип кетер» – деп,
«Дөөгө ажал жетер» – деп,

... сыяктуу көркөм, бир сонун саптар бар. Бул — уста өнөрүн андан ары дараметтүү улагандык, сөзүнө-сөз кошко баркы-баасын арттыргандык.

Тыныбек манасчы устат менен шакирти Сагынбайдын мокту айтуудагы бирин-бири толуктаган, же бири-биринен а маланып, окчун кеткен жерлери көп. Экөө тең улуу эпосту өлч кенен айткан. Ошондо да устат деген устат. Ал аткарган эп өтө кооз жерлерге назар салалы:

Тыныбекте наркескен кылыч:

Көмүрүнө чыдабай,
Көнү токой жоюлган.
Көөрүгүнө чыдабай,
Көк букалар союлган.
Чапканына чыдабай,
Чандан уста кырылган.
Сугатына чыдабай,
Көлдүн суусу соолгон.
Ашагандан ашаган,
Төкөр уста Бөлөкбай,
Жайы-кышы ичинде,
Жатып алып жасаган.
Сыртын алтын чөгөргөн,
Жолу, күнү болгондо,
Жоболоң тууган Ажыбай
Кокуйлап жүрүп өңөргөн.[1]

Тынбектин шакирти улуу Сагынбайда Манастын кылыч

Түн ичинде суурса,
Өрт өңдөнүп кызарган.
Уруштуу күндө узарган,
Заарын тарткан мунардан,
Учун кайкы чыгарган,
Тоого чапса таш кескен.

[1] «Ала – Тоо» журналы, №7, 143-б.

Жоого чапса баш кескен.
Шиберге койсо өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен.[1]

Мында, көркөм апыртуулар (жомоктун кызыгы да, касиети ошол апыртууларда) эки чеберде эки башка. Тыныбекте адам- айран-таң калтырган күчкө эгедер. Устаты Тыныбекте «Суга-на чыдабай, көлдүн суусу соолгон» – дегени эле укмуш. Тын-й аккан арык суусу да арзан эмес го. Бул апыртууга шек лтирүүгө мүмкүн болбогон улуу сөзмөрлүк! Ал эми бүткөн лычты балбандын-балбаны, дөөнүн-дөөсү Ажыбай баатыр араң рго өңөрүп жүргөнгө жараса, ал кандай эбегейсиз зор курал?! ырчылдашкан душманды Манас атанын кылычы эле жайлап лчудай. Ооба ошол үчүн Манас да, Манаска куп жарашкан ркескен. Эпикалык арымы Тыныбектикиндей болбосо да, Са-нбай шакиртинде бир башкача керемет күчкө толгон. «Наркес-нди» шиберге койсо өрт кеткен. Мында апыртуу кыябына лтире кынап айтуунун табигыйлыгы, улуу устаттан алган са-кты чебер өздөштүргөн Сагынбайдын сезимталдыгы сезилүүдө. ында апыртууга да эпикалык шаң берүүнүн, Тыныбектик өзгөчө енин таасири бар.

Эми Тыныбек «Манасынын» арымын байкап көрөлү. Тыны-к устатта чоң дүрбү:

«Ичи өрттөй кызарган,
Тартып койсо чоң дүрбү
Кулач карыш узарган,
Айнектин оозу кирдейт»-деп,
Алыскы жерге жүрбөйт деп.
Ак кадекке орогон,
Алыскы жолго жоруган.
Атын уккан душмандар,
Айдынын угуп улаган.
Тегерегин тегиздеп,
Кылган экен коoздоп,
Жакут менен учтатып.
Кобул салып чаптырган,
Алтын менен күмүштү
Аркы-терки кактырган.
Адамзат пендеси,
Абайлап туруп бактырган,
Алтын ооз чоң дүрбү,
Алты бурап житирген.
Алты күндүк жерлерди,
Аркан бою жеткирген.
Жети күндүк жолдорду,

[1] Манас. С. Орозбаковдун варианты. Ф.: 145-б.

Жети аркан бою жеткирген.
Кере кулач кез бою,
Кетмен ооз Чоң Дүрбү,
Алтын ооз, бото көз.
Айта берсе түгөнбөс,
Асыл таштан орноткон,
Айнеги сынып калат деп,
Алтын менен кордоткон.
Бой тумар чалыш кабы бар,
Болоттон салган сабы бар,
Болжолу жок Чоң Дүрбү.[1]

Сагынбай шакиртинде Чоң Дүрбү сыпаты:

Айнек оозу кызарган,
Алты имерип чойгондо,
Кылабына койгондо,
Жарым кездей узарган.
Тиктегенин өлтүргөн,
Эр Манас чындап караса,
Алты аркан бою келтирген.

Мында чоң дүрбү Тыныбекте «Ичи өрттөй кызарган», гынбайда «Айнек оозу кызарган», же «Айнекчеси кызар Тыныбекте «Алты күндүк жерлерди, алты аркан бою келтир же «алты күндүк жол болсо, аркан бою келтирген» деген не нен окшош сыпаттоолор, эпикалык формулалар устаты м шакиртинде жолугуп келип, бирок, арымы Тыныбекте өтө а малуу. Муну өзүңөр байкап көрдүңөр. Ал эми көркөмдүк к ды сүрөттөөдөгү каражаттар экөөндө тең кооз. Тыныбекте а кеткен жерлер арбын. Буга жогорку саптар күбө. Ушундан Тыныбектин эпикалык кең арымына тен берүүгө болор эле

Жомоктогу персонаждарды баяндоодо куп гана ыгы м колдонулган (эпосту айтуучуларга да ошол кейипкерлерди ка сүрөттөй алганына карата көрүп-угуп олтургандар баа бе кен) сүрөттөөлөр мол. Образдардын шаңын көкөлөтө көтө касиет каармандар колдонгон куралдарда, антпегенде баш мандар катардагы эле жоокерге теңеле түшөрү белгилүү. Ал аларды сүрөттөөгө устат менен шакирт мүлдө акындык да тин үрөп, ал каарман оңбу, терспи анысына карабай, обол алып чыгып кетишкен.

Тыныбек устатта Коңурбайдын көрүнүшү:

Алгара минип койкоюп,
Чоң өтүк бутта чойкоюп,

---
[1] «Ала - Тоо», 1990. №7, 142-143-б.

Капталында жаркылдап,
Алтындан түйгөн чоң күрмө,
Айдалыда жаркылдап.
Мурундарын карасаң,
Сурабанын кабындай,
Муруттарын карасаң,
Чоң балтанын сабындай.
Аркасында айдары
Торайгырдын жалындай.
Мындай калмак башы бар.
Калпакта шуру ташы бар.

Сагынбай шакиртинде Коңурбайдын көрүнүшү:

Адырайган чоң Коңур.
Аскердин арка жагынан,
Азыр келип калыптыр,
Көк күбөсоот бөктөрүп,
Көк найзасын көтөрүп,
Баданасын жамынып,
Баатырды көздөй камынып,
Өрттөй көзү кызарып,
Кыр мурунду кызыл көз,
Жоон билек, жолбор төш,
Кабагы бийик, каар сөз,
Капталы жазы бою эңчер,
Кан Коңурбай деген Эр.[1]

Тыныбек устат Коңурбай калчанын кебетесинде, бет түзүлүшүнө, дарына чейин сүрөттөп, эпиклык шаң берсе, Сагынбай шакир- портреттик сүрөттөөлөргө Коңурбайдын портретине психоло- ялык элестерди кошуп жиберген: «баатырды көздөй камынып», Өрттөй көзү кызарып», «кабагы бийик, каар сөз» дегенде душ- андын Манас баатырга ачуусу акыркы деңгээлге жете күчөп, ыдамсыз абалда тургандыгы көрүнүп турат. Сагынбай Тыны- ек устат тарткан портретке психологиялык штрихтерди кошуп иберип, Коңурбай келбетин андан ары дааналаган. Усататын өнемтесин шакирти толуктайт деген ошол.

Алмамбет кытай-калмакка батпай, кырчылдашкан кандуу айдан кылып, кыргыз-алашка качып чыгар кезде төлгөлөп сай- п кеткен чырпыгы чынар боуптур, көп жылдан соң Алмамбет ыргакты ээрчитип барып, ошону көргөндөгү Алмамбеттин психологиялык абалын баяндаган кичинекей сүрөттөөнү салыштып багалы:

[1] Манас. С. Орозбаковдун варианты. 4-китеп, 328-б.

Алмамбет Сыргакка айтып жатат Сагынбайда:

Чырпыгым чынар болуптур,
Туурасынан көрсөңүз.
Төрт кучакка толуптур,
Как ушуну көргөндө,.
Кан Алмаң көөнү соолуптур.[1]

Тыныбекте:

Чырпыгым чынар болуптур,
Чырпыгым мунар болуптур.
Туурасынан карасаң,
Төрт кулачка толуптур.
Как ошону көргөндө,
Кан Алмаң көөнү соолуптур.

Эми ашык саптар кетет:

Кадыр алда кудурет,
Каңгыраган бир кулун,
Карайлатып коюптур.[2]

Мына бир эле куплеттеги эпикалык формулалар сапма окшош келип, Тыныбек сабалата окчун кеткен керемет сапта атайын көрсөттүк. Алмамбет качып кеткенде, Кытайда ка анын элин саясий жагынан таптакыр күнкор кылып, басмыр социалдык теңсиздикти жасап салган Алмамбеттин душманд нын кылыгына күйгөн жеринде психологиялык абал.

Сагынбайда:

Аздырып элди бөлгөндү,
Азыр көзүм көрүп тур.
Жоругуң Алмаң жоктоптур,
Жол боюна токтоптур.

Тыныбекте: (эпикалык формулалардын асты сызык)

Аздырып элди бөлгөнүн,
Азыр көзүм көрүптүр..

Сагынбайдагы ушул эки сапка окшош саптан кийинки ныбектик эпикалык арым. Мына эми Тыныбектеги саптар:

---

[1] Тыныбек. Алмамбеттин арманы. Кол жазма, 81-б.
[2] Манас. С. Орозбаковдун варианты. 4-китеп, 272-б. Ф.: 1982.

Кыйырым кытай бөлүптүр,
Кылмыштуулар өлүптүр.
Кызыталак чочконун,
Кылганын көзүм көрүптүр.
Эрдин көзөп жырыптыр.
Элими бүтүн кырыптыр.
Ар санааны санатып
Ар тарапка каратып.
Барысын бөлүп элимди,
Башканын көзүн каратып.
Өкүмү менен таратып,
Өзгөнүн көзүн каратып.
Шаарма-шаар кыйдырып,
Жанщандын журтун сыйдырып,
Калаама калаа кыйдырып.
Какандын журтун сыйдырып,
Жолду бузуп жоюптур,
Жоготуп акыр коюптур.
Уруксат албай, жан кирбей,
Кара эмес толук кан кирбей,
«Бенде мейман» деп кирбей,
Бекер эмес бек кирбей,
Беги качкан дуңшанын
Бейпайлар минтип тутканын,
Жоругуң Алмаң жоктоптур.
Жол боюна токтоптур.[1]

Согуштук (баталдык) сүрөттөөлөргө келгенде, Тыныбекте адам лын буй кылган, өтө таасирлүү жерлер бар. Мисалдарга рылып баалы. Тыныбекте («Чыңгызхандын жоо жоолагада») ошондой патетикалык сүрөттөөлөр «Манас» баянындагы ирлерден улам келип чыкканында талаш жок.

Ак асаба жалтылдап,
Айдын бети калтылдап.
Көк асаба жалтылдап.
Күндүн бети калтылдап.

Ак асаба, кызыл туу,
Ай-ааламды кан баскан.
Айдын бети ызы-чуу....
Көк асаба, кызыл туу,
Көл дарыя кан аккан.

Тыныбек. Алмамбеттин арманы. Кол жазма, 83-б.

Күндүн бети ызы-чуу.[1]

Сагынбайда:

«Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Көк асаба, кызыл туу,
Көк жаңырган ызы-чуу.[2]

Кыргын согуштун таасир берүүчү күчү сүрөттөөлөрдө олоң жетпес манасчыда таптакыр эки башка. Мында Сагын шакиртинде көккө жете ызы-чуу түшкөн согуш жүрүп жатса, ныбек устатында кыргын согуш таасири андан ары кетип, а акылы чак келбес деңгээлге жеткире сүрөттөлөт. Согуш ы чуусу жөн эле көккө жетпейт. Согуш алааматынан «айдын б калтылдайт», «күндүн бети калтылдайт» Сөздөгү тыныбектик ап туунун өлчөөсүз күчүн көр! Адамзат ядролук катастрофага былса, Ай, Күндүн бети калтылдашы мүмкүн. Ал эми Тыны тин зирек акылы ошондо эле жомок окуяларына таң калты нун, ошого ылайык сөз куруунун «калп» – деп айтууга мүмкүн бербеген кынтыксыз варианттарын жасап алып турган. Ы куранда, инжилде (Библия) окуя жерде, асманда гана өтөт. « настагы» тыныбектик баяндоолордо окуялардын таасири өлчө өсүп, Ай, Күндүн кыйрынан да ары чексиз Ааламга өтөт. Ал устат Тыныбек алда кайда алып учкан фантазиялуу ойду бе үчүн кадимки эле «Ай, Күн, Аалам, кан» деген сөздөрдү (ле калык каражаттарды) пайдаланып, гиберболикалык эбегейсиз масштабдуулукту көрсөткөн образдуу сүрөттөөлөрдү жарат Адам менен жаратылыштын, ааламдын карым-катышы, жөнө кыймылдын кандуу согуштарга чейинки окуялар чени ме бирок ынанымдуу апыртылып, жандандырылып, жөнөкөй инсан Тыныбектин өзү, өзү түзгөн жомок түшүнүктөрүнөн у касиеттүү, кадимкидей эмес адам түспөлүн, кейпин кийген. « насын» угуп олтурган кишилер Тыныбекти эмес касиеттүү кудуреттин айтканын тыңдап олтурган кишилер болуп угуш жомокту. Чынында эле Тыныбек жомогу касиеттүү, жанга гымдуу дарымдын, табигатка таасир эткен дубанын, адамды сант кылган күчтүн зор касиетине эгедер болгон. Тыныбек жо гун уккан оорулуунун кесели кайткан, төрөбөс ургаачынын гончогу канап, перзент үнүн уккан, жан-жаныбарды жүдөт кара жуттун капшабы майтарылган, колунда жок жардыны дыр алехис-салам даарыган. Адамдарга Ата-Журт ыйык таа лып, өзүн анын айрылгыс бир мүчөсү сезип, аны коргоого дили менен жээлигип аттанган сезим отуна чулганган, ач

[1] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма, 83-б.
[2] Сагынбай Орозбаков. Манас. 147-б.

сман нөшөрлөнгөн кара түнгө, долуланган кара бороон кайтып, өшүлгөн бейкут күнгө алмашкан.

Тыныбек манасчынын даана шакирттеринин бири Тоголок Иолдонун (Байымбет Абдырахманов) Тыныбекке карата сыйрматынын бөтөнчө, жөнү бар. Алп манасчынын өнөрүнүн айыны кимдерге гана тийбеген. Ошолордун ичинен тетиги, кепке нагы, сабаттуусу Тоголок Молдо. Ата-балача ээрчишип, бири кинчисине өнөр ооштурган бул эки залкардын кыргыз адабиянда өзгөчө ээлеген орду бар. Тоголок Молдо «Манасты», йрыкча, Тыныбек оозунан эшитип жүргөн «Манасын» кагаз етине түшүргөн. «Манасын» кагаз бетине түшүрө жүргөн сөзгө анык Байымбетти «Тоголок Молдом» дей берип, Тыныбек аны лакап атка кондурганы дал ушундан улам болоор. «Акындар ыгармачылыгынын тарыхынын очерктериинде». Байымбет абаын башынан өткөн боз жигит курагындагы бир сонун учуру өнүндө айтылган шарт-жагдайга көңүл бөлүнгөн экен... Байымет абасы Музооке менен атасы Абдырахмандан үйрөнгөнү меен чектелбей, ошол кездеги көп акындарды, жомокчуларды көрдү. лардан таалим алып, ырга көңүл бурду. Акын бир ырында ындай дейт:

Он сегиз жашка келгенде,
Акын болдум атанып,
«Манасты» бүтүн үйрөндүм,
Тыныбектен жат алып.

Демек, Байымбет 18 жашында кадимкидей акын болуп калган. 'шул эле ырынан Тыныбектен «Манасты» бүт үйрөнгөнү ачык өрүнүп турат. Байымбет өмүр баянында да 18 жаш жигит кезинде ыныбектен укканын калтырбай айтып жүрүп, кийин үч ай бирге олуп, укканын бүт үйрөнгөнүн эске салат. Байымбетти айттырып өрүп, Тыныбек ыраазы болгон экен. Белгилүү жазуучу, жердешииз көптөн-көп кадырлаган Ш. Бейшеналиев улуу Тыныбек образына «Болот калем» романында тегин жеринен кайрылган жок. 'луу адамдардын бири-бирине ызааты, таасири чебер сүрөттөлөт ыгармада. Ошолордун түпкүлүгү ушул чындыктан улам. Тыныбек Байымбеттин көсөм устаты. Байымбет менен Сагынбайдагы «Мааc» окуяларынын көптөгөн мотивдери Тыныбектен келерлигин Манаска», манасчыларга өмүрүн сайган Самар Мусаевде дайыма йтыла келет. Тоголок Молдо менен Сагынбай «Манасына» окшош аптар Тыныбекте дал ошондой түрүндө эки тамчы суудай окшоiуп кетет. Ушул жагдайды чоң илимпоз Р. З. Кыдырбаева чечмелей еткен экен: «Ал эми өз кезегинде Тянь-Шандык манасчы Шапак, алыктан үлгү алса, Тыныбек Сагынбайдын, Тоголок Молдонун, Қоңузбайдын устаты болгон...

...Ошондуктан, «Манасты» айтуу салты манасчылардын араында бири-бирине өтмө катар болгон. Алар бирин-бири улаган,

толуктаган, такшалткан салтта өнүккөн. Демек, ушул процесск бүт кыргыздын акын манасчылары катышкан да кыргыз элинин биримдигин чыңдашкан, өрчүткөн».

Сагынбайдын варианты ушул көрүнүштү бөтөнчө ачык да лилдеп турат. Сагынбайдын вариантында Алмамбет чалгынга чыкканда Чубак менен болгон окуяда төмөнкү саптар бар:

Калкынан азган кор экен...
Элдүүнүн баары эр экен,
Элинен азган жигитке
Эртелеп өлүм эп экен.

Ушул эле окуя Тоголок Молдодо:

Элдүүнүн баары зор экен,
Элинен азган кор экен.
Элсиз элким болгончо,
Эртелеп өлгөн оң экен.

Тыныбекте:

Мени тексиз киши дедиңби,
Менин тегимден кайгы жедиңби.
Калкымдан терип сөз сурап,
Мени калксыз киши дедиңби.
Менин калкымдан кайгы жедиңби?[1]

Р. З. Кыдырбаева колунда жок болгондуктан, бул жерд Тыныбектин Алмамбет сөзүн 1925-жылдагы Москвадан чыкка «Семетейден» бир бөлүмдөн алган экен. Ал эми Тыныбек айтка «Манаста» Алмамбет сөзү мындайча:

Элдүүсүнүп болбойсуң
Элинен азган кор экен
Элсиз элким болгончо
Эртелеп өлгөн оң экен.

Тоголок Молдодо жогоруда:

Элдүүнүн баары зор экен,
Элинен азган кор экен.
Элсиз элким болгончо,
Эртелеп өлгөн оң экен.

[1] Р. З. Кыдырбаева. Баш сөз. Китепте: С. Орозбаков. Манас. Академ. басылышы. 19-20-б.

Саптар коендой окшош келип, Тыныбекте андан ары:
Калктуунун бары зор экен,
Калкынан азган кор экен.[1]

Жогоруда Сагынбайда да ушуга окшош саптар учурады. Тыныбекте андан ары:

Журттуунун бары зор экен,
Журтунан азган кор экен.
Журтунан элким болгончо,
Жубарымбек өлсө оң экен.

Кыскасы, Тыныбектик саптар бул эки манасчыда жолуккандан жолуга берет. Тоголок Молдо Тыныбек манасчынын өнөрүнүн түздөн-түз улантуучусу. «Манасты» өлбөс кылып дээрестеп кагаз бетинде калтырган сарамжалдуу акылкөйү.

Молдобасан Мусулманкулов Сагынбай менен Тоголок Молдодон таасир, таалим алган, ал экөөнүн шакирти болгондуктан, Тыныбектен үлгү алган экинчи муундагы жомокчу. Биринчи муунуна ага таалим берген жогоруда аталган манасчылар таандык. Сарыпбеков ал жөнүнөн өтө туура жазган: «Негизги варианттардын ичинен Мусулманкуловдун варианты улуу манасчы Сагынбай Орозбаковдукуна жакын турат да, анын көптөгөн окуучуларынын эң көрүнүктүүлөрүнүн бирөө экендигине күмөнсүрөтпөйт»[2].

Тыныбектен үлгү алган жакшы манасчы, кезегинде Тыныбектин өз сынына толгон, туугандык жагынан жээни Байбагыш, анын айткан «Манас» үчилтигинин көбү эң таланттуу шакирти, айылдашы, кылдат зергер Сазанов аркылуу эл эсинде калды. Тыныбек манасчынын көзүнө Байбагыш анын уулу, «Семетейди» эң кооз айткан Сооронбайдан да жуук көрүнгөн. Эл арасында зор манасчы катарында кадыры арткан. Андан таалим алып, Тыныбек манасылар мектебинин экинчи муунуна кирген Багыш Сазанов. Ал жөнүнөн дагы «Манас» изилдөөчү аалым Р, Сарыпбеков жазат. «Багыштын манасчы болуп калыптанышына жакын тууганы Байбагыштын таасири чоң. Байбагыш чоң манасчы Тыныбек Жапый уулунун жээни, жашында манасчынын айлында жүрүп, анын таалим-тарбиясын алып, белгилүү манасчыга айланганда өз айлына көчүп келип, Багыштар менен кошуна жашаган. Байбагыш эл аралап «Манасты» айтканда кичинекей Багышты өзү менен кошо ээрчите жүргөн... Замандаштарынын эскерүүсүндө Багыш Байбагыштан башка да Сагынбай Орозбак уулунда да «Манастын» айрым эпизоддорун уккан». Багыш Сазанов Тыныбек залкардын көзү тирүү болуп жолугуп, салттык мотивдерден

---

[1] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма, 38-б.
[2] Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. Ф.: Илим, 1988, 564-б.

алыстабай «Манас» айтып берсе, Тыныбек жетине албай куб мак. Зергердей чен-өлчөмдөн жазбаган пенде аз жолугат эмес

Тыныбектен үлгү алган манасчылардын экинчи муунунда таланттарынын бири Багыш Сазанов жөнүнөн кеп жөнөтүп › тып, бир окуяга токтолбой өтүүгө мүмкүн эмес. Манас баат Чет Бээжинди алып, сурак жүргүзүп турганда, Коңурбайдын шил чапкан айбалтасынан жарадар болуп, ошондон жери Талас келип өлгөндөгү мотиви Тыныбек манасчылар мектебинин ба дык айтуучуларында бирдей кездешет. Өңгө маначылар Манас намаз окуп жатканда Коңурбайдан найза жедирип коюшат эмеспи. Манасты жарадар кылган Коңурбайдын айбалтасы жөнүн Байбагыш кенен токтолот экен. Актан Тыныбеков манасчы ат сынан укканына караганда «Манаска чабар айбалтаны ал Ч бээжинге падыша болгондон соң даярдатып койду – деп келтир эр эле». «Очерктерде» мындай саптар жазылган: «Көпчүлүк м насчыларда Манасты чаап жарадар кылган Коңурбайдын айба тасына анча көңүл бурулбайт. Ал эми Сазановдо Манастын ат аярлар аркылуу Кытайларга алгач белгилүү болгон күндөн та тып, аны өлтүрүүчү айбалта жасала башталат да, Манас алты мыш жашка чыкканча бүтпөйт. Анын жасалышына да кеңир сүрөттөө берилет:

Чиркейдин тумшугунан куратып,
Чочконун сийдигине сугарып.
Уудан курап чыгартып,
Уй майына сугартып.
Кумпуйта согуп көк темир,
Уу чылатып алдырып,
Уу челекке салдырып.
Таштатып койгон жайына,
Аскар тоонун боюна,
Анын сугаты уба май болгон
Аны көрөм деген көп элдин,
Көзү соолуп жай болгон.[1]

«...Очерктерде...» Манасты өлтүрүүчү айбалта жасала баштайт да, «Манас алтымыш жашка чыкканча бүтпөйт» деп мисал келтирилет. Буга, карасак Манас өлөөрдө өзүн өлтөрүүчү айбалта бүтө элек болмок да, ал өлбөй калмак. А бирок «Каныкейдин Манаска аш беришиинде» Чет Бээжинден айбалтадан жарадар келип. Манас 52 жашында эле каза болуп жатпайбы.

Баатыр Манас султаным,
Элүү эки жашында...

---

[1] Акындар чыгармачылыгынын очерктери. – Ф.: Илим, 1988.

...Эр чырагы эки көз,
Экөө бирдей тунарып,
Кара көзү жумулуп,
«Кан өлдү» – деп угулуп...

Манастын нече жашында каза тапкандыгы жөнүндө такма-так бипбирдей маалымат бардык манасчыда жок деңизчи. Кээсинде Манастын өлгөн жашы 54, кээсинде 49, мында 52 ж. б. айтыла берет. Тек, логикалык тактык болсо деген сөз. Эң негизгиси Манас ажал тапкан мотив Тыныбек манасчылар мектебинин айтылыштарында бардыгында бирдей. Бардыгында Тыныбектикине окшош.

Баатыр Манас жомогун Тыныбектен жат алып, окуяларынын чып-чыргасын коротпой, үчилтикти кенен-кесири ырдагандардын катарын толуктаган Тыныбек шакирттеринин ичинде Доңузбай өзгөчө баалуу орунда. Тыныбек манасчынын айылдашы, зирек шакирти, Сарырчыны (Бекбоо) дайыма ээрчип, анын сөзүн эсинде бекем сактаган, Сарырчыдан улам улуу жомокчу Тыныбекти эч баага батырбай көкөлөтө чалып сүйлөгөн, ал гана эмес небересинин атын Тыныбек коюп ырымдап, Тыныбек арбагын өлөр-өлгөнчө сыйлаган Назарбай карыябыз айтаар эле: «Сарырчынын (Бекбоонун) айтуунда Тыныбек көлдүк Доңузбай шакиртин жактырчу дейт». Доңузбай, «Манасты» төп айтат»-деп, жылуу эскертип турчу экен. Тыныбек өзүнүн ордуна жанында жүрсө, ошол Доңузбайга «Манас» айттырчу тура». Арийне,бул-Тыныбектин Доңузбай манасчынын жомокчулук касиетин ашкере баалагандыгы. Ага урмат-сый арткандыгы. Доңузбайдын Тыныбектей залкардын сын-сыпатына толгондугу. Бүгүнкү күндө биз Доңузбайдын шакирти, манасчылардын мыктысы Мамбет Чокморовду аябай урматтап жатабыз. Мамбет аксакалдын айтуунда «Чоң Казат» алдындагы чалгынга жөнөөрдө Алмамбет Сыргакты тандап албайт экен». ... «Очерктерде»... ошол жери саал башкачараак. «.. чоролордун кеңеши менен Алмамбет чакыртылат да, анын чалгынга бара турганы эскертилет. Алмамбет ага макулдугун берип, жолдош кылууга Чубакты сурайт. Алмамбеттин сөзүнөн кийин Манас макул болсо дагы Кошой бир нече себептерди айтып, буга каршы чыгат. Жалпы топтун чечими боюнча Чубакты жибербөөнү чечишет. Алмамбет болсо, Чубак менен бирге антташып койгондугун өтүнөт. Чубакты токтотуу милдетин Бакай өзүнө алат... Сыргактын жолдош болушу бул вариантта Алмамбеттин тандап алуусу менен эмес, өзүнүн кошулушуна байланыштуу өтөт».[1]

Бул жери Тыныбекте башкачараак. Чалгынга Манастын өзүнө эскертип суранып алып, жердин уусун, кытай-калмак жайын ашкере

[1] Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф.: Илим, 1988, 648-649-б.

толук билген Алмамбет өзүнөн да артык көргөн Сыргакты кошуп алып жөнөп кетет. Чубак баатырга ошол иш бейдайын. Өзү кеп-кеңештен чет болуп, чалгынга да барбай калганын кырк чоронун чуулусу Бозуулдан угуп, ошонун тукуруусу менен самсыган нойгут колун баштап алып, чалгынга кеткен Алмамбет артынан барып, калаба салып, чыр баштамак Чубак. Чубакты ийбиктирүүгө Манас баатырдын айтуусу менен Аккуланы тартууга жетелеп, Бакай ошондо барып, Чубакты ыкка көндүрөт. Манасчылар мектебинин түп жомокчусу Тыныбектин айтуундагы ушул жер Доңузбай шакирттин шакирти Мамбет баянында аз өзгөргөнү менен аягы барып түп нускага куят. Негизги салттуу мотив сакталат.

Теңдешсиз манасчы Тыныбек – манасчылардын чоң сынчысы. Ал өз устаттарынан баштап шакирттерине чейин, ал гана эмес, өз баласы манасчы Сооронбайга жүзүнө карабай нака баасын берген. Ошол кезде Акылбек, Келдибек деген жомокчулар бар деп, көл башына барып буларды көрүп, бир айча жүрүп бул ырчыларды «Чоңбашчалык ырчы эмес экен» – деп сын берип келди».[1]

Чоңбаш (Нармантай) Тыныбектин устаты, алп манасчы, «Чоңбаш кандай ырчы эле?» дегенде Тыныбек «Чоңбаш кыргыздын эң алдыңкы жомокчусунун бири эле. Чоңбаштын айткан жомогу ай!» – дегенде элдин оозунан көк түтүн буркурайт эле» – дептир. (Жогорудагы маалыматтан). Тыныбек Сагынбайдын «Манаска» ыгы жок кошмолой бергенин жактырбаган. Шапак Рысмендеевдин айтканына назар салалы: «Сагынбай» Манасты күчөп айтып турган кезде Тыныбек: «Сагынбай, Манаска көп кошумча кошпой нак айт» – деген.[2]

Тыныбектин Сагынбайга таккан сынын белгилүү «Манас» изилдөөчү Самар Мусаев улантат: «Сагынбай манасчынын вариантында айрым деталдык толуктоолордон башка, бүтүн эпизод кошулуп айтылуу да орун алган. Ал жомокко киргизген Манастын түндүккө жортуулу. Мекеге барып ажы болуп келүүсү сыяктуу эпизоддор «Манастын» сюжетиндеги мурдатан бери келе жаткан жомоктогу негизги максатка карама-каршы турат. Сагынбайдын жомокко өзүнөн мурдагылар айтпаган жаңы окуялар кошуп айтуусуна ал өзү тирүү кезинде эл каршы болуп, айрым адамдар ага, сен «Манасты» бузбай, кошумчалабай таза айткыныӊ» – деп эскерткен учурлары болгондугун Ы. Абдырахманов атайын белгилейт... Элдин өкүлдөрү өзү сүйгөн чыгармасынын тазалыгы үчүн дайым күрөшүп келгендигин жана талантына, эл арасындагы кадыр-баркына карабастан ар бир жомокчудан жомокту булгабоону талап кылгандыгынын ачык далили».[3]

Тыныбек өзүнүн эле уулу Сооронбайдын «Семетейди» өзгөчө сонун айтканына карабай Байбагышты (жээни) артык көргөн.

---

[1] А. Тыныбеков. Тыныбектин тарыхы. Китепте: Кыргыздар. Б.: Кыргызстан, 1991, 528-б.
[2] Улуу манасчы Сагынбай. 1992, 69-б.
[3] С. Мусаев. Китепте: С. Орозбаков. Манас. Ф.: 1978.

1902-жылда, – деп жазат А. Тыныбеков, — Нарындын Байдулу деген жеринде Тыныбек ооруп, баласы Сооронбай менен жээни Байбагышты ырдатып көрүп, «Балам Сооронбай, сен көп арбыга албайсың го, Байбагыш болсо дурус жомокчу болуп калган экен» – деген экен.[1]

Тыныбек «Манассыз» жашай албаган, «Манас» үчүн өмүрүн сайган эпик акын. Санжыра жагына келгенде, уламалардан кеп урганга келгенде, таңдайынан бал тамган сөз алпы экен.

Бир гана армандуу нерсе, бул атпай кыргыз журтунун да арманы, Тыныбектин «Манасынын» вариантын Сагынбай абанын вариантындай кагаз бетине түшүп калганда эмне?! «Манасты» «Манас» кунуна жеткирген кайран алп.

Биз Тыныбек баянын канчалык кастарлап айтсак да, ал кишинин аты-жөнү жалгыз кыргыздын кыйырынан чыкпагандай. Ал эми анын өз туугандарынан болгон, сөздү эң эле так сүйлөгөн, айылдык акын Алжанбай уулу Алмамбетте Тыныбек тууралуу учураган бир саптар бар:

...Туур кылбай дүйнөнү,
Туюгун аштың белести.
Туйгунум Акай дастаны,
Турпанга дайын эмеспи.
Кайрылбай аштың белести,
Кадырман Акай дастаны,
Кашкарга дайын эмеспи...
...Эртиштен барып олжо алган,
Эр Тыныбек атаңыз...
...Казактан барып олжо алган
Кадырлуу Тыным атаңыз...

Келтирилген ыр саптарында жогорку эки куплетте Актан Тыныбек уулунун дастаны Турпанга, Кашкарга дайын экендиги тууралуу кеп козголуп жатат. 1916-жылдагы тополоңдуу үркүн капшабы менен жанды аман алып калуу үчүн Актан Тыныбек уулу Турпан, Кашкарга дейре баргандыгы, шекердей ширин сөзү менен аңгеме салып, улуу сөзмөр кара жандарын, урук-тууганын асырагандыгы кимдерге гана маалым эмес. Ал гана эмес улуу Сагынбай манасчы, көп эле манасчылар, тууган эл-жеринен безип Турпан, Кашкарга барып, манасчылык, ырчылык, сөзмөрлүк менен жан баккандыгы дайын.

Ошондон улам Тыныбек жомокчу жөнүнөн өтө көп кабары бар Алмамбет анын Эртиштен (Иртыштан), казактан барып олжо алгандыгынан учкай кабар берип жатат. Тыныбек залкар бир боор казак туугандарга баргандыр. Баатыр Манас баянын ширин кылып, телегейин мелмилдете тегиз кылып, күндөп-түндөп

[1] А. Тыныбеков. Тыныбектин тарыхы. Китепте: Кыргыздар. 1978, 529-б.

жамгырдай төккөндүр. Көркөм сөздүн кынуусун алган нече нечен казак тукуму Тыныбек абаны тап жылдырбай тыңдага дыр. Ширин баянды угуп, нечендердин көксөөсү суугандыр. Акы Алмамбет кабары бекер эместир. Арбагы тирүү, кыдыр алейхи салам даарыган, шай колдогон Тыныбек ата дайыны ошол жа тан чыгып калгысы бардыр. Таттуу тилегибиз кабыл болсу ылайым, Тыныбек ата дайыны, «Манас» жомогу дайыны бі боор казак калкынын сар талаасынан дүңгүрөсүн! Тыныбек ат нын баа жеткис казынасынын ал айткан «Манасынын» че оюлбай бекте калды. Бекте калганы ошол, бул – улуу феноме дин айтуунда «Манас» кагаз бетине түшпөдү.

Тыныбек Жапый уулу эпосту эрдик кайрат менен аткарга кези кыргыздын элдик оозеки адабиятынын алтын доору болго муну эч ким тана албайт. Дегеле сөз жерде калбайт. Улуу Мана чынын дүйнөдөн көчкөнүнөн бери бир кылым өткөндө, Обонба Мамбет уулу араб ариби менен жазып калтырып, кирилица (орус арибине) көчүрүлгөн «Каныкейдин Манаска аш бериш өзгөчөлүгү эпизоду Тыныбек Жапый уулунун кара чечекей бал сы Актан жазып калтырган Тыныбектин «Алмамбеттин арманы эпизодду колго тийди. Бул да араб ариби менен кагаз бети түшүрүлгөн. Ошол адам атасынан үйрөнүп, комуздун сүрөө менен укканды карк кыла өтө бир чебер аткарып жүргөн «Кан кейдин арманы» окуясы азыр белгисиз.

# ҮЧҮНЧҮ ГЛАВА

## «АЛМАБЕТТИН АРМАНЫ» ОКУЯСЫ ЖӨНҮНӨН

Актан жазып калтырган Тыныбектин «Алмамбеттин арманы» араб арибинен орус графикасына оодарып, машинкага бастырып койдум. Бул табериктн элге сунуум керек. Бул – алдыдагы иш, каражатка байланыштуу.

Эпизоддогу окуялар ,мурдатан келаткан салттуу нуктан чыкпаган, улам артын окуганды самап көксөп, көркөм табитти тартып, окурман касиеттүү сөз казынасын аралай берет, аралай берет. Окуянын өзү окурманды эч кайдыгер калтырбайт. Элдин өелки өчү-кегин алуу үчүн кең Таластан үч ай бою самсып, тынбай агыла берип, келип жеткен кыргыз аскери жоо чегине жакындап, 40 күндөн бери өргүп жатат.

Ат семирип бук болуп,
Эр семирип нык болуп.
Аскердин баары жык толуп,
Жаркырап-жайнап жатканда,.
Тамашага батканда...

Алмамбет кол башчы кан Манаска башкача кеңеш салат. Катыла турган калмак-кытай арзан жообу? Чоң чабуул алдында аскер ишинде жоо жайынан чалгын чалуу деген бар. Коңурбай Бээжинин бекер береби? Жоо-жарагы, аскер күчү кандай? Не деген купуя сыры бар? Ошол кытай жеринен чыбыктай солкулдаган жаш кезегинде кырчылдашып, кан төгүшүп чыга берген Алмамбет жоо аскеринин толгон-токой купуя сырынан кабарсыз. Чалгынга барууга өзү менен кошо өрттөй жанган, сергек, жоо десе сүйүнгөн, жанындай көргөн Эр Сыргакты кошуп берүүсүн сабылып сурап, мазасы кетип турат. Кытай деген-кыйын жоо. Аскер ишин, душман сырын кадиксиз жакшы билген Алмамбетке жетеби. Манас Алмамбет сунушуна сүйүнүп, күлүп-жайнап макул. Ошо менен Алмамбет, Сыргак чалгынга жөнөмөк. Кан Коңурдун чек араны бек күзөтүү сырлары, не деген адам билбес кереметн бар экени Алмамбет көкжалга башынан дайын. Манаска чет-бучкагын чыгара айтып койду:

Кызыталак Коңур кан,
Тилийчн менен жол кармап,
Тикирейип ,кол кармап... сак турат.

Алмамбет, Сыргак чалгынга жөнөп кетти. Атайын жетелеген бартал (азык-түлүк) арткан унаасы бар. Чубак, Бозуул баш болгон өңчөй көй төрөлөр ордо атышып, оюн кызыгына батып кетти эле, чүкөдөн атайын чыр чыгарып, Бозуул Чубактын намысына тие Алмамбет, Сыргак чалгынга кеткенин, Чубак чүкө талашып мында, кежилдешип турганын, Манастын иниси экенине

мактанып жүргөн Чубак дайыма кеп-кеңештен каларын айтып, «жалгыз ооз абандан, жайланып уккан кебиң жок» – деди.

Манас менен тең болсоң,
Чалгынга неге барбайсың.
Чатыратып жылкы айдап,
Орто жерге салбайсың.

Ачуусу өтө чукул, өрттөй күйгөн Чубак дароо Нойгут колун чакырып, жер соолган көп колду ээрчитип, Алмамбет артынан кетип, так Кытай жеринде аны менен өлүшмөккө аттанды. Баарына баш-көз Ажыбай бул кабарды Манаска жеткирип, Манас акылдан адашып, эндиреп калып, эсине келе Бакай абасын чакыртып, Аккуланы тартуулап бул чырды токтотууну,Чубакты кайтарып келүүнү тапшырат.

Чубак: «Жоону сайсам, мен сайдым,
Аты калды Манаска» –

деп өктө айтып, Манаска карарып кеткен. Карарса да акылдуу жан экен. Аккуланы тартууга алмак турсун, аттын жүзүн бери каратпоосун суранып, Бакай абасын ыраазы кылат. Бирок Манас өзү Чубакты чалгынга кеткен Алмамбет, Сыргакка кошуп келүүсүн суранат. Манаска Чубак кадыры артык эле. Тууганды-гы гана эмес, эрдиги, кытмырдыгы жок жогорку адамгерчилиги жагуучу. Манас Чубактын сөзүн макул алып., аны ээрчитип, жанында кырк чоронун бири Жойбур бар, Алмамбет, Сыргак артынан жетет. Чубакты да кошкону келгенин укканда, Алмамбет жаалы катуу кармайт. Чубак чыры менен алардын айласыз келгенин, адал кызмат кылса да жакпай турганын айтып, Алмамбет Манаска таарыныч кылат. Чубак кылыгын итке теңейт. Чырга чукул ,өрт Чубак Алмамбетке атырылып, эки дөө, эки кол башчы бирин-бири жайлап салмакка найза салышканы беттешип калганда, Манас, Сыргак арага түшүп, күч менен зорго ажыратат. Манас экөөнүн бул адамгерчилексиз кылыгын айтып, катуу тилдейт. Чуу салган Чубак болсо, бейкүнөө тил укканына Алмамбет катуу ардыгып, Манаска жүйөө сөз сүйлөйт.Чубак өз кылыгына өзү уялып, Алмамбет сөздөн калат дулдуюп. Эптүү Сыргак – эр Сыргак шапа-шупа барталды түшүрө салып, арак куюп чырдашкандарга ичирип, чырды баскандай болот. Адал кызмат кылса да кыргыз-алашка жакпаганына пейили карара түшкөн Алмамбет эли-жерине, кытайына кетмекке жолго түшөт. Чубак менен эпчил Сыргак Чубак аты Көктекеге учуп жетип, Алмамбет алдына туура тартып, Алмамбет таарынычын таратат. Сөзгө жүйрүк эптүү Сыргак Алмамбет, Чубакты акыреттик дос кылып, дүмбөктүү чырдын аягына биротоло чыгат.Көңүлү жайланган кыраан Алмамбет өзү менен беш баатыр: Манас, Чубак,

Сыргак, Жойбурду Саяз тоонун кара сеңирине алып чыгып, Кытай жери, Бээжин шаары менен тааныштырып, дүрбүдөн караттырат. Манас баатыр Алмамбеттен:

«Кызыктым Бээжин өзүнө,
Көчөсү менен кыдыртып,
Көрсөткүн менин көзүмө» – деп суранат.

Алмамбет Манас баатыр талыбас тулпар Аккуласы менен эмес экендигин, мингени солку жылкы Айбанбоз экендигин айтып, Калабалуу Кытайга мындай начар ат менен барууга болбостугун түшүндүрөт. Ажал жетсе Аккуланын үстүндө деле өлөрүн:

...Тагдырга ажал жазылган,
Ташка мөөр басылган
...Кудай ажал салабы?
Кудай салган ажалдан,
Коңурбайдай дажаалдан,
Кулат айрып калабы? –

деп айтып, Манас тек болот. Кан Манастын бүйрүн кызыткан Кытай жеринин көрүнүшүнө көз жибергиле:

Мунарык тартып бурчтанган,
Булуң болуп учтанган,
Чоң Бээжин деген жер ошол,
Толкуп жаткан көл ошол...
...Эр Коңурбай бек ошол,
Эсен кандын эли ошол,
Каарында алганда,
Каптап кетчү сел ошол.

Же болбосо байлыгына саресеп салып көргүлө:

Жакуттан салган такта бар,
Алтындын бары накта бар,
Күмүштөн салган короо бар,
Жамбы көмгөн ороо бар.

Ушулар Алмамбет байманасынын чет-чебери гана. Санжыргалуу Бээжинде Алмамбет жаштык доорун аябай сүргөн. Эми Алмамбет адамдан жакын ынагы Сыргагын ээрчитип, Бээжин калаасына кетет. Манас баатыр, беркилер ошол жеринде калышат. Сыргак, Алмамбет баатырдын мурдагы байманасы ташыган, айтып бүткүс жыргал күндөрүн бекер эле айтып, куса болуп жатпагандыгын чындап түшүнүп, кайра анын өзүнө айтып берет.

Эми айтайын кебимди,
Көрсөттүң гүл бак жериңди.
Азиз кандын Алмамбет,
Эми билдим бегиңди.
Албан кытай элиңди,
Анык билдим тегиңди.
Алтындан салган тамыңды,
Алтын ордо багыңды,
Азиз кандын Алмамбет,
Анык билдим каныңды.
...Толкуп жаткан көл экен,
Толкуп жаткан эл экен.
Ортосу Бээжин дуңшаны,
Оёнуң билген сен экен.
Кандык сага ылайык,
Кандай айтсаң эп экен.

Мурдатан Сыргак Алмамбетти барынан артык сыйлаган, анын эң чоң инсан экенине шек кылбаган. Эми Алмамбетке сый-урматы мурдагыдан да арта түштү. Эгиздей болуп ээрчишкен эки баатыр андан ары мурдагы Алмамбет кандын сейил багы «Жыргал Бактан» баштап, калган бейиштей болгон жайлары менен таанышып чыгат. Көркөм айтылган ушул «Жыргал Бак» баяны башка манасчыда жок. Ошол кыдырып жүргөн учурда Алмамбеттин күйүтү ташыгандан ташыйт. Анын мурдагы жайлары урандыга айланган. Кандын өзү жүргөн жайлары талоонго түшүп, кароосуз калган. Мыкты жерлерге, адам сейил кураар ажайып кооз жайларга чочко жайып таштаган. Чочконун иши чочко да, тумшугу менен казгылап, ишбалдасын ченемсиз чыгарган. Ушунун бардыгын Алмамбет качып кеткен соң душмандары аёосуз жырткычтык менен жасаган. Алмамбет элине киши көрбөс кордукту салган. Эли дал-далынан бөлүнүп тарап, туш-тушка сай-сайлап тентип жоголгон. Карыптын күнүн көрүп калган кайран эл. Башка эл ээлеп алган калаасын. Башкалар сурак жүргүзүп кирген. Алмамбет төлгө кылып тигип кеткен чырпыгы кучак толо чынар болуптур. Ошону кучактап, бардык муңун төгүп алып, кыраан Алмаң карыларды үй-үйүнө киргизип, калган элди кылычтап кырып, найзалап талкалап, канабайрам салып жиберип, Сыргагы экөө андан ары кетет. Келатып Каспандын Кара-Суусунун Шитай кечүү, Таш кечүүсүндө жылкычы башы кексе Карагулду кезиктирип, ал Алмамбетти жаземдебей Айсараласы менен кошо таанып коёт. Качып жөнөйт. Каадасынча кытайча кыжылдап Алмамбет артынан түшүп, окуя ада болот.

Сөз берметтеринен куралып, таттуу айтылган бул эпизод Тыныбек манасчынын ченде жок чебер экендигинен толук кабар берет. Бозбаш жаш кезинде кандыкка көтөрүлүп, атасы Азизкан

курдуруп, атайын Алмамбет үчүн арнаган сейилдөөчү паркты жөнсалды баяндап койгонунда эле адам оңой менен келе бере албай турган көркөмдүк бар:

Перидей болгон кыз менен,
Жүргөн жерим – Жыргал Бак.
Кызык дооран дүйнөдөн,
Сүргөн жерим – Жыргал Бак.
Башаалык алтын тактыга,
Минген жерим – Жыргал Бак.
Манжууларды Эр Алмаң,
Билген жерим – Жыргал Бак.

Мында жердин көркөмдүк касиетин арттыруу үчүн устатта редифтик кайталоодо «Жерим», «Жыргал–Бак» деген зат атоочтор улам кайра колдонулуп, кыскартылып айтылып кайталанат, ал эми бир саптагы сүйлөм башына «жүргөн», «сүргөн», «билген» сыяктуу кыймыл-аракетти билдирген этиш сөздөр уйкашып келип, сөздүн экспрессивдүүлүгү аябай арткан. Ушундан улам сөз боёктору менен шөкөттөлгөн сүйлөмдөрдүн угулушу, окулушу өтө кооз чыккан. Алмамбеттин кытайда экендеги эң сонун көркөм элес менен алдыга даана тартылган. «Манас» айткан кийинки залкарлардын ичинен Сагынбай Орозбаковдун вариантындагы көркөм поэтикалык өзгөчөлүктөр так ушул Тыныбек устатын өткөрө мыкты касиетинен, шарапатынан деп батылдык менен айтууга болот.

Биз эми Тыныбек варианты менен Сагынбай вариантын баштан-аяк айтып өтөлү. Устат менен шакирттин окшоштуктары менен өзгөчөлөктөрү ошондо ачылат. Алардын «Манас» айтууларында тигиниси да, мунусу да ургундай пайдалана берип «Манас» изилдөөчүлөр айткандай, «жешилип бүткөн» сүйлөмдөр, эпикалык формулалар, кайталоолор кезиккенден-кезигет, ошол эле учурларда алар өз табылгалары менен бири-биринен окчун кетип олтурат. Поэтикалык эң кооз саптардын, сүрөттөөлөрдүн шедеврлери катары тамшанып, суктанып мисал келтирген айрым учурларга токтоло өтөлү. Сагынбай вариантында Манастын колунун жол жүрүп бараткандагы көрүнүшүн сүрөттөгөн жери:

Найзанын учу жылтылдап,
Аскердин башы кылкылдап.
Жер союлуп былкылдап,
Көргөндө жүрөк болкулдап,
Кан найзалар солкулдап.
Очогор мылтык жаркылдап,
Кылычтын баары шартылдап,
Калкандын баары калкылдап,

Аргымак аттар алкылдап,
Алтындуу туулар жаркылдап.
Жебенин огу шартылдап,
Асабалар жалпылдап[1].

Жүрүп бараткан аскер колунун көрүнүшүн ушинтип поэзи эмес, колуна кыл калемин кармаган сүрөтчү не бир түркүм бо торун алдына жайып олтурса да көркөм полотнодо, же азыр заман техникасынын эң мыкты аппараттары менен куралдан алып, бардык жасалгалары, актерлору, дагы эмне-эмнелери мен олтурса да киночу көркөм тасмада минтип келтире алышы, кудайым билет. Мүмкүн эмес го. Мына көркөм картина. А бир Тыныбек залкар да кезегинде дал ушундай керемет картина та тып койгон экен. Анда Чоң Казаттын алдында, Алмамбет, Чуб чалгын жолун талашып, акыр-аягында достошуп, элдешип, Алак таарынычы тарап, Манас, Чубак, Сыргакка, кырк чоронун м тайымы Манастын колтугуна дайыма кире жүргөн, сөзгө жүйр Жойбурга Бээжинди дүрбү менен караттырат. Манастан корку анын келгенин билип калган Коңурбай калча аскерин топто Бээжиндин бери жагына нак Каспандын кара талаасына аскерде тирүүлөй чеп жасаттырып жаткан. Мына ушундайча эки улу сүрөткерде эки башка картина. Сагынбайда аскер жүрүштө. Ты ныбекте Коңурбай аскери коргонууда. Баяндоо саптары окшо келип, Тыныбек көп жерде өз боёкторун көбүрөөк сүртүп кеткен Тыныбек «Манасынан» «Алмамбет арманы» жайынан сөз болу жаткан соң, бул жөнүндө айта өтөлү. Сүрөттөмөнү «Манасты Тыныбектен эң эле көп угуп жүргөн, куйма кулак сөзмөр, кепк канык Жумабай карыядан угуп, аны төкпөй-чачпай айтып берге мурдагы мугалим, анын уулу, көкүрөгү каттай Жумабаев Асан кулдан жазып алганымды ортого салайын.

Тыныбек сүрөттөмөсү:
Найзанын учу жылтылдап,
Адамдын башы кылкылдап.
Жер союлуп былкылдап,
Жебенин огу жаркылдап,

Очогор мылтык шартылдап, – деп келип, Коңурбай кошуунун сүрөттөөгө өтөт:

Бир түркүнү ак болуп,
Каруу-жарак карк толуп.
Бир түркүнү сары болуп,
Сардарын көргөн таң болуп.
Бир түркүнү көк болуп,

[1] Б.: Кыргызстан, 1995, 20-б.

Жүк артканы лөк болуп.
Кыжылдаган кытайлар,
Кумурскадан көп болуп.
Көргөндө жүрөк болкулдап,
Көк найзалар солкулдап,
Каспаңдын кара талаасы,
Кошуун менен карк толуп,
Он жүз миңден кол менен.
Калааларын кайтарып,
Аз гана эмес мол менен,
Кошуун өтүп туруптур,
Аркы-терки жол менен.
Колдун өткөн жерлери,
Казылган кара жол болуп.
Оңу келип сол болуп,
Солу келип оң болуп.
Жанагы айткан доотайга,
Кайрат айтып чоң болуп,
Манастан коркуп шек кылып,
Кошуунун шаарга чеп кылып.

Аскер кошуунун көрүнүшүн Тыныбек өңгө манасчылар салтындагыдай саптар менен сүрөттөп келатып эле, өз кереметтерин көрсөтүп, түрлөнтүп, укмуштантып жиберет. Жогорку сүрөтөөдөгү... «очогор мылтык шартылдап»... дегенге чейин Тыныбек саптары Сагынбайга окшош (а балким Сагынбайдыкы Тыныбекке окшош) анан эч кимге окшобогон көтөрүңкү, кубулжуган мурдагыдан да жатык, кооз саптар менен кичинекей эпизодду Тыныбек өзүнчө ырга салган. Алмамбет баатыр баянында эки манасчыда негизги сюжеттик нук бирдей. Бирок Тыныбек устаттын артыкчылыгы көрүнүп эле турат. Мүмкүн Алмамбет арманы Сагынбай залкар айткан «Манастын» академикалык басылышында башкача, кенен, сөз ширеси менен китепке кирер. Мурдагы 4 томдукта деле кенен айтылган.

Бирок да Алмамбеттин Кытайдагы мурдагы кандык кылган кези анын жүргөн-турган жайлары, атасынын уулуна жагынган (ообо, болгондо да аябай жагынган) «Алмамбет көңүлү бузулбай, уулум колумда жүрсө экен» деген ак эткенден так эткен далалаты, эч бир адам уулуна эч качан жасабас камкордугу, Алмамбет үчүн көзүнө эч карабай ушатылган байлык, курдурулган керемет жайлар, Бээжин деген даңазалуу улуу шаар, админстративдик-териториялык бөлүнүш, анын атасынын тек-жайы, алдына баш ийдирилген 30 кан бөжүрөп карап турса да Алмамбет кысымда болгону, Тыныбек айткан варианттагыдай эмес, үстүртөдөн кетип олтурат. Муну окурман өзү окуганда толук баамдай алат. Тыныбек баяны ширин, көркөм. Ушул артыкчылыктар Тыныбектин ыр саптарынан байкалат.

Сагынбайда Алмамбет Кытайга чалгын чалууга жоодон качпаган, чыдамдуу, бышык, сөзгө чебер киши жиберүүнү Манастан, элден сурайт. Эч ким чыгып, коркпостон чалгынга кете берерин айта албайт, баары жер карайт.

Манас:

Эзелден жайын билесиң,
Эрдик кылсаң өзүң бар!...
...Барган менен баатырлар,
Байкап жайын биле албас.
Балдыраша сүйлөшүп,
Бадыректен тил албас,

Кытайдын жайын биле албас... – деп Алмамбеттин өзүнө кайрылат. Тандап жолдош алуусун сурайт.[1]

Алмамбет Сыргакты жактырат:
...Сыны Сыргак, ашык эр...
Өкүмөт өткүр сөзү бар,
Сундуруп найза тартпаган,
Сурданып жоодон кайтпаган.[2]

Ажыбайдан Карткүрөңдү кадыр салып сурап алып, коштоп чалгынга жөнөшөт. Тыныбекте Алмамбет Кытайга чалгын чалуу жөнүндө кеңешти Манастын өзүнө эле салат. Бул акыл-масилетке Чубак катышпады.

Алмамбет Манаска:

«Баатыр сага эп болсо,
«Макул» – деген кеп болсо,
Батыраак чалгын чалайын,
Барып кабар алайын,
Сыртынан чалгын чалайын,
Сыргакты кошуп алайын»[3].

Манас ыраазы болуп, макул кетет. Эки залкарда тең Алмамбет, Сыргак чалгынга жөнөп кеткен соң, ордо үстүндө чыр чыгып, Бозуул Чубакты көкүтүп: «Кытайдан келген кул Алмамбет кан да болду, ал чалгынга кетсе, Манас иниси боло туруп сен калдың, же эч болбосо кеп-кеңеште жоксуң» – деп арам ойнун баштайт. Чубак нойгут колун баштап, Алмамбет артынан аны менен өлүшмөккө аттанат.

---

[1] С. Орозбаков. Манас. 4- китеп. Ф.: Кыргызстан, 1982, 12-б.
[2] Ошондо эле. 14-б.
[3] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма, 2-б.

Ушул жери Сагынбайда:

Артынан жетип акыры
Алмамбет кулду соём деп,
Нойгуттар атка мингин деп...
Асынып мылтык жонуна
Найзасын алып колуна,
Аламан жөнөп калганы.[1]

Тыныбекте:

Кайдасың, Нойгут элим?! – деп,
Канкордон сууду демим! – деп
Ногойдон Нойгут кем беле?
Чалгынга Кытай кул барып.
Оорукта калчу мен беле?
...Аталашсам атам – тең,
Баталашсам, батам – тең,
Эл салышсам, элим – тең.
.. Кайгуулга кеткен Кытайдын,
Аркасынан барам» – деп.
Как Бээжиндин өзүндө
Аябай найза салам» – деп.
Чубактын чуусун укканда,
Чуркураган көп кошуун,
Селдей каптап чыкканда...[2]

Чубак баштаган чууну уккандагы Манас акыбалы Сагынбайда:
... Баатырсынган Манасың,
Алдырады ушуга...[3]

Тыныбекте:

Канчалык баатыр болсо да,
Карап калды элейип.
Чочуп калды селейип.[4]

Чубактын баркы Сагынбайда:

Нойгуттун оён Чубагы,
Ойрондун бири бу дагы.[5]

---

[1] Сагынбай. Манас. 4-китеп, 188-б.
[2] Тыныбек. Алмамбет аманы. Кол жазма 6-7-8-б.
[3] Сагынбай. Манас. 4-китеп, 189-б.
[4] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма. 8-б.
[5] Сагынбай. Манас. 4-китеп, 189-б.

Тыныбекте:

Казатка кирсе кан төккөн,
Баатырлыгы дагы бар...
Кылчайып карап койбогон.
Жыргалдыгы дагы бар...
Чубактай жолдош табылбайт,
Оңу ишке таарынбайт.
Чубактан жаңжал чыкканда,
Ачылган абийир жабылбайт...[1]

Тыныбектик саптардын өзгөчөлүгү өзүнчө. Аккуланы жетеле ген аксакал Бакай барганда Сагынбай баянында Чубакк жө салды эле уялып калат:

...Акбалтанын Чубагы,
Аккула атты кындыйтып,
Абасы Бакай келген соң,
Апкаарый түштү бу дагы.
Уялбас уул бетиби.[2]

Тыныбек баянында Чубак жөн эле уялып калбаганын, Айкө Манас менен Аккула касиетине эч ким оюна келбеген, көсө Чубак баамына гана урунган улуу сөздү айтып турганын көр:

Малдан асыл жаныбар,
Сыймыгы учуп кетпесин...
«Кула аттын башын бургун» – деп,
Кулатты нары каратып,
Анан кебиң ургун» – деп,
Оңойлук менен пендеге
Тартууга жүрчү мал эмес...
Башында бар сыймыгы,
Атагы малдан башкача...
Аккула-малдан соо эмес,
Айкөлүң арзан жоо эмес,
Бадыша Манас айкөлгө,

Басташуучу жоо эмес... – деп келип, күлүстөн Чубактын сайдын ташындай чулу, көсөм сөзүнө кара:

Жалпы Түрктүн уулуна.
Жайдары Манас–жалгыз кан.

---

[1] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма. 8-б.
[2] Сагынбай. Манас. 4-китеп. 191-б.

Манас жүрбөйт айтууга,
Аккула жүрбөйт тартууга...[1]

Ушул улуу сөз Сагынбай «Манасынын» академиялык басылышында эле кезикпесе, Тыныбектен башка эч бир манасчынын сандыргалуу кебинде учурабайт. Ошентип, Чубак айдыңы бийик Манасты сыйлап, Аккуланын касиетин сыйлап, аны тартууга албай эле Бакай абасынын сөзүн угуп, ага макул. Бар сураганы Манас Чубакты Алмамбет, Сыргак чалгынына кошуп келүүсү. Бакай Чубакка ыраазы. Ал эми Сагынбай вариантында Чубак Аккула тартуусуна карабай, Бакайдын тилин албай кежилдешип жатканда, Манас келип калат. Эки вариантта тең (Тыныбек, Сагынбай варианттары) акыр аягы Манас Чубакты ээрчитип, Алмамбет, Сыргакка кошкону кетет.

Аккула коштоп Бакай артынан барганда, Чубак Манаска кылган жакшылыктарын, ошо менен кошо таарынычын айткан жери бар. Сагынбай айтуусунда Чубактын Манаска сиңирген эмгектери:

...Ногойдон – Манас, Нойгут – мен,
Ойлонгун, Бакай, муну сен...
...Чылаба кандын тоюнда...
...Кашыңда турган Чубак кул,
Арбак урган Кытайдын,
Алты алпын сайып алды эле,
Акимсинген канкоруң (Манасты айтып жатат)
Көшой бийдин тобуна,
Коркуп кетип калды эле.
Жалган беле, чын беле?
Ушу турган Чубактан,
Урганың Манас тың беле?
Ногойдон нойгут кем беле?
Чубактан Манас эр беле?
Алдырбастан Сайкалга
Жалган беле, чын беле,
Айрып чыгып кеткеним?!...
Айчак дөөнүн баласы
Алдыратып Манасты,
Ала турган болгондо...
Айрып чыккан мен өзүм,
Ташкендеги Панус кан,
Каар салып калаасын,
Алып берген мен элем.
Аскер айдап, кол баштап,
Жүргөн Бакай сен элең.[2]

---

[1] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма, 10-б.
[2] Сагынбай. Манас. 4-китеп, 192-193-б.

Тыныбек айтуусунда Чубак Манас тууганына сиңирген эмгенин айтып өктө кылып тургандагысы:

...Жоону сайсам мен сайдым,
Аты калды Манаска.
Атпай түркке ээ кылып,
Ата кылдым алашка.
Аңгерини кубалап,
Кондурдум айлын Таласка.
«Өлөндүү жерге өрт койдум,
«Манастын өртү» – деп койдум...
Өзөрлүктү карматып,
Олжого алдым Ооганды.
Менин колум тийбеген,
Кандай пенде соо калды?!...
...Манастан жоону көп сайдым,
Баатырым сайды! – деп сайдым.
Ар качан жоону көп сайдым,
Арстаным сайды! – деп сайдым.[1]

Ушул мисалдардын баардыгын Чоң Казат алдындагы чалгындын окуяларынын өнүгүшү устат менен шакирттин баяндарында негизинен бирдей нук менен кетээрине баам кылуу үчүн, эки залкардын ыр саптарынын поэтикалык көркөмдүк касиеттерин салыштырып, аңдап түшүнүү үчүн толугураак келтирип жатабыз.

Алмамбет, Сыргак чалгынында Сагынбай вариантында эки баатыр Коңурбайдын душман келсе билдирип туруучу кароолчулары Аккулжа менен Өрдөк жаткан жайга жеткенде эле жок болуп чыгат. Душман Манас жоокерлери (чалгынчылары) келгендигин Коңур Калчага билдирүүгө жылт койгон.

...Өрдөктү таппай көлүнөн,
Кулажаны таппай белинен.[2]

Тыныбек вариантында бул эпизод таптакыр башкача. Баатырың Алмаң, Эр Сыргак Коңурбайдын сыйкырдуу кароолчулары Аккулжа менен Куу Өрдөктү аярлык менен жок кылышат. Ал гана эмес Тыныбек вариантында башка манасчыларда аты эч угулбаган тилийчн деген капканы бар. Ал да ариби арбын Коңурбайдын жолго койгон тосмосу. Өзү пери (пери кайтарат). Ошону да талкалашат. Ал капканга түшкөн адамдын аягы асманга чыгып, башы ылдый карап гана тура берет экен. Ошол Тыныбек эпизодунун айрым саптарынан:

[1] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма, 7-б.
[2] Сагынбай. Манас. 4-китеп, 199-б.

...Арип менен салдырган,
Тилийчн салган капкан бар...
...Калкагар деген бийик бар,
Анда Аккулжа деген кийик бар.
...Тумшугунда кылы бар,
Кыл эмес кара сымы бар...
...Айласы чың Куу Өрдөк,
Кан Коңурдун тилийчн,
Сым менен кабар берчүүсү.[1]

Бул үчөөндө Тыныбек баяндарындагыдай өңгө манасчыларда мындай сыпатталбайт. Сагынбай вариантында Чубак чалгынга кеткен Алмамбет, Сыргак артынан барып, Манас менен чогуу кетсе да, Манастан мурда жетип салам айтса, анын кандай максат менен келип калганын билген Алмамбет алик албайт. Сыргак алик алат. Алмамбет, Чубак бири-бирине тууралаңып турганда, Манас баатыр келет. Алмамбет Чубакка таарыныч кылганда таарынычын угуп, Чубак кепке уялып, Алмамбеттин тилинин бардыгын көтөрөт, чыдайт. Чубак чоң кишичилик кылат. Алмамбет ыраазы болот. Тыныбек вариантында башка. Калбаат, көтөрүмдүү, бардыгын акылга салып калчап, анан барып иш кылган Алмамбет чукул, курч, өтө орой кетет. Баатыр Манас Алмамбетке «агаң Чубагыңды ала келдим, баатыр» деп, каалгадай кашка тишин жаркылдатып күлгөндө эле, Алмамбет Чубакты «ит» деп тилдеп салат. Өрттөй күйгөн, башынан чогоол, чырга өзү эле жакын Чубак кайра Алмамбетке атырылат. Алмамбет Манас баатырга айтып турат:

...Агалуу киши зор экен,
Агасы жок кор экен.
Талашканы Чубактын,
Чалгынды чалчу жол экен,
Чалгынды өзүң чала кой,
Бээжиниң качып кеткен жок,
Мен барбаймын бара кой.[2]

Анан дагы айтат: Мен, баатыр Чубак агам бар деп мактанып жүрбөдүм беле, чалгынды мурда чогуу чалышпадык беле, качан көңүл калыштык эле? – деп. Чубак Алмамбеттен кем эместигин айтып, ал адегенде эле «ит» деп жибергенине жини келет. Чубак башта Манастын аскер башчысы болуп келгенин, ошондо көп жерди багындырганын айтат:

[1] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма, 14-б.
[2] Тыныбек. Алмамбет арманы. 34-35-б.

...Алтайдан айдап жылкы алдым,
Кашкардан талап мүлк алдым.
Жаркенди талап бөз алдым,
Аксыны талап жез алдым,
Турпанды талап нар алдым.
Алтын, күмүш зар алдым.[1]

Андан ары алты шаар уйгурду, жети шаар Анжиянды, кон, Маргалаң, Баргана (Фергана), Наманганды алганды Самаркан, Букарды багынтканын айтып өтөт. Иранга чейин гуш ачканын, Индинин каны Нескарадан бери чөк түшүргө санап өтөт.

...Баранга салдым каранды,
Түрк уулунда бар бекен?
Чубактан көргөн залалды.
Мында Алмамбет бар белең?
Анда Чубак кор белем?
Акбалтанын Чубактан
Алмамбет Кытай зор белең?!...[2]

деп кекетип турат.

Алмамбет кайгысы башынан ашып буулугат.
...Кытай да болсо зор экен,
Кымбаттуу эрдин шору экен.
Кыйын, мыкты болсо да,
Кыйырынан азган кор экен,
Кыйрынан азып жүргөнчө,
Кыямат жолу оң экен.
Бээжинде мен да кан элем,
Мен дагы сендей жан элем.
Акылсыз наадан сен турсун,
Мен, айкөлүңчө бар элем,
Бек элем берен болгомун,
Төрө элем төмөн болгомун,
Эр элем элким болгомун.[3]

Бээжинден чалгын чалганым,
Кашкайтып бүлүк салганым,
Ал кызматым ким үчүн,
Белгилүү кыргыз эл үчүн,
Берен Манас эр үчүн – деп кетет.[4]

---

[1] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма, 14-б
[2] Ошондо эле. 32-б.
[3] Тыныбек. Алмамбет арманы. 34-35-б.
[4] Ошондо эле.

Кыргыз-алашка Алмамбет кызматы зор. Ошого карабастан Чубак өкүм сүйлөп, «Тентиген кул» дей берип, кемсинтип турат. Алмамбет да күйгөн өрт. Ошондо чындап ачуусун токтото албай калган Алмамбет айтып жатпайбы:

Кылым билген дөө болсоң,
Кыргызга Чубак ээ болсоң,
Кыйырыңдан азып не келдиң.
Кара чоктун айынан
Каңгайдан тентип мен, келдим.
Калкымдан азып сенделдим,
Кан Нойгутту таратып,
Калкыңдын барын каратып,
Кандайча тентип сен келдиң?..[1]

Тыныбек бул жерде Нойгутту кыргыздан бөлүп, бөлөк-бөтөн, кытайдай эле башка калк кылып берип жатат. Тарыхта Нойгут эли кыргыздай эле башка, байыркы эл. Кийин бара анын айрым бөлүгү кыргыздашып кеткен. Тарых изи сакталып турат бул жерде биздин божомолдо.

Чубак, Алмамбет экөө найзалашып өлүшө турган болгондо, Манас, Сыргак арага түшүп, Чубактын Көктеке атын тартуулап, Алмамбет таарынычын таратышат.

Тыныбек, Сагынбай варианттарынын андан аркы окуялар өсүш нугу негизинен бирдей. Тыныбек тигиндей айтыптыр, шакирти Сагынбай неге мындай айтат деш адилдик эмес. Окуялардын мотивдери аз-аз башка-башка кетип, кайра эле бир нукка кошулуп олтурат. Окуялардын тигил, же бул манасчыда аткарылышы, ал ошолордун чыгармачылык дараметине, ошолорго карай сөз курай алгандыгына байланыштуу. Устаты, шакирти болгон бул эки залкарда ырды көркөмдөп түзүүдө чыгармачылык эргүүсүнө карай өз бет алдынча кеткен саптар, чакан эпизоддор бар. Ошондой болбогондо бул улуу-кичүү эки алп мындай зор даңазалуу кетмек эмес.

Окуялардын андан ары өнүгүшүндө чалгын жолун талашкан Чубак Алмамбет менен элдешкен соң, Алмамбет дүрбү менен Манас, Чубак, Сыргак баатырларга (Тыныбекте бул жерде кырк чоронун сөзгө жүйрүгү Жойбур да бар) Бээжин шаарын караттырат. Тыныбекте дүрбүнү колго алуу жөнүндө Алмамбет айткан жери:

... Айтылуу эрлер барыңар,
Айнеги жакут дүрбүнү
Колуңарга алыңар,
Терең сөздү ойлонуп,
Тике көзгө салыңар...[2]

[1] Тыныбек. Алмамбет арманы. 47-48-б.
[2] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма. 47-48-б.

Сагынбайда:
...Аттан түшүп барыңар,
Аз олтура калыңар,
Айнеги жакут дүрбүнү,
Колуңарга алыңар,
Оң көзүңө салыңар...[1]

Сагынбайда:
Төрөсү менен төрт баатыр,
Дөбөгө түшө калганы.[2]

Тыныбекте:
Төрөсү менен беш баатыр,
Дөбөгө түшө калыптыр...[3]

Баатырлар дүрбү кармаган жери Сагыынбайда эки гана
Төгөрөгүн көрмөккө,
Көзүнө дүрбү салганы...[4]

Тыныбекте ушул эле сүрөттөмө кеңири:
Бой тумар чалыш кабы бар,
зумуруттан кылган сабы бар,
Айчылык жолду алдына
Алып келчү табы бар.
Айнеги жакут чоң дүрбү,
Кармап алып сабынан,
Каңырыгы бек түтөп,
Сууруп алып мойнунан,
Оён Алмаң ойлонуп.
Оң көзүнө салыптыр,
«Ойрон болгон Бээжин!» – деп,
Оолугуп карап калыптыр,
Берениң дүрбү алганда.
Белеске түшө калганда
Манас да алды дүрбүсүн,
Баштатан болгон үлгүсүн
Чубак да алды дүрбүсүн,
Чукулдатчу үлгүсүн,
Сыргак да алды дүрбүсүн,
Сым тарткандай үлгүсүн.
Жойбур да алды дүрбүсүн,
Айлык жолду алдына
Алып келчү дүрбүсүн...[5]

---

[1] Сагынбай. Манас. 4-китеп, 213-214-б.
[2] Ошондо эле.
[3] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма, 48-б.
[4] Сагынбай. Манас. 4-китеп.
[5] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма, 48-б.

Көз менен бир эле карап өтөөрлүк кичинекей кыймылды эптештирип, ушуга да кенен токтолгон тыныбектик эпикалык арымды көр. Сөз алпынын кенедейди кеңейтип, кең айтканга жасаган пейилин көр.

Чоң Бээжиндин кээ бир көрүнүштөрү Сагынбайда:

Бурчтанып жаткан мунарык,
Булуңдап жаткан тунарык.
Мурунку Бээжин жер эле,
Бул олтурган кулуңдун,
Белине таңуу эл эле.
Буталач журту дээр эле...[1]

Тыныбекте:

Бурчтанып жаткан мунарык,
Булуң тарткан тунарык,
Мурунку Бээжин жер эле.
Болжолу жок калың журт,
Бул олтурган Алмаңдын,
Белине таңуу эл эле...[2]

Аз ган сөз алмашпаса сапма-сап окшоштуктар. Жэ дагы Тыныбекте:

Оң жагында оркойгон,
Алтын тоонун кени эле,
Тоосунун аты – Бучала
Чыккан чөбү күчала,
Кантун, какан аралаш,
Жалпы жердин сарасы,
Бер жагында мелтиреп,
Жаңшаңдын сары талаасы,
Ошол жерди жердеген,
Мен, Азиз кандын баласы...[3]

Сагынбайда:

Тоосунун аты Бучала,
Чыккан чөбү күчала.
Кентун, какан арасы,
Анча-мынча бу жерде,
Көрүнүп турат карасы.

---

[1] Сагынбай. Манас. 4-китеп, 214-б.
[2] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма, 49-б.
[3] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма, 49-б.

Оң жагынан оркойгон,
Алтын тоонун кени эле...[1]

Бирин-бири кубалаган устат, шакирт саптары ушундайча окшошуп келип, Бээжин көрүнүштөрүн сүрөттөгөндө Сагынбайдан Тыныбек сабалатып алыс кеткен.

Сагынбайда:

Күн жүрүш жакта бөлүнгөн,
Күзгүдөй жарык көрүнгөн.
Чырпыгы чыгып чынардай,
Чынарлары кадимки
Шаар салган мунардай,
Торгойу тоонун улардай,
Тооктору кунандай.
Кунандарын көрөсүң,
Куруп салган дубалдай.
Күдери Кентун – как ушу.
Алмамбетке күйүүчү
Күдөрү журту дагы ушу,
Канчалык айтса сөз жетпес,
Караган менен көз жетпес.[2]

Тыныбекте:

Тетиги күн чыгыш жаккы бөлүнгөн,
Күзгүдөй жарык көрүнгөн –

деп, башталып, анан башка элес тартылат:
Бер жагында бөлүнгөн,
Мелтиреп тунук көрүнгөн.
Мелдешер кытай эл ошол,
Берениң жүргөн жер ошол.
Айланасы Бээжиндин
Алты айлык сепил чеп ошол,
Атагы чыккан Чоң калаа
Бээжинде жаткан бек ошол,
Атаганат дүнүйө!
Атамдан калган жер ошол,
Азиз кандын Алмамбет
Алтын так минген мен ошол,
Арбак урган Чубактын
Алмамбеттен кеми ошол,

[1] Сагынбай. Манас. 4-китеп 25-б.
[2] Сагынбай. Манас, 4-китеп, 215-216-беттер.

Мунун чырпыгы чыгып чынардай,
Чынары бар мунардай,
Торгойу тоонун улардай,
Тооктору кунандай,
Кунанынын чоңдугу
Куруп соккон дубалдай –

деп келип, Тыныбек устат дагы узак, өзүнчө кенен сабалатып, бир жайылтып өтөт:

Текчеде гүлү ачылган,
Жемиши жерде чачылган,
Күкүгү сайрап чөлүндө.
Бакасы чардап көлүндө,
Күдери Кентун элинде,
Торгою сайрап жеринде,
Булбулу сайрап таңшыган,
Булбулунун үнүнө
Муңдуу пенде жашыган,
Күкүгү сайрап таңшыган,
Кудугу толуп ташыган,
Күкүктүн үнүн укканда,
Мендей күйүттүүлөр жашыган,
Алмасы бүрдөп көк болгон,
Адамы кумдан көп болгон,
Жемиши бүрдөп көк болгон,
Жергеси кумдан көп болгон,
Эркин элдин так ошол.
Күдери Кентун как ошол.
Алмамбетке күйүүчү,
Армандуу журтум да ошол,
Канчалык айтсам сөз жетпейт,
Караган менен көз жетпейт.[1]

Ушинтип, Кытайды көрүп сукталып, Манас баатыр өзү баш болуп Алмамбетке Кытайга, Бээжинге алып барууcун өтүнөт. Мына ошол Манастын өтүнгөн жери Тыныбекте:

Атпай какан эл экен,
Алмамбет анык эр экен,
Кызыталак Бээжинге
Кызыкканың эп экен,
Кытайдын эли каканга
Мен баруучу жер экен,
Кызыдым Бээжин өзүңө,
Көчөсү менен кыдыртып,
Көрсөткүн менин көзүмө...[2]

---

[1] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма. 50-51-б.
[2] Ошондо эле. 58-б.

Ошол эле жери Сагынбайда:
Кытайың кылым эл экен,
Мен, баруучу неме экен...
...Жете барып каканга
Жер сонунун көрөйүн
Эңсеп кирип кытайга
Эл сонунун көрөйүн...[1]

Башкача сөздөр менен сүйлөнсө да, Манастын оюу эки :
карда бирдей. Ошо жерден Алмамбет Манастын азыр ми
жүргөн аты Айбанбоз начар, шайы жок солку жылкы эке
айтып, Коңурбай кезигип калса, иш тескери болоорун эскер
Манас ажал жетсе, ак булут минсе да өлөрүн, ажал менен Ко
байдай дажаалдан Аккула алып калбасын айтып, Алмамбет аі
сыз Кытай жерине алып кирет. Ошол жерде күлкүлүү бир ки
некей эпизод бар. Кытайдын кыжылдаган аскерин көрүп, Алм
беттен чалгын жолун талашып, өзүн андан кем эмес сезип,
демсип келген Чубак баатыр, ал турсун Сыргак эси эки бо
коркуп кетип, Манас баатырга шылдыңга капталышат. Бул ж
куйма кулак, биз жогоруда эскерип өткөн ардагер мугалим
мабаев Асанкул биздин кулагыбызга салганындай эле Тыны
тин айтуунда:

Көптүгүн көрүп кытайдын
Ошондо Чубак кеп айтат,
Баатыр Сыргак, деп айтат,
Жетиген жагын карасаң,
Ашуусу бийик тоо калды.
Күн чыгыш жагын карасаң,
Кылкылдаган жоо калды.
Көрүп калса нетебиз?
Кай көргө кирип кетебиз?
Ээрчишип келип бул кулга
Эрегишип экөөбүз,
Бекер келген экенбиз.
Күңкүлдөшүп бир-бирин
Бул сөздү айтып салганы,
Күбүрүн угуп экөөнүн
Көкжал Манас баатырдын
Күлкүсү чыгып калганы:
«Көп ичинде жүргөндө
Компоңдойт элең акыр» – деп,
«Жоо караанын көргөндө,
Коркуу кирди баатыр» – деп...

---

[1] Сагынбай. Манас, 4-китеп, 211-б.

Ушул жери Сагынбайда:
Көрүндү бүгүн буларга,
Көп кытайдын дүрбөөнү.
Төрөсү баштап бул төртөө,
Дүрбөөнгө жакын калганда,
Колго жакын барганда,
Сырттан Чубак кеп айтат.
Тыңда, Сыргак деп айтат,
Бул Алмамбет неткени,
Жүргөн белем түгөнгүр,
Түбүбүзгө жеткени....
Көрүп калса нетебиз?
Кай көргө кирип кетебиз?
Алыс калды колубуз...
...Кайнабасын шорубуз....
Эр Чубак айтып салганы,
...Элейип Сыргак калганы.
Аңдап угуп Эр Манас,
Болкулдап күлүп калганы:
«Болуп калды булар» – деп,
Болжолун көрүп алганы.[1]

Эки залкардын экөөндө тең кейипкерлердин жоонун көптүгүн көргөндө канчалык баатырсынып жүрсө да, аябай коркуп кеткен жерине Манас баатырдын күлкүсү келгендеги психологиялык абалын чебер баяндаган бул эпизод эсте калаарлык иштелген. Жомок болсо да «Манаста» ар түрдүү психологиялык көрүнүштүр көркүнө чыгарылып,эң аяр көрсөтүлө берет. Мындай реалисттик жагдайга жакындатылган көркөм штрихтерди белгилебей өтүп кетүүгө мүмкүн эмес деп ойлойбуз. Окуя андан ары өнүктүрүлүп, сыйкырдуу күчтөргө баатырлар Кытай жеринде Тыныбек менен Сагынбайдын айтууларында ар кандай шартта кезигишет. Тыныбекте Алмамбет пери күчү менен кармалып турган, ошол пери башкарган, ариби көп кытайларда эң күчтүү жоону кабылта турган тилийчн капканга Сыргакты түшүрүп, тамашалап, анан бошотуп алат. Адам кабылып түшүп калса, эзели чыга албас нерсе так ошол тилийчн капкан.

«Бир көрөйүн Сыргактын
Баатрылыгын ылгап» – деп,
Сыргакка сырын айтпастан,
Тик басып Алмаң жөнөдү...
...Тилийчн сымдын тетигин
Сыргак басып алыптыр,

[1] Сагынбай. Манас, 4-китеп, 251-б.

Тик көтөрүп Сыргакты
Чалкасынан салыптыр...
...Сыргактын кебин тыңдагын:
«Калдалаңдуу, кытайым,
Кытай, сени жутайын...
...Өз үйүңө келгенде,
Ала турган кегиңби?
Шыйрагымдан көтөрүп,
Чырлуу жорук баштадың
Так төбөмдөн сайылтып,
Таамай жыгып таштадың»...[1]

Тыныбек «Манасы» басмадан чыга албай жаткандыктан, ал киши жаңшаган бул улуу жомоктон ушундай узун-узун саптарды келтирүүгө аргасыз болуп олтурабыз. Бир жагынан керек деп ойлойбуз. Сагынбайда Манас өзү менен төрт баатыр болуп баратып сыйкырдуу көпүрөгө жолугат. Эки улуу жомокчунун варианттарын салыштыра олтуруп, айта турган бир ой келет. Алар «Манас» жомогунун эпизоддоруна кошкон ушундай айрым деталдар менен эпостун көркөмдүк касиетин арттырып, оболотуп алып чыгышкан.

Сагынбай вариантында сыйкырдуу Кытай көпүрөсү:

...Көпүрөдөн өтүүгө
Көк жал Чубак акылы,
Көрүп Алмаң акырды,
«Көмүлгүр түпкө жеттиң» – деп,
«Кайра тарт» – деп бакырды.
Көктекенин бир колу
Көпүрөгө тийгенде,
Топ замбирек туш-туштан,
Токсон мылтык атылды,
Чагалалап кытайлар
Тогуз жүзү бакырды,
Шайманын жаман кетирди
Тоготпостон тоң барган,
Баягы Чубак баатырды,
Коркуп Чубак шашыптыр,
Коого кире качыптыр...[2]

Окуя андан ары Алмамбет, Сыргакты ээрчитип Алакең өсүп эр жеткен сырдуу Бээжин шаарын аралап кеткен баяндар менен улантылат. Не бир керемет жайлар менен Сыргакты тааныштырат Алмамбет. Өтө жаш кезинде кандык шапар тепкен кездерин

[1] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма, 76-б.
[2] Сагынбай. Манас. 4-китеп. 253-б.

эске салып айтып берет. «Жыргал–Бак» деген сандыргалуу сейил бак баянын толук саймедирейт Сыргакка. Сагынбай вариантында жаш чыбыктай солкулдаган Алмамбет Дудунун кызы Турнаны жандап, бозойлук кумарын таркаткан. Тыныбек вариантында жап-жаш канзаада Алмаң дудунун кызы Турнадан башка кытайдын чүрөктөй сулуу кызы Суксурду, калдайдын бийкечи Каркыраны жандап жаштык назын баштан кечирет. Сагынбай вариантында ал жери жок, Тыныбек вариантында Алмамбет көкжалды энеси Канчайым байкап, таанып билген жери эне-бала экөөнүн тең сай-сөөгүн сыздатат:

Сакалы сары болбосо,
Сагынган балам туйгундай,
Алтынга бөлөп чоңойтком
Айлыңды неге кордойсуң?!
Алдыңда ыйлап мен турсам,
Алда ким деп ойлойсуң?!...
...Ала кетсең болбойбу,
Ар кимге мени кор кылбай![1]

Ансыз да душмандары элин туш-тушка таратып, адам көрбөс кордукка салып, не бир ажайып жайларын талкалап калаба салганына жаны кейип турган кыраан Алмаң эми Кытайдын ошол жердеги адамдарына Сыргак экөөлөп кыргын салып жиберет. Не иниси, не агасы, каралашар тагасы, күйүмдүү тууганы, кадырын билер калкы, көзү өтүп кетсе дүйнөдөн, бакырып ыйлар баласы жок Алмамбет кайгыга муунуп өксүйт. Бир кезде чыкса-чыкпаса да мейличи дегендей не кайбыл эле тигип койгон чырпыгы төрт кулачка толуп оболоп турганын көрүп, муңга чыланат. Дагы өксүйт.

Дубалым кулап, ор болуп,
Тузум эрип, шор болуп,
Туугандарым кор болуп,
Душмандар дуулап, зор болуп,
Гүл багым кулап, ор болуп,
Күмүшүм эрип, кор болуп,
Көөкарым чирип, мор болуп,
Менин, күндөшүм дуулап, зор болуп,
Күңгүрөнүп мен турам...[2]

Алмамбет арманынын кылда чокусу. Муну Тыныбек өзү гана ушинтип башкача айта алышы мүмкүн.

[1] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма, 78-б.
[2] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма, 82-б.

Ушуну менен Алакең Сыргагын ээрчитип, эки баатыр жолго салат. Тыныбек Манас, Сыргак, Чубак баатырлардын образдарынын монументалдуулугунун дагы да асмандата көтөрүү үчүн кара күчтөрдү, сыйкырдуу күчтөрдү окуялардын ичине эптүүлүк менен, тыныбектик генийлик менен жымылдата ширеткен. Ошол кара күчтөр менен кайра качпай кармашып жатып Манас баатырлары заңкайып бийиктеп олтурат. Окурман журт ошолордун сыйкырдуу кара күчтөр экендиген билип туруп эле, тыныбектик керемет саптардын, оңой менен адам таппас сөздөр менен шөкөттөп ишендире айта алган ойлордун касиетинен бардык апыртуулар айтылбай эле, кадыресе баяндалып жаткандай кабылдайт. Окуп өтүп баратканда шаасы жетип, анча аңдай албай калат. Ага анын буямасы эч келбейт. Тыныбектик керемет саптар окурманды өз акылы менен ойунан айнытып, артынан азгырып ээрчитип жөнөйт. Бардык сөздөр бал татыйт. Бардык баяндар өзүнө оп тартып кетет. Ушул «Алмамбет арманындагы» Тыныбек баянындагы ар бир сап миңдеген жылдар бою суу болуп издеп жүрүп, араң зорго таап келе алгандай таасир этет. Улуу «Манас» жомогун туу чокуга көтөрүп барып таштаган ошол алтын саптардын ар бири – кыргыз поэзиясынын кун жетпес шедеврлери. Мурдагы, азыркы кыргыз поэзиясынын жетишкен ийгиликтерине серп салып карай турган бийиктик, Кароол чоку–так ушул «Алмамбет арманы». Поэтикалык табылгаларга маарыды деген не бир сонун кыргыз ырларынан кокус күңүртөнгөн саптарды окуп алып, маанайың төмөн түшө калса, анда эле Тыныбектин «Алмамбеттин арманынан» саптарды кайра оку. «Алмамбет арманы» саптары – адам көңүлүн алып учкан көкөлөгөн кыргыз ыры. Көңүлдүн дабасы.

«Алмамбет арманы» окуясында акылга тууган Эр Бакайдын кара кылды как жарган калыстыгы, алысты көрө билген кыраакылыгы, Манас айкөлдүн кыргыз–алашка, дегеле түркkө артык баркы, жетик акылы, ашкере эрдиги, Алмамбет баатырдыгы ар кырынан ачылат. Чубактын опсуз жүрөктүүлүгү, Манасты Манас кылган санат жетпес окуялары, өлчөөсүз баатырдыгы жетик баяндалат. Манас айкөл Алмамбеттин айтуунда:

«Алаштын бүткөн багына
Алтындын кени — дөбөсүң».

Манас Чубактын айтуусунда:

«Жалпы түрктүн уулуна,
Жайдары Манас – жалгыз кан.
Манас жүрбөйт айтууга,
Аккула жүрбөйт тартууга».

Бул Манас келбетине жукалап тартылган алгачкы гана сүртүмдөр. Манас санаты кенен-кесири өтө терең берилген. Аны бул окуяны окуган окурман баамдаса болот. Алмамбет – аскер ишин мыкты билген кыраакы. Бир нерсени эсинде бекем сактап, кандай кырдаал, кандай мезгил болсо да акылынан адашпайт. Бул анын Коңур калча душман жолуна–Алмамбет, Сыргак жолуна койгон кароолдорун (Аккулжа, Өрдөк, тилийчн капкан) капыстан, аярлык менен бирден жоготуусунда көрүнүп жатпайбы. Ал эмес Алмамбет мусулмандарга качып чыкканда, «мусулман эрөөн көрөт» – деп катып койгон Алтын .канжаны ай караңгы көзгө сайса көрүңгүс түндө таап алат. Алмамбет Чубак менен кекээрлешип турган кезде өзүнүн айтуунда:

«Бээжинде мен да кан элем,
Мен дагы сендей жан элем,
Акылсыз наадан сен турсун,
Айкөлүңчө бар элем».

Бул Алмабет келбетинин кылайган чекеси. Чубак – билги кол башы. Алмамбеттен кем эмес. Манасты Манас кылган Эр Чубак өзүнүн айтуунда:

«Жоону сайсам мен сайдым,
Аты калды Манаска
Атпай түркке ээ кылып,
Ата кылдым алашка».

Чубак Манастын айтуунда:

«Чубактай жолдош табылбайт,
Оңу ишке таарынбайт,
Чубактан жанжал чыкканда,
Ачылган абийир жабылбайт».

Бул Чубак залкардын образынын чет-чебери. Сыргак–эпчил, бүйрө. Элпек, өтө эр жүрөк. Сөзгө, кези келсе согушка ыкчам. Адамды сөзгө көйүткөн, адам кутула албас кырдаалга такаган, убада кепке бек кылган чоң дипломат, аяр. Кашында Манас турганына карабай өз-өз кудуретине чиренген эки дөө, эки кол башы Алмамбет, Чубак чырдаша кетип, нээти кытай ооп турган Алмамбет Кытайына кайрылгыс болуп жүрүп берээринде, эптүү Сыргак, Эр Сыргак Чубак атын, Көктекени тартуулап, Алмамбеттин кыргызга чын дилин биротоло бекемдеп, экөөнү элдештирип, акыреттик дос кылып салат. Сыргак баатырдын ташка тамга баскандай ошондогу кебин көр:

«Кыраан Алмам берeним,
Кытай болсоң «жак» – дегин
Кылчайып артың каранып,
Кыргыз болсоң «ак» – дегин,
Манас минтип турганын
«Башыма конгон бак» – дегин

Ал эми Алмамбет өзү кандай адам? Алмамбетке кытай-калмак мекенинде жүргөнүндө аны эки жагынан баалап, мамиле жасашкан. Биринчиден, аскерий адам катары Алмамбетти жогору көрүшөт. Анын согуш өнөрүн бардык кытай-калмак кишилеринен артык билгени, акылдуу, тапкыч мүнөзү, эч адамдын алы жетпеген опсуз кара күчү, илегерлиги, амалкөй аярлыгы жогору. Өтө куу, ашынган митаам болсо да, көп аскерий сапаттары Алмамбеттен төмөн турган Коңурбай (булар да ажыдаар окуусунан окуп, билим алышкан). Кийин Коңурбай эл башы, Карагул жөн эле жылкы башы эмес, мамлекеттик аябагандай чоң милдет аркалаган аяр, куу, чек ара башчысы жана башкалар ага (Алмамбетке) башкача мамиледе. Өзүлөрүнөн жогору турган аскерий адам катары Коңурбай ж. б. кытай-калмак башчылары Алмамбетти күнүлөп, андан кутулууга көрөнөө да, көмө да аракет кылып жүрүштү. Экинчиден, кадимки эле пенде катары кытай жеринде Алмамбет боорукер, акылман, адамды сыйлай билген, сыпайы-сылык кайрымдуу. Ошол үчүн Алмамбеттин башкаруусундагы жерлерге башка кытай кандарынан жабыр көргөн, кара жанын бага албай калган, мыкаачылыктан качкан келгиндер агылып келе баштаган. Мындайынан караса барысы ойдогудай, Алмамбет кытай төбөлдөрүнө өктө кыла тургандай эмес эч бир. Бирок, ошондой абалда жүрүп да, Алмамбет кытай-калмак мекенинде инсандык, граждандык, саясий эркиндикке ээ боло албай кысмакка алынган. Серп салып көрөлүчү. Алмамбет боз жаш кезинде көйкапта ажыдаардын окуусунда окуп жүргөнүндө, келечек жоокер канкор, зулум, таш боор болсун үчүн анда окуп билим алып жаткан жеткинчектердин алы жеткени алы жетпеген өспүрүмдүн канын ичип, өзүн биротоло жаздым кылып коюусун Аверде деген окуу жайдын башчысы баш болгон төбөлдөр талап кылып жасатып туручу экен. Адамдын убалынан коркуп, өзү менен окуган өспүрүмдүн бир ууртам канына забын болуудан тайманбай баш тартканы үчүн Алмамбет ажыдаар окуусунан чыгарылат. Окуткан адамдары өзү менен окугандын «канын ич» деп Алмамбет эркин мажбурлоого алда нече курдай аракет кылат. Алмамбет тикеден-тике баш тартат. Ошентип Алмамбеттин эрки майтарылат. Бул жаш өспүрүмдүн адамгерчилик эркине чабылган алгачкы сокку. 14 жашында жаңыдан 7 гүлүнүн бирөө ачыла баштаган Алмамбет бүткүл Кытай аскер башчысы кызматына, өтө жоопту чоң постко бийликке турганында, өлкөнү

аралап ал-жайды көрмөк ниетте жолго чыкканында көп адамдарды тизип коюп, аларды анын ак сапары байсалдуу болсун үчүн курмандыкка чалмакчы болушканда, ал эч күнөөсүз адамдарды аман-эсен куткарып жиберет. Кошоматчы аскер төбөлдөрү Алмамбетти тигилерди курмандыкка чалдырууга мажбурлоого аракет кылат. Алмамбет чечкиндүү баш тартат. Ал гана эмес түпкү кан Эсенкан карылыктан жашарта турган дары катары жалаң жаш балдарды мууздаттырып, алардын кандарын ичип турчу экен. Алакең ал кандуу мыкаачылыкты дароо токтоттурат. Алмамбеттин тегерегинде, артында ушак-айың, күңкүл сөздөр арбыгандан арбыйт. Алмамбет колунда жок бей-бечараларга кайрымдуулугу, боорукерилги башка Кытай-калмак кандарына, түпкү кан Эсенканга эми көрүнөө жакпай кетти. Анын үстүнө мусулманга ооп кетиши жөнүндөгү ушактар да Коңурбай, өз атасы Азиз кан, жалпы эле кытай-калмак башкаруучулары тарабынан дембе-дем Эсенканга жетип турду. Адам баласына жакпаганды аткарууга бийликтегилердин далалаты Алмамбетке жакпады. Көрсө, бийлик төбөлдөрүнүн: «чап, талкала, олжого тун, бийликке жет, тала, тоно, канын ич, баарын чач» – деген принциби бар экен. Алмамбеттин адамгерчилик абийири бир да барбай турган нерсеге анын эркин мажбурлап киришкен. Анын инсандык эркиндигин камап алып, аны эзели оюна келбес иштерге жумшаганы жатышкан экен. Мурдатан кимге болбосун ошентип келишкен тура. Алмамбет эми инсандын эркиндигин эңсей баштады. Ошол кезде түпкү башкы кан Эсен кан Алмамбетти 60 кулач Ак Орго салып, анын көзүн тазалоо тууралуу тымызын буйрук болгон.

Элине төгүп берсин деп табийгат таңдайына шекер менен бал салган айтылуу Тыныбек «Манасы» дал-далынан бөлүнүп, минтип «алсырап» биздин күнгө жетээрин кезинде манасчынын өзү ойлобогондур. Бактысына «Манастын» чен жеткис баа-баркын билген чыгаан билги да болбоду. Колуңузга тийген ушул үзүмдөргө «шүгүр»де асыл окурман журт.

Сөздү кыябын таап пайдалана алуу жагынан Тыныбек–калган манасчыларга улуу үлгү. Ал жаңшаган «Манас» үчилтигинин тили, стили көп учурларда эч кимге окшобогон өзүнчө керемет. Көтөрүңкү, патетикалуу шаңга чулганган учкул сөздөр, эпитеттер, метафоралар, гиперболалуу метафоралар, редифтик кайталоолор, анафоралар, койчу ж. б. көркөм көптөгөн каражаттар Тыныбекте көп учурайт.

Тыныбек таамай сүрөттөп, бирок жөн эмес, ошол эле учурда кошолонтуп бийик алып чыгып кетип олтурган сүреткер. Жөнөкөй эле аскердик тууну сыпаттаса деле баамга урунуп турат.

Тыныбек сөздү жанындай баккан. Ар бир эле кыргыз сөзү касиет-кутка чулганып турарлыгын өтө кылдат сезген, сөздү кандай учурда урунууну андан да кылдат билген. Ал сөздү пайдалана алуунун устаты. Ошол үчүн Тыныбек оозунан чубурган «Ма-

нас» окуялары таттуу, өтө таттуу, угумдуу келген. Тыныбек саптарындагы сөздөрдүн кайсынысы жөн сөз, кайсынысы көркөм сөз экенин ажырата албайсың. Бардыгы кооз, бардыгы ажарына чыккан көркөм, кереметтин-керемети. Ушунун бардыгы–Тыныбектиин өзүнүн улуу, кун жеткис касиети.

Тыныбектин лексикалык каражаттарынын баа жеткис касиети жөнүндө кеп кылып келип, Тыныбектик саптардан учурай турган ассонанс, аллитерация, эпиформа, анафора тууралуу айтканбыз. Тынбек «Манасында» кай бир учурда ушунун бардыгы бир эле жерден кездешет. Бул башка манасчыда көп кездеше бербейт го. Манас баатырга Алмамбет Чубакты ээрчитип алып келип, чалгынды үзгүлтүккө учуратканына кейиген жери:

Алаштын бүткөн бактына,
Алтындын кени дөбөсүң.
Акмакты жолго ээрчиткен,
Алда кандай төрөсүң?
Кыргыздын бүткөн бактына,
Кызыл алтын дөбөсүң.
Кыянатты ээрчитип,
Кандай курган төрөсүң?!

Алмамбет Манасты «алтындын кени дөбөсүң», «кызыл алтын дөбөсүң» деп баалап турат. Ушундай метафоралык саптардан башка биринчи куплетте ассонанстар, экинчи куплетте аллитерация кездешти. Тыныбек саптарында учураган стилистикалык каражаттар–анафоралар сөздүн экспрессивдүүлүгүн арттырууда баа жеткис кызматы бар. Мисалдарды келтирели:

«Капкан, – деп, – бизге балакет,
Капканга кылды аракет».[1]

Сөз душмандын же жаныбарлардын жолуна салынуучу капкан жөнүндө жүрүп жатканын түшүнүп турасыңар. Асты сызылган жогорку эки кайталоо – морфемалык анафора.

«Бир милтенин чогундай,
Бир мылтыктын огундай»[2]
«Текши коргон урдуруп,
Текши мылтык сундуруп».

Бул төрт саптагы асты сызылган экиден-экиден кайталоо – лексикалык анафора.

[1] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма, 17-б.
[2] Ошондо эле, 19-б.

# ТЫНЫБЕК ЖАПЫЙ УУЛУНУН «КАНЫКЕЙДИН МАНАСКА АШ БЕРИШИ» ДЕГЕН ӨЗГӨЧӨЛҮҮ ЭПИЗОДУНУН ВАРИАНТЫ ТУУРАЛУ

Нарын районундагы Актан Тыныбек атыдагы орто мектебиндеги Актан Тыныбек мурасканасына район менен облусубуздагы белгилүү санжырачы М, Найманбаев ушул вариантты тапшырып жатып айтты: «Айланайын иним, Асек, ушул варианттан дагы бир нуска бастырып берчи, Бишкек жакка Академиягабы, журнал-газет редакциясынабы тапшырам». Варианттын аягына айтуучу Тыныбек Жапиев, кагазга түшүргөн Обонбай Мамбетов, арабчадан кирилл арибине көчүргөн Жапар Чолпонбаев» деп жазылуу. Мен кыргызда айтылгандай энем эркек төрөгөндөй сүйүндүм. Сүйүнгөнүм ошол Тыныбек, Актан аталардын мурасканасында мындай сейрек кездешүүчү, а түгүл али жок вариант менен кимге болсо мактана алмакчыбыз. Билим, тарбия берип жаткан окуучуларыбыз үчүн баркы-баасы канча?! М, Найманбаев Бишкекке барып, бул өзгөчөлүү варианты, ал жөнүнөн макаласын «Советтик Кыргызстан» (азыркы «Кыргыз Туусу») гезит редакциясына тапшырып келди эле 1991-жылы макала жарыяланып, гезит бетинде пикирлер жарык көрдү. Ошол жылдын 2-3-февралы үчүн чыгарылган санында доцент Үкүбаеванын «Аш берилген» макаласында өлгөнгө артында калгандары аш бермеги парздыгына, Манаска аш берилиш эпизоду «Манас» эпосунун бөлүгү экенине, бул боюнча Тыныбек варианты болгондугуна токтолуп өтүптүр. Биз көптөн-көп урматтаган акебиз, жердешибиз жазуучу Ш, Бейшеналив. Л. Үкүбаеванын пикирин улантып келип, өзгөчөлүү вариант жөнүндө ошол эле «Советтик Кыргызстан» гезитинин бетине 9-10-февраль үчүн санына жарыяланган «Манастын ашы» деген макаласында сөзүн айтты. Өгөчөлүү вариант кимге тиешелүү экенине келгенде, вариантты Тыныбекке жуута бербей мындайча жазды: «Найманбай улуу кабарлаган Тыныбектин варианты делген «Манастын ашына» окуяны Үкүбаева Жусупжан агадан угуп, «ал кол жазманы убакыттын жетпегенинен толук жаза албаганына» өкүнгөн. Эпизод Тоголок Молдонун кансалыкты катылуу кол китебинин эле көчүрмөсү чыгаар. Арийне, бул пикир Бейшеналиев акенин жоромолу гана. Кесе айткан жери жок. Ал эми фактылар таптакыр башканы сүйлөйт. Көнүл бөлөлү окурманым.

1.Вариантты Актан Тыныбек мектебинин мурасканасына чоң ызаат менен тапшырган Мукаш Найманбаев «вариантты айтуучу Тыныбек Жапый уулу, кагазга түшүргөн Обонбай Мамбетов, араб арибинен кирилл арибине көчүргөн Жапар Чолнонбаев» дедирип, өз оюнан жазып койгон эместир. Башка Манасчынын эле айткан «Манасын» Тыныбектики деп, кагазга түшүргөн Обонбай мамбетов да жазып коймок эмес. Манасчылардын айткан «Манасын» кагаз бетине кыргызда жеке Ыбырайым Абырахма-

нов, же Тоголок Молдо Абдырахманов аба эле эмес, Актан Тыныбек уулу, Обонбай Мамбетов, Сапарбай Сооронбаев жана башка (сарамжалдуу, али биз билбеген) адамдар бар экен да. Өңгөнү ким билсин, Жапар Чолпонбаев Кыргыз ССРинин мектептерине эмгек сиңирген мугалим, азыркы улгайып калган аттуу-баштуу кыргыз интеллигенттерин тарбиялаган, өзү гана ынанган нерсени жактап, ал эми көзү жетпеген нерсеге кол булгабаган, мүлдө Нарын дубаны ашкере барктаган адам Тыныбек айтканына көзү жеткенинен «Манастын» ал өзгөчөлүү вариантын араб арибинен кирилл арибине көз майын коротуп көчүргөнүнө неге ишенбейбиз.

2. Актан Тыныбеков атабыздын Манас кандайча жарадар болуп, кандайча о дүйнө кеткени тууралуу айткан бир сөзүн мен жадымдан эч чыгарбагам. Кийин-соңу М. Найманбаев Тыныбектин «Каныкейдин Манаска аш бериши» өзгөчөлүү вариантын тапшырганда аны окуп чыгып, Актан атанын ошондогу айтканында калет жок экенине чындап ынандым. «Атам Тыныбек өз оозу менен алда нече курдай айткан»-деп кеп салган Актан аба. Эмесе,. Актандын айтып бергени: «Баягы Коңурбай жеңилип, чет Бээжинди Эр Манас каратып, сурак жүргүзүп турганда, Коңурбай амалга салган кууланып. Ал кол куушуруп, «Манас менен төштөшөм, достошом» деп, аны «Каным Манас, каным эмес бадышам» – деп таанып, камчысын мойнуна салып, чөгөлөп берген эмеспи. Куу Коңур бадыша Манасты мейманга чакырып, кадыры ашкан коногу үчүн дал Манас айкөлдүн Таластагы Ак Өргөөсүндөй боз үй көтөрткөн. Ак Өргөө эшигин Манас башын аябай эңкейтип, араң киргендей кылып атайын жапыс жасаткан. Манас Коңурбай чакырткан Ак Өргөөгө акылмандар кеңеши боюнча соот-чопкутчан, башында туулгасы менен келген. Жоболоңдуу ошол күнү жеңи узун көлбөөрүгөн кең жибек кытай чапанчан Коңурбай колун бооруна ала кулдук уруп, өз колу менен эшик ачып, дөө Манас эшиги жапыс Ак Өргөөгө өтө эле эңкейип кирип, башын ылдый кыла бергенде соот-чопкут жакасы менен туулга этеги ортосундагы шилиси көрүнүп, ачык калып, жапыс эшик көкөйүнө тие Манас көкжалдын ачуусу жаңыдан бууракандай берерде, ошол учурду гана күтүп турган илегер, шамдагай Коңурбай калча Манастын ачык калган шилисинен ары жеңине катып турган ууга сугарылган чолок саптуу айбалтасын шилтеп жиберип, чуркап жөнөдү. Манас кирчүү Ак Өргөөнүн эшигин күзөтүү нөөмөтүндө турган лөкүйгөн эки сакчы кыргыз оболу окуяга түшүнбөй калды, анан эстерине келе бири Манасты жөлөп-таяп, бири кароол башы Ажыбайга чуркаганда, арытада Алгараны көргөзбөй даярдап турган кытай сардар Коңурбай алдына атын тарта салып, ат эмес ок жетпеген канаттуу Алгара Коңур калчаны көзгө илештирбей алып учуп жоголду. Ишенимдүү үзөңгү жолдоштору Алмамбет, Чубак, Сыргактан айры-

лып, жандай көргөн Аккуласы окко учуп, иши кедерлеген Манас шилидеги жарааты менен Таласка кайтып, шилиге чабылган айбалтанын уусу өйдө каракушка, андан мээге чаап зилдеп кетип, акыры Манас ошондон каза тапты». Бул Тыныбек баласы Актанга айтып берген, Актан биздин кулагыбызга салган бир кабар. Ал эми Тыныбек айтты делген «Каныкейдин Манаска аш беришинде»:

«Достум, Манас, келгин» – деп,
Ызаатымды көргүн» – деп,
Кан Коңурбай Манасты,
Чакырып алып оңдогон,
Каңгайлардын кан Коңур,
Айбалта менен сомдогон,
Коңурбайдын дартынан,
Айбалтанын саркынан,
Кулактын түбү–каракуш,
Жарасы мээге тушма-туш,
Асыл мээге доо кетип,...

Манас жарык дүйнө менен кош айтышканы баяндалат. Актан атасы Тыныбектен угуп, бизге кара сөз менен айтып берген аңгемеси менен «Каныкейдин Манаска аш беришиндеги» азыркы окуя далма-дал келиши ар кандай курулай жоромолдорду четке кагат. Бул өзгөчөлүү вариант – Тыныбектики.

3. «Акындар чыгармачылыгы тарыхынын очерктери» деген чоң жыйнакта (Фрунзе, 1988-жыл) Тыныбек Жапый уулу тууралуу маалыматта Тыныбек манасчы менен Назар манасчы экөөнүн кимиси кыйын экендигин сынамакка Манаска күмбөз салдыруу темасында экөөнө «Манас» айттырганда, Тыныбек жеңип, 100 сом акча, бир ат байге алат. Себеби: Тыныбек Манас күмбөзүн Анжиян, Наманган жактагы Арыстан эшенге салдырганы үчүн далилдүү айтты. Бул жерин» – деп табышкан.[1]

Ал эми Тынбектики делинген «Каныкейдин Манаска аш беришинде»

Каныкей эне:

«Төрөмө күмбөз кылам» – деп,
Ташкенден уста алдырып,
Турпагы жакпай Таластын
Анжиянды чалдырып,
Анжияндын ар жагы
Гүлүшөдөн алдырып,
Эки жыл бүтүн иштетип,
Күлбото дон салдырып»...

[1] Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф.: Илим, 1988. 493-б

Так, ушундай саптар бар. Күмбөздү салдырган уста «очерктер» боюнча Анжиян, Наманган жактан алдырылса, «Каныкейдин Манаска аш беришинде» Ташкенден алдырылса, Ташкен ошо «очеркте» айтылган Анжиян, Наманган жакта эмей каякта?. Кай манасчыда Манаска күмбөз салган уста Анжиян, Наманган жактан Ташкенден алдырылып келинген экен? Ал эмес күмбөз салдырган топуракты Анжиян тарапты чалдырып келип жатпайбы. Мында жер аттары боюнча такма-так окшоштуктар жок, бирок да аябай жакындаштырылып жатпайбы. «Очеркте» эле Ташкенди атабай койгону болбосо, демек, Тыныбек ата Манаска күмбөз салдырган эпизоддо устаны Анжиян, Наманган жактагы Ташкенден алдырбай койгону менен, аш бердиргенде тактап айтып койгон экен деп түшүндүрсө болот.

Ал эми 1925-жылы Москвадан араб тамгасы менен басылган Тыныбектики делген 1994-жылы орус графикасы менен Бишкекте кайра басылып чыккан «Семетей баатырдан бир бөлүмдө» деле Тыныбек:

Анжияндын астында,
Намангандын үстүндө,
Кызыл Арстан Молдого –

деп, анда деле Манас күмбөзүн Анжиян, Наманган жактагы Арстан Молдого салдырат экен.[1]

Ошетип, «Каныкейдин Манаска аш бериши» эпизоду – Тыныбектин өзгөчөлүү эпизодуу, варианты.

5. Куйма кулак Тыныбек уулу Актан атасы Тыныбек айткан «Манастан» өз колу менен араб арибине жазып калтырган «Алмамбеттин арманы» менен Тыныбектики делген «Каныкейдин Манаска аш беришиндеги» окуяларда Тыныбекке гана мүнөздүү ыр саптарын салыштырсак, менимче, бардыгынан ынандырарлык болот.Бул эки окуяда тилдик, стилдик коёндой окшоштуктар окуган сайын кезиккенден кезигет.

Тыныбек айтып, уулу Актан Тыныбеков жазып калтырган «Алмамбеттин арманында» Алмамбет, Сыргак чалгынга кетип, ордо оюну үстүндө чырдаша кеткен Чубак, Бозуул чатагында:

Бозуул чырды баштады,
Болжолсуз айтып таштады,
Акбалтанын Эр Чубак
Ал чырынан качпады[2] –

делсе, (Актан кол жазмасында) Тыныбектики делинген «Каныкейдин Манаска аш беришинде» (кол жазмасында)

---

[1] Тыныбек. Семетей баатырдан бир бөлүм. Б., «Ала – Тоо», 1994, 97-б.
[2] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма, 4-б.

Күрүлдөгөн ит Көбөш,
Көрүнөө чырды баштады.
Көңүлү калган Каныкей,
Бул чырынан качпады.[1]

Кай манасчыда ар түрдүү окуяларды айткан жерлеринде ушундай окшош саптар бар? Сөздөрдү уйкаштыруунун, уйкаштык түзүүнүн Тыныбектик ыкмалары жатпайбы, бул эки башка окуялардагы ыр саптарында. Саякбай Каралаев өзү сүйсө керек «Кайран энең Каныкей», «Байкуш энең Каныкей» – дей берет го, анын сыңарындай Тыныбек аба да «Ушинтип айтканда» дегендин ордуна «ушул сөздү урганда» деген саптарды ургандай пайдалана берет. «Алмамбеттин арманында»

Ажал жетип өлбөсөм,
Аныгын көрүп келемин,.
Алмамбет айтып турганда,
Ушул сөздү урганда – делет.[2]

«Каныкейдин Манаска Аш беришинде» (Кол жазмада)

«Эшикте мейман турбасын,
Эртелеп алып баргын» – деп,
Үрбү айтып турганда,
Ушул сөздү урганда (кол жазмада)[3]
«Алмамбетин арманында»:
Абам келди болду – деп,
Айтканым Чубак туйду деп,
Эр Чубак айтып турганда,
Ушул сөздү урганда.[4] (Актан кол жазмасында)
«Каныкейдин Манаска аш беришинде»:
Кыл чыгарбай кыргыздан,
Барысын өзүм алам!» – деп,
Үрбү айтып турганда,
Ушул сөздү урганда. (Кол жазмада 48-бет)

Дегеле бул эки башка окуядагы жымылдаган элпек, ошол эле учурда өтө көркөм уйкаштыктар «Биз — Тыныбектикпиз» – деп турат. Салыштырып бага бер окурманым.
«Алмамбеттин арманында»:

Берендигим белгилүү,
Бекер жатып өлбөйм» –

[1] Тыныбек. Каныкейдин Манаска аш бериши. Кол жазма. 46-б.
[2] Ошондо эле. 18-б.
[3] Тыныбек Алмамбет арманы. Кол жазма, 3-б
[4] Ошондо эле, 10-б.

деп, (Кол жазмасынын 7-бетинде «Каныкейдин Манаска аш беришинде).

Мергендигим белгилүү, алып жолго салам деп, (Кол жазмада 85-бет)

Эки окуяда тең каармандар өзүнүн кандай артыкчылыгы бар экенин алдын-ала айтып, окуяны андан ары ошол каарман өзү улайт. Бул – тыныбектик баяндоонун өзүнчө амалы, же болбосо, «Алмамбет арманында»:

Чубактан кандай сөз чыгат,
Байкаңар сөздүн соңуна»... (кол жазмасынын 3-бетинде)
«Каныкейдиин Манаска аш беришинде»:
Каныкейден сөз келди,
Байкаңар сөздүн соңуна» – деп, (кол жазмада 105-бет)

Тыныбек угармандын көңүлүн бөлүп, анын ой-санаасын андан ары окуяларды угууга даярдайт.

Актан Тыныбек уулу кагазга түшүргөн «Алмамбеттин арманында», Тыныбектики делинген «Каныкейдин Манаска аш бериши» окуясында кезигишкен географиялык аттарга байланыштуу ыр саптары кызыктырбай койбойт.

(«Алмамбеттин арманында» кол жазманын 30-бетинде)
«Шаар Сабыз–калаасы,
Самаркан менен Букарды»...
«Каныкейдин Манаска аш беришинде» (кол жазманын 34-бетинде)
«Самаркандын бер жагы,
Шаар Сабыз–калаам» – деп...келген коёндой окшош саптар бир эпизоддон экинчи эпизодго көчүрүлгөнбү? Жок. Эки окуяны эки башка адам, эки башка мезгилде, эки башка жерде кагаз бетине түшүрүшкөн. Болгону экөө тең окуяларды араб ариби менен ак кагазга түшүргөндүгүндө. Кеп мында эки окуяны тең бир эле адам — Тыныбек манасчы айтканында жатат. Ушул келтирилген далилдерден соң, «Каныкейдин Манаска аш бериши» өзгөчөлүү варианты Тыныбек айткан вариант экенине толук ынанууга болот деген ойго келебиз.

«Каныкейдин Манаска аш бериши» окуясы жазылып, кагаз бетине түшүрүлгөн соң, айрым беттери жоголуп кеткени өкүнүчтүү. М. Найманбаев мектептин мурасканасына ыроологон арноо сөзүндө 8-9-12-15-20-беттери жоголгон» – деп эскертүү берген. Кандай гана кереметтүү саптар, адамды таң калтырган окуялар, сөз берметтери жоголду экен. Аттиң! Антсе да ошол өзгөчөлүү эпизоддун калганына шүгүрчүлүк «Манастын» бириктирилген вариантын түзүүдө бир бөлүмүн редакторлогон А. Токомбаев менен маегинде Ыбрайым Абдырахманов айткандай, «Каныкейдин Манаска аш бериши» окуясында «тилингени билинбейт» анча. Кыргыз салтында тээ байыртадан эле акырет кеткен адамга жетесиздей кылбай, жасап турган сыйнат бар. «Өлүүнүн жүзү–нары, тирүүнүн жүзү бери» –

деген санат сөз ошондон улам. Өлгөндүн артында калган мураскордун ал не ургаачы, не эр болсо да ошол өлгөндүн сыйнатын жасамагы, көп-көп иш аракеттерди сөзсүз аткармагы парз. Арстан Манас арбагын сыйлап, эл үчүн өмүрүн берген баатырдын атын чыгармак ошол иштерден келмек.

Баатыр Манастын артында калган жалгыз мураскору – Семетейи. Бешиктен бели чыга элек, энесинин эмчегинен башканы билбеген наристенин колунан не келсин? Чыйырды кары, атасы Жакып кары, кулагын кудай алган таш кулак. Ошондуктан, тул калган Манас жесирлери (алар төртөө эле) калк үчүн кайран болгон эрдин жанагы сыйнатын эч дедирбей билип, өзүлөрү гана жасашы милдет. Андай болбоду. Али ак никелеп ала элек, баатырдын болочок жары кыз Сайкал, Манас Бээжинден катуу жарадар келип төшөк тартып жатып калганында анын кеселин көрүп зыркырап, жалпы кыргыз чуркурап, көкжалды акырет сапар атказышат. Кыз да болсо кыз Сайкал Манас үйүнө келген:

Кабарын угуп калыктан,
«Тартынбайм» – деп барыштан,
«Кеселин сурап келем» – деп
Кыз Сайкал келген алыстан.
Жарасын көрүп буркурап,
Жалпы кыргыз чуркурап...[1]

Ажалга айла барбы, Манас султан каза таап, кыз чагында тул калган кыз Сайкал элине кетти. Манас Накылай деген назданган аялына артында калган жалгыз жетими Семетейин бек аманат тапшырды эле:

Накылайга кеп айтты,
«Наркыңды бузба» – деп айтты.
Жалгыз жетим жан калды,
«Жанында болгун» – деп айтты.[2]

Ошол назданган Накылай эринин ал керээз сөзүн этегине эрмешкен чөп катары санабады. Куруп калсын, такыр башка иш жасады.

...Шооруктун кызы Накылай
Эркек жандуу капырай,
Көбөшкө айтып кеп коюп...
...Аз күн сабыр кылбастан,
Тийип алды Көбөшкө,
Жарым жыл чыдап турбастан...[3]

---

[1] Тыныбек. Каныкейдин Манаска аш бериши. Кол жазма. 4-б.
[2] Ошондо эле. 5-б.
[3] Ошондо эле. 14-б.

Үчүнчү жесири Билерик аялы болгон. Андан да сыйнат жасалбады Манаска:

...Кожонун кызы Билерик,
Кылган эмес күбөлүк,
Каза жетип күн бүтүп,
Манастан кийин бул өлдү.
«Тилеги кабыл болду» – деп,
Манас менен бир көмдү..[1]

Манастын сыйнатына тикесинен тик турган ашкере сулуу Каныкей болду.

Какшыган канга уу кетип,
Жарым жыл жаткан сандалып,
Сабылып Манас саргарып,
«Кандай заман болот» – деп
Каныкей турган камданып,[2]

Кан Манаска жарашкан, ургаачыдан акылы артык Каныкейдин «катын» титулу бекеринен эмес экен. Бул кандын каны деп чечмелеген сөз («кан» – кыргызча эле «кан» деген сөз, «тун» калмакча деле кан). Манас өлгөндөгү ага Каныкейдин кылган кызматына кылым тойду. Өлөр Манас өлдү. Падыша султан Манасты арuu жууп, ак кепиндеп, мазарга алып барып коюшту. Эми кыргыздын ал-жайы кандай болмок? Баарынан кыйыны ошол. «Алмамбет арманында» Алакең кыргызга ооп кеткенде, анын артында калган эл-журтунун ал-ахыбалынан бир кабар бар:

Каны качкан кайран журт,
Акими качкан арам журт...
...Төрөсү качкан төмөн журт...[3]

Мында, Алмамбет качып, ээсиз калган армандуу калың журтту кытай болсо, «Каныкейдин Манаска аш беришинде» канынан айрылган кайран журт, акиминен айрылган арам журт, төрөсүнөн айрылган төмөн журт — кыргыз-алаш. Баягы кан Манас тирүү чагындагынын бири жок. Каныкей жесирге жергелүү журту Таластан бел болоор адам көрүнбөйт. Көк жал Манас кырк жерден тапкан атактуу кырк чорого керээз сөзүндө кан кара какшап тапшырбады беле:

Чоролорго кеп айтты,
Кеп айтканда бек айтты:

---

[1] Тыныбек. Каныкейдин Манаска аш бериши. Кол жазма. 14-б.
[2] Ошондо эле.
[3] Тыныбек. Алмамбет арманы. Кол жазма, 83-б.

«Ынтымак болуп, баш кошуп,
Чогулуп жүргүн» – деп айтты.[1]

Ошол кырк чоро ынтымак күтүп дуулдап келип, Каныкейге катуу бел боло албады. Алар көз көрүнө ынтымактан айрылды. Алар Манас султандын аркасы менен жоо бөрүсү кырк чоро, айбатынан душман сезденген кырк көй баатыр болгон экен. Манас каза болгондон кийин алардын карааны көрүнбөйт. Бакай менен Кошой дөө кары. Мына тагдырдын башка салганы. Мамлекет башсыз калды. Эл-журттун алы не болот? Бегинен калган бешиктеги жалгыз перзенти Семетейдин күнү не болот?

«Жетим жүрүп жетилсе,
Жетимге кудай берчү» – деп,
«Аккан арык куру калбай,
Аккан суу бир күн келчү» – деп,... Каныкейдин үзүлбөгөн ак жаркын үмүтү ушунда. Ал бешикте[2]

Каныкей акылынан айныбады. Манас баатыр өлгөндөгү зыйнатты жакшы жасады. Каныкей Манаска келишкен күмбөз салдырды. Күмбөзгө Манас баянын, кыргыз-алашка жасаган ишин, акылдаш, тагдырлаш адамдарын, Манастан кем эмес куу душманы Коңурбай калчадан бери сүрөткө келтирип, жазуу жаздыртты. Ага чейин Манастын үчүлүк, жетилик, кыркылык майда аштарын бердиртти. Булар да кыйын абыгерчилик.

Эми Манастын чоң ашы бар. Кыргыз-алаштын жериниин кыйрын кеңиткен, чачылганын жыйнаган, көптөгөн калкка, тиги эле кытай менен индиге чейин атагы дайын болгон. Манаска аш берилбей калмакчыбы? Ошол ашка элдин башын коштуруп кеңеш кылмак акылга тууган Каныкейде.

Каныкей мамлекеттик деңгээлде ой жүгүртө алган чоң инсан болгон. Каныкейдин оюнда аш берип, тамаша салдыруу бул аштын бир гана жагы. Манаска аш берүүгө карата курулган кеңештин өзөгү эл-журттун ахыбалы кандай болоорун жатса, турса ойлонгон Каныкей санаасында жатат Келечекте элинин жүгүн аркалаар Семетейди кантип аман өстүрүү керек? Ушул Каныкейдин оюнда:

«Өзү билген шуркуя,
Өзү биле берсин» – деп,
Катын билген бул ашка,
Кантип адам келсин» –

деп, аш берүү кеңешине каршы туруп, Манас иниси Көбөш келбей коёт. Өзү эле Манаска, анын үй-бүлөсүнө, Каныкейге жеринен арам ою бар, Манас өлөрү менен бузуп алган аялы Накылай ого бетер көкүтүп койгон Көбөш четте. Абыкенин акылы менен Ма-

---

[1] Тыныбек. Каныкейдин Манаска аш бериши. Кол жазма, 6-б.

[2] Ошондо эле. 10-б.

наска аш берүүгө Көбөш кыйылып жатып макул болот. Көбөштүн тейтелектеген мүнөзү Каныкейге кайдан жагат. Анын ой-санаасында эл атасы Манас. Эл-журттун башы Манастын кыргыз эли үчүн бардыгынан артык баасын Бакай да айтат:

Калың кыргыз, сөзүмдү ук,
Кайран Манас эр кана?!
Калың кыргыз калкына
Калка болгон эр кана?![1]

Ошентип, Каныкейдин Манас эл-журтунун, эл-журттун болочок ээси болгон Семетейдин тагдыры тууралуу санаасы – Бакайдын да санаасы. Манас – Семетей, Семетей – Манас. Каныкей, Бакай – экөө тең бул санаасын дайыма эл-журттун кулагына салып турат. Кеңеш ашта чабылган тайбуурул чыкса деп наристе Семетейге төлгөлөп турушат. Бул алардын келечекке оптимисттик өңүттөн көз салышы бул алардын жаркын болочокту көрө билиши. Манас ашына бардык жерге кабар айтуу керек. Бирок да аштын арымы кыска болоор. Бул Манастын көзү өткөндөгү аш. Манастын көзү тирүүсүндө ал башкарган Көкөтөй ашынын арымы кенен болгон. Дүйнөнүн чар тарабына кабар эткен.

Жердин түбү — желпиниш,
Желгени кетти Ажыбай.
Жетип бүтүн дүйнөгө,
Кабарды бергени кетти – Ажыбай – деп, айтылат анда. Алтымыш түрдүү тил билген, Манас ишинин бардыгына баш-көз болгон. Мында Ажыбай жок. Манас ашына кабар айтылчу жер танабы чектелүү. Болгону, азырынча айтса, Орто Азия аймагы. Аш кабарын кулагына сала турган инсандар өзүбектин Санжыбеги, Агыш, Кожош, Ат-Башыда Кошой, Үрбү, казак Айдаркандын Көкчөсү, жедигердин Багышы, Эштектердин Жамгырчы, досоттордун Эр Көкүл, Төштүк. Ушулардын бардыгына кабар жиберип жатып да, акылман Бакай Манастын эл-журтка сиңген эмгегин артык баалап, айкөлгө аш бербей, элге кабар айтпай коюу, Манас баркын төмөндөтөөрүн кан-какшап, эл эсине кайра-кайра салат.

Ит аягың мис болду,
Туурдугуң киш болду.
Көп журтум сенин барыңа,
Бир көрүп кеткен түш болду...
Манас өлдү кут кетти,
Туурдан туйгун куш кетти,
Ынтымак болуп турбасаң,
Колуңдан журтум иш кетти.[2]

---

[1] Тыныбек. Каныкейдин Манаска аш бериши. Кол жазма, 18-б.
[2] Ошондо эле. 27-б.

Бул жерде манастын өлүшү менен ынтымак кетип, элдин ыркы бузулганына Бакай акылман бир кайгырса, экинчиден бакты-таалайынан айрылганына арман кылууда. Ошо Манас айкөлдүн аркасы менен анын эли эбегейсиз байыган. Манас байлыгы менен кошуп элди кыраан кушча айлантып, башка канаттууга чокуттурбай калкалап турган. Ар жерден келген кырк чоронун мисалында эл ынтымагын бекемдеп турган. Манас баатырдын арка-тиреги болгон. Анан кантип акылы жетик Бакай өксүбөсүн. Эми Манас айкөлдүн ашынан аянба, калкым, деп чакырык таштап олтурат, айласыз Бакай.

Кан Бакай Манас шердин ашын ийнесинен-жибине чейин иликтеп, табыштап чыгат. Чабагандап төрт тарапка төрт адам аш кабарына экиден мыкты ат алып аттанат. Ашты башкарууга өзү келүүсү айтылып, эң оболу Кеминге кан Үрбүгө киши жөнөтүлөт. Манастын өз инилери Абыке, Көбөш, Каныкейге, Каныкей демилге көтөргөн Манас ашына кас экендиги кошо айтылат. Аштын мөөрөйүн бычып турууга карыя Кошойго кабар берет. Ырамандын ырчысы, калк атасы кан Төштүккө аш дайынын маалымдайт. Кабардар болгондор бири калбай Манас ашына келет. «Акындарын ырдатып, аңгемесин ырбатып» казактардан кан Көкчө келди ашка. Элдин эң аркасы болуп жедигердин Багышы куру кол келет. Башынан пейли кара Шыгай айкөл Манас өлгөндө, аса бата кылбаган, азыркы ашка келиши арсаркүмөн. «Кеп-кеңешке албайт деп, мага кебин салбайт деп» Шыгай кан ал эмес Бакайга өктөлүү. Абыке, Көбөш арам ою андан да терең, өткөрө коркунучтуу:

Башында ашты байлабай,
Бакайды мурда жайлабай.
Калк ичинде тургузбай,
Кара өпкө чалды айдабай.
«Каныкей салган сарай» – деп,
Атагын көпкө калтырбай,
Манаска ашты бердирбей,
Баласын мурда өлтүрбөй,
Балакеттүү долуну,
Темирканга кетирбей...[1]

Нээти бузук экөөнү Бакай алдап жолго салат. Шыгай кан баш тартат ашка келүүдөн. Анын айбандык нээт-пейли Абыке-Көбөштүкөнөн да терең:
«Манастын уулу Семетей,
Жакшылык бизге кылбайт» – деп,
«Семетейди жашында,
Өлтүрбөй адам тынбайт» – деп.

[1] Тыныбек. Каныкейдин Манаска аш бериши. Кол жазма, 40-б.

Келтирип кебин токтогон,
Кеңеши мунун токтогон...[1]

«Өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман» дегендер так ушулар эмеспи. Айкөл Манас ашын болтуралбай жаткан Каныкей менен Бакайга алар экилтик күч келтирген. Ашты баштоо алдында кан Бакай Жакыпты, Эр Төштүктү, Көкчөнү, карыя аксакал журт сыйлаган Кошойду маңдайына алып, жанында Эр Үрбү, Агыш бар масилет курат: «Бакай, Жакып карыдык деп, далай жашка бардык» – деп. Ашты Үрбү башкаруусун сурайт. Кошой колдоп, эл жактырып, түп-кеңешти Бакай айтып турууга, Үрбүгө Агыш жакын кеңешчи болуп, ашты уят болбой өткөрүүгө бүтүм кылышат. Айкөл Манас ашын башкарган Эр Үрбү. Бакай менен Кошойдун көзү тирүүсүндө Манас айкөлдүн купулуна толгон эр жүрөк Үрбү чоң иш башкараар кемелинде. Акылы барларды сөз жүйөөсүнө алып, ыгын келтирип, кан болмоктон дөө болсо да аш тартибин бузса, камчысы тийип калаарын эскертип, Үрбү ашты дээрестейт. Бар акылын салат:

Тууга карай бөлүн де,
Туу түбүнөн көрүн де,
Канга карай бөлүн де,
Кан кашынан көрүн де,
Жалгыздан конок турбасын,
Жасоолдорум урбасын.

(Тыныбек. Каныкейдин Манаска аш бериши. Кол жазма 45-бети)

Ашка келген эл жардыкты кабыл алат. Үрбү, Агыш ашты башкара баштайт. Эң эле биринчи ашка кызмат кылдырууга алар 40 чорону издеп калат. Манас айкөлдүн күнүн көргөн башкалар эмес так ошолор.

Айтылуу катын Каныкей ашка келгендер куру кетпөөсү үчүн кеп салат. Манас айкөл тирүүсүндө карк алтындан жыйнаган казына даяр. Манас өлсө, жетими Семетейи турат артында. Манас артында Бакайы, жергеси Талас турат, атасы турат. Эч нерсени аштан аябоо керек. Каныкейдин сөзүн дагы ук:

Алтын, күмүш ак жамбы,
Казынадан алып тур.[2]

Мал союуучу ак тинте, эт туурачу бычакка чейин даярдаткан Каныкей. Кемеге башына эле кырк үй тиктирген. Аш сарамжалы камдуу. Каныкей амалкөйдөн санаасы такыр башкада:

---

[1] Тыныбек. Каныкейдин Манаска аш бериши. Кол жазма, 40-б.
[2] Ошондо эле. 53-б.

Баласы жалгыз – аз болду,...
...Эң болбосо, Манастын
Эки иниси кас болду.
Аш өткөн соң алжырап,
Атасын бузуп алат дейм...
...Эл кеткен соң эсирип,
Энесин бузуп алат дейм...
...Чогулган жыйын кеткен соң,
Чорону бузуп алат дейм
Ар жерден келген ит эле,
Чоролор кетип калат дейм.[1]

Балага бешиктеги Семетейге жардам берет деп, Бакайды сүрүп салганын айтат Каныкей. Ошондогу Каныкейдин ыйын айтпа. Кылым кыргызда аял заты эл-жердин тагдырын, камын айтып ыйлабагандыр. Акылга тууган Каныкейдин көзү жашта, акылы өтө турган ашта. Каададагыдай карыя Кошойдун батасы менен аш малы союлат. Эшикти түрдүрүп салып, Каныкей кошогун кошту. Кыраан бадыша султан Манас кырк жети жашында кыйылганы, анын айкөлдүгү, оёндугу, жалгыз баласы жаш, бир уядан аз калгандыгы, Абыке, Көбөш арамдар кас чыкканы, эми ошолор журтка баш болгондугу, аш башына кан Кошой, Төштүк, Көкчө, кан Үрбү, Агыш, Жамгырчы туруп бардыгын башкарганы айтылат кошокто. Айыл туруп жакын тууганы Шыгай кан ашка бата эле кылып койбогонун күйүп айтат Каныкей. Көбөш мене Шыгай ашта талоончулук кылганын эл эсине салат. Энеси кары, баласы жаш, эки инисинин боору таш. Талаа толгон мал калды, таалайсыз Бакай ал калды. Ак Сарай (күмбөзү) бүткөнчө эле алмаш инилери кол салды.

Бата электе карасы,
Ката электе жарасы.
Шооруктун кызы Накылай,
Тийип кетти Көбөшкө.
Мен карабет Каныкей
Аз калды мага жөнөшкө...[2]

Каныкейдин кошогу өз күйүтүнүн, башчысынан ажыраган шордуу эл күйүтүнүн чордону ушунда. Каран калган кыргыз эми качан оң заманды көрөр экен. Каныкей жалгыз уулун алып тентип кетсе, эл коргогон эрден калган Семетей күнү не болот? Ал аман чоңойуп келип, ата тууруна коно алабы? Атасы окшоп эрешен тарткан Эр чыгабы?! Каныкейдин Манас ашындагы кошогу — анын түп арманы. Түгөнбөгөн арманы. Манас аялы

[1] Тыныбек. Каныкейдин Манаска аш бериши. Кол жазма, 54-б.
[2] Ошондо эле, 61-б.

Накылайды бузуп алган жаман инилерине Каныкейдин күйүткө чыланган уу дана баасын кара:

Туу көтөрүп тургансып,
Душмандан чалгын чалгансып,
Алып кетти жамандар
Алыстан катын алгансып...[1]

Салдырып жаткан Ак Сарайы (күмбөзү) бүтө электе,төрөнүн ашы бериле электе «Каныкей бизди сүйбөйт деп, сүйбөгөндөн тийбейт деп» – жаман инилери Манас жылкысын айдатып алгандарын кошту Каныкей. Манастын аталаш инилери Абыке бирде оң, бирде сол. Эмчек сүтүн бербесе да, элик сүтүн берген энем» – деп Каныкейди кадырласа, «Сен ошо Каныкейди аялдыкка аласың» – деп, улуу агасы Көбөш колтугуна суу бүркүп турат. Негизги нээти бузук Абыкенин. Кан Кошой абалтан калган салтты эскерип, акыл сөзүн салат:

Жетим менен жесирди,
Калганы сыйлап – багуучу,
Эби келсе жесирин,
Ыгы менен алуучу...[2]

Агыш, Үрбү аттанып көр Көбөшкө барышат. Жаш жетимдин дүйнөсүн чаап-талап алган бетсиздигин, алган зайыбын Накылай жарашты деп какшыктап уятсыздыгын, Накылайдын өзүнүн 5 ай арбак сыйлабай эрге тийип алганы аз келгенсип, эми минтип бузук салганын, жаман эри көр Көбөштү көкүтүп Манас малмүлкүнө четинен кол салдырганын айтып, бардыгын талап-тоногондорду кайра тартып алышат. Ачууга тие берсе, «Көбөштү Манастын байгесине сайып жиберем» – деп зекийт.

Аш сүрөгү отуз күн. Кыргыз, казак бир бет, калган эл бир бет. Ашка келгендер ичинде казак менен кыпчак, катаган менен досот, өзбек, эштек, тажик бар. Балбан күрөш беш жолу, сайыш төрт, эр эңиш эки сапар болмок. Үч жолу аял күрөшү. Жылаңачтанып төө чечмей өткөрүлмөк. Таз сүзүштүрмөй, жылаңачтанып чабышмай. Кептин баары байгеде. Он алты жылкы, эки төө ар бир жеңген балбанга, эр сайышка чыккан төрт азаматка жетимиш эки төө, кырк жамбы, эр эңишке чыккан бир баатырга 18 ат, аялдарга үч мөөрөй, байге башы 1 төө, 8 жылкы, төө чечкенге 9 төөдөн, тогузуна 9 кымкап жабылуу, сүзүшкөн тазга 9 букадан, жылаңач чабышка төө баштаган 9 мал (сегизи жылкы 1 төө), жамбы атышка 9 чоң жамбы байлатты, кош карагай ула-

[1] Тыныбек. Каныкейдин Манаска аш бериши. Кол жазма, 62-б.
[2] Ошондо эле. 66-б.

тып, кылда учуна жамбыны илдирди. Ушунун бардыгына эрлер чыгып, ушунун баарын утуп алат. Элдин чери, мелдешкендердин бугу жазылат. Өзүбек журтунун башчысы Санжыбек эр сайышка төрт азаматын алып чыгып, «Манас, Кошой болбосо, мага касташчу кайсы балаң бар? – деп мактанып, ашты башкарып жаткан Агыш баш болуп кыргыздан тандалып, тиги өзүбектин төрт баатырын учура сайып алды. Жетимиш төө, кырк жамбы байге алардын колунда. Зайыптардын эңиш, сайыш тамашасы өтөт. Найзаны таштап жиберип, чачтан алышып, эл күлкүгө карк болот. Таздардын сүзүшү, жыланач камчы чабышмай болуп, жамбы атмайда ары баатыр, ары илегер Агыш кыя-кыя атып жолго түшөт. Эми тамашанын башы ат чабыш калды. Ошону күтүп жаткан меймандарга эт тартып турууга эле кыдыртып койгон 1000 табакты бердиргенде, аш башкаргандар Агыш, Үрбү Каныкейге таңданды:

«Аялда мындай болбос» – деп,
«Муну кемиткен адам оңбос» – деп,
«Каныкейдин кызматы,
Көңүлүмө толду» – деп,
«Эркек мындай иш кылбайт,
Табагы даяр болду» – деп...[1]

Ала-Тоодой эт кылып, ала көлдөй чык кылып аш тартылды. Чабылуучу аттын байгесинин кеңешине келгенде, баарысын башынан кечирип жүргөн сынаакы акылман Кошой, кан Кошой аштын өтүп жатышына баа берди:

Эми Кошой айтып басылбайт,
Капалыгы жазылбай,
«Кантейин арман күч болду,
Көкөтөйгө жетпейт!» – деп,
Карылар өлбөй жүргөнү,
Көкөйүмдөн кетпейт» – деп...[2]

Тагдыр жазмыш ошол. Ал эми Каныкейдин кызматына кан Кошойдун жарпы жазылып калган эле. Чабылуучу аттарга коюла турган байге жайынан Кошой минтип айтып салды:

Бакайды алып башына,
Жаштар билип сайыңар,
Катын дебей башына,
Каныкейди алыңар.[3]

---

[1] Тыныбек. Каныкейдин Манаска аш бериши. Кол жазма. 88-б.
[2] Ошондо эле. 82-б.
[3] Ошондо эле. 93-б.

Мындан өтөөр баа барбы Каныкейге. Каныкей толугу менен арзыйт бул баага. Аялдан чыккан жоомарт. Манастын ысмын түбөлүккө көтөрмөлөп салууга айткан кебине кара:

Катын билди дебеңер,
Казына оозун ачайын.
Кан төрөмдүн ашына,
Карк алтындан чачайын,

Баатыр Төштүк аяшы Каныкейге артык баасын айтты.

Аяшым сенде айып жок.
Аялда сендей зайып жок.

Үрбү адегенде өзүнүн атын сүрөп барып, айнып Тайбуурулду сүрөйт: «Жетимдин аты чыксын!» – деп. Калыстыгына баракелде. Тайбуурул чыгып келип, Ак Сарайдын жанында желбиреп турган Манас Туусун жыгат. Аш тарап элдер кеткен соң, Каныкейдин санаасында Семетей. Нээти Букарга атасы Темирканга ооп турат. Манастын аталаш инилери алты арам Көбөшү баш болуп, жалгызы Семетейди өлтүрүүдөн кайра тартпасы анык. Манас көз жумарда ошону эсине алып, «Эри өлгөндө катынга, төркүнү жакын дечү эле» – деп Каныкейге өзүнчө керээз айткан. Айтса, айтпаса төгүнбү» – деп көңүлү Букарда калды. Каныкейдин ошо Букарда Семетейди эрешен тарткан эр кылып, эр уулу менен тең кылып, көңүлүн өстүрүп тарбия бермек. Манастын ажалына калган баскынчы Коңурбай калчадан өч алаар медери Семетейи. Бир тууганы Ысмайылга бактырса, эл башкаруунун илесин үйрөнөт Семетейи.

Тыныбек айтымдарынан калып, колго нак тийген эпизоддордон «Алмамбет арманын» «кун жетпес шедевр» катары баалап, ал эми «Каныкейдин Манаска аш бериши» өзгөчөлүү эпизоддунун көркөмдүк ажары тыныбектик оболгон бийиктикке жетпей калгандай кеп уктук айрым бир инсандан. Ар кимдин айрым-айрым эпизодго өз баамы болот. Бул боло жүргөн иш. «Каныкейдин Манаска аш бериши» өзгөчөлүү эпизоддунун (өзгөчөлүү дегенибиз мурдата «манас» эпосунда мындай окуя айтылбай келип, Тыныбек залкар тарабынан кийрилген) көркөмдүк деңгээли жөнүндө көп пикирлер айтылар. Жаңынын иши жаңы. Эпизоддун деталдарын өзүнүн чыгармачылык өнөрканасында «иштеп жатып» (эгер ушундай сүйлөөгө ылайык болсо) Тыныбек ушул окуяны айтуунун бардык жагынан төп келиштирип баяндоого убактысы жетпей калгандыр 56 жашында эле каза тапкан улуулардын — улуусу манасчы Тыныбек 40 жыл «Манас» айткан болсо, океандай чалкыган кереметке толгон улуу эпостун башка эпизоддорун келиштирип кештелөөгө деле манасчынын көркөмдүк дарманы, убактысы кетпей койду дейсиңби? Көркөмдөк табит деген бар.

Ал эми «Манас» айтуу искусство да. Аны деталдаштыруу, кайтып көркөмдүк деңгээлге көтөрүү үчүн ар бир сөз менен ойду ийине жеткирүү түйшүгү канча? Сөзсүз буга кеңири убакыт керек болгон. Саякбай Каралаев Каныкейдин Тайторусун чапканын» кайра-кайра опсуз көп айткандай, Тыныбек да, «Каныкейдин Манаска аш беришин» кайра-кайра көп айтышы керек болгон. «Манас» үчилтигинин кай жеринен кетпесин ширин айткан Тыныбектен угармандар тигил окуяны, бул окуяны сурап айттырып, аны жайына койбой талап этип, Тыныбек да ээлигип кетип, айтып жаткан окуяны кызуусунан чыга албай калып жүрүп, күндөн-күн өткөн. Анын убакты — чактысы ошентип желген. Мүмкүн «Каныкейдин Манаска аш бериши» окуясы айрым окурмандардын табитине татыбай калып жаткандыр. Тыныбектик эпизоддор өзүнчө китеп болуп чыкканда, көпчүлүк окурман да баам кылаар. Бул эпизод ушул турушу менен эле ширин, көркөмдүгү башкача. Өлгөнгө эстелик тургузуу, өлгөндүн чоң ашын бердирүү ырасмысы кыргызда боло келген.

«Каныкейдин Манаска аш бериши» эпизодунун окуясынын берилиши өтө кызыктуу, нары көркөм. Шуруга тизгендей, бал татыган не бир ширин сөздөрү бар. Кадимден айтылып кулагыбызга сиңип келген салттуу окуялардан башка бул окуянын «Манас» жомогуна кирип калышы жалпы эле «Манас» эпопеясынын ыркын бузбайт. Окуя эпостун сюжеттин тутумуна кынтыксыз кошулуп кеткен. Мындан эпостун мазмуну байып, «каны толуп» көркүнө көрк кошулуп, угумдуулугу, окумдуулугу арта түшкөн. Манастын ашы Көкөтөйдүн ашына караганда андай аштардын көбүн башынан өткөргөн, намыска бек тууган Кошойдун купулуна толо бере албады. Ашта байгелерге зарпталган ыгым-чыгымдар, кызыл алтын, ак күмүш өлчөөсүз кеткенине карабастан, ошондой болду. Көкөтөй ашына тигиэле дүйнө жүзүнөн адам келип катышат. Анда кара калмак, кыжылдаган көп кытай өзгөчө көзгө көрүнөт. Ал эмес коогалаңдуу Чоң Казатка эшикти ошол Көкөтөй ашы ачат Шапак Рысменде уулу айткандай: «Көкөтөйдүн ашы — чырдын башы» ал эми Манас ашы кыргыз, өзүбек, казак, тажик элдери ортосунда берилген чакан аш. Көкөтөй ашында атпай кыргыз башына каран күн жакындап келгенине кабар берилсе, Манас ашында Манас үй-бүлөсүнө жакындаган коога-каскалаң алдыртадан эскертилет. Кыргыз үчүн чоң намыс эсептелген өлгөнгө эстелик курдуруу, чоң ашын өткөрүү, аштын ыгым-чыгымы акылдуу тууган Каныкейдин башына түшкөн чоң сыноо, эр көтөргүс жүк болду. Ошондо Каныкейдин, чындап келсе, ошол ашка катышкан, абалдан эрдик, акылмандык жагы бар Эр Төштүк, Эр Кошой, акылман Бакайдан да ашкан сарамжалдуулугу, жоомарттыгы, жанда жок аярлыгы, эстүүлүгү, эптүүлүгү Манас арбагын дагы бир серege көтөрбөдүбү?! «Манас» эпосунун гумандуулук идеясын чегине жеткирип, бек чыңаган бир

асыл саптар бар. Тыныбек сыпаттаган Каныкей эненин кунарын ого бетер арттырат. Каныкей энеңердин сөзүнө баам кылсаңар:

Байгеге кулдан салбайлык,
Убалына калбайлык.
«Калмак менен калчага
Кан төрөм кылган кызмат! – деп,
Казаттан келген кулдардын,
Баарынын башы азат! – деп,
Адамдан сайсаң байгеге,
Акыретте азап! – деп турат Каныкей эне.

Каныкей эненин келбетине карата эпосто мурда да кийин да айтылгандардын бардыгы бириккенде да ушул саптардагы сөз берметтерине чен келе албас. Дагы бир маселе. Эмне үчүн Тыныбек «Каныкейдин Манаска аш бериши» – деген окуяны «Манас» эпопеясынын тутумуна кошумчалаган? Каныкейдин Манаска аш беришинин башкы максаты эмнеде?

Окуялардын эпостогу өсүү-өнүгүү логикасы ошого алып барган манасчыны. Чет Бээжинде ууга сугарылган айбалта менен шилиге чаптырып, ал ууларып кетип өлдү. Тарыхый шарт-жагдай, заман тегеренип кетип, ойго келбей турган нукка багыт алды. Эми элдин, мамлекеттин андан аркы тагдыры кантет? Манастын үй-бүлөсүнүн тагдырычы? Кандай болсо ылайык? Эзелден эпостун ушул жери күдүк келди. Биздин жеке оюбузча, ошондон улам жомоктун «Семетей» бөлүгүнө чейинки адам тагдырлары, окуялардын уланыш логикасы да, арийне, «Манас» угармандарын, Тыныбек залкардын өзүн кызыктырып ойго салды. Ушул жагдай-шарт «Манас» эпопеясынын белсемдүү, чыгармачылык кудурети өтө зор авторлорунун бири, Тыныбек жомокчуну «Каныкейдин Манаска аш бериши» окуясын кийиримтилөөгө шыктандырган. Айкөл Манастын этегине тооп кылып, өзүнүн эли-журту менен келип анын дараметтүү калкасына ыгып калган кырк чоро Каныкей акылкөйдү терең ойго салат. Кокус кырк жерден келген 40 чоро бастыра берсе, кандай жорук башталат. Бул бир жагы.

Экинчи жагы дегеле Манастай улуу кан каза болсо, ал эстеликсиз калабы? Ага буга чейин эч жерде болбогондой күмбөз салдыруу зарыл. Анан ашын берүү калат. Ал эми ашын берген соң, анын жесир калган аялдарынын башын ачуу керек. Ансыз да баатырдын көрөр көз, назданган аялы Накылай, Манас карасы катып, кызылы бата электе, бат эле напси тыяалбай көз көрүнөө Көбөшкө тийип алды. Манас кандын касиеттүү үй-бүлөсүнүн ыркы кете баштады. Бул — өзүнчө драма. Баарысынан Каныкейдин жанын коёрго жер таптырбай алдастатканы али бешикте жаткан Семетейи. Семетей айкөлдүн ордун басар болочок султан. Абыке, Көбөш алты арам эмитеден Манас дүйнөсүнө, мал мүлкүнө кол сала баштаган. Эң негизгиси Семетейди бешик-

тен белин чыгарбай тындым кылуу. Каныкей аял болуп тийип бербесе, төркүнүнө айдап жиберүү алардын оюу. Манастын эли-журту эми кайсы күндү көрөт? Чоң атасы Ногой өлгөндөн кийин кытай-калмак Манастын атасы Жакыпты баш кылып, туш-тушка чилче таратып жиберген. Ошол трагедия кайра башталабы?

Манастын өзү өлсө да, анын өзүнөн кем калбаган үзөңгүлөштөрү Алмамбет, Чубак, Сыргак болгондо эмне? Анда Манас калкынын каймагы бузулмак эмес. Ошонун баарын элге түшүндүрүү да керек. Так, ушундай зарылдыктан улам «Каныкейдин Манаска аш бериши» окуясы жомоктун өнө боюна кынтыксыз ширетилген. Бул деген «Манас» жомокчуларынын ичиндеги Тыныбектин аэддик олоң жетпес жөндөмү, артык касиети, эпостун кунун арттыргандыгы, феномендик улуу дастанчылыгы «Манас» эпосунун кыйырына жаңы касиет кошкондугу. Манас ашы башталды. Кыргыз калкынын билермандары Кошой, Бакай, Каныкей кайнатасы кан Жакып кары, анын кулагын кудай алган таш кулак. Ашты Бакай, Кошой карылардын кеп-кеңеши боюнча Үрбү, Агыш башкарды. Аш өз тартиби менен өтө дурус өткөрүлдү Кошойдун баамында Көкөтөй ашына жете бербей, чакан аш болуп калганы гана. Бирок ашка келген калың журт кыргызы да, казагы да, өзбек, тажиги да тамаша көрүп, кардын тойгузганы болбосо, Каныкейдин оюндагыдай болуп, негизги маселеге түшүнгөн жок. Кырк чоро ашта көрүнбөйт. Демек, кыркынын-кырк калкы ашта көңүлсүз. Эң башкысы элдин ыркы кете баштаптыр. Манастын кара чечекей туугандары Абыке, Көбөш баш болгон алтоо, Ногой кандын иниси Шыгай кан баш болуп Семетейге кекенип, аны өлтүрүп, Каныкейди айдап жиберүүгө кырчылдап турушат. Муну эл түшүнбөдү, эл башчылары, эл жакшылары делгендер да түшүнбөдү. Карыялар Бакай, Кошойдон баягы алтындай уюган акыл качкан, болбосо акылдуу десе акылдуу, эр десе Эр Үрбү окшогон бирөөнү кан көтөрүп жиберип, элдин башын биротоло бириктирип калса болбойт беле. Семетейдин башына каран түн жакындап келатат. Ошону менен кыргыз-алаш элинин өз башына каран түн жакындап келе жатат. «Каныкейдин Манаска аш бериши» окуясы менен улуу Тыныбек дал ушуну түшүндүрмөк. Ошол кездеги алдыраш болгон кыргыз муну түшүнбөй тамакка тоюп, олжого тунуп, аштан байпая тартып тарап кетти. Тыныбек көсөм кошумчалаган бул окуя эпизоддун баасы ушунда.

## КОРТУНДУ

Кыргыздан ага жаак пендеден сүйлөсө алдына адам салбаган, касиетине эл ушу бүгүн да өткөрө баа берип, таазим кылып турган Тыныбек манасчы тууралу аз да болсо иликтөө жасоо менин те бала күндөн аздектеген ой-кыялым. Бул адам жөнүнөн мен кошуна жашаган Казыбай уулу Назарбай абаман канчама канча укпадым тили өтө таттуу болучу. Ошо кишинин жакын туугандарынан болот экен, Сарырчы (Бекбоо) Семетейчи жайынан да кызык-кызык сөздөрдү салучу. Тыныбек манасчынын жомокчулук өнөрүн Назарбай абама ошол Семетейчи Сарырчы (Бекбоо) өтө кайталап кеп урган экен. Өзү да куйма кулак Назарбай абам ошонун мүлдө баарын менин кулагыма салбадыбы. Айлыбыздагы манасчы, семетейчи Тойтук абам көчөдө эле элди тегеректетип коюп, не атчан, не жөө Тыныбек тууралу икаяларды сүйлөп жатканын баарыбыз кумарыбыз таркабай уга берген кездерибиз көп. Акын Асан Жакшылыковдун атасы Абыл уулу Жакшылыкты айт. Тыныбекти манасчы десек, Жакшылык абамды тыныбекчи десек куп жарашаар. Кара сөзгө чечен, таңдайынан бал тамган Жакшылык абамын кепургандагы өңгө сөздөрүн коёлу, ошол Тыныбек тууралу аңыз кептери не? Тыныбек уулу айтылуу Актан сөздөрү не? Катардагы эле карапайым дыйкан, малчы болуп жүргөн Чообий уулу Дүйшөмбүнүн Тыныбек жөн-дайнынан айткан кептеричи. Тыныбек манасчынын башка манасчыдан эч уга албай турган жымылдаган саптарын аралаштыра Тыныбек жөнүндө ошо Дүйшөмбү байке айтса, убакыт түтө бербейт эле. Үзүп-үзүп кеп уруп кошуна айылдарыбызда генийалдуу манасчынын атын айтып жерге таштабай аңырт кылып жүрүшөт али да. Ошо улуу адам жөнүндө мен да алардан укканымы көкүрөгүмө түйө берип, элге айтуу ак тилегим кабыл болобу? деп канчама-канча эңсебедим. Арийне, мен карапайым деп ойлогон жогорку адамдар сөзгө карапайым эмес болуп чыкты. Көрсө, сөздүн атасын ошолор айтат тура. Жомокчу – манасчы жөнүндө кастарлап, аябай келиштире кеп салган алар мага учурунда сезилгендей карапайым сөзмөрлөр эмес, кепкорлордун чыгааны, ириси экен.

«Орозбактын Сагынбай,
Эми калды табылбай» – деп улуу манасчы Сагынбай жөнүндө өкүттө калган Тоголок Молдо акындын айтканындай мен билген кепкорлор да бизден биротоло кетти. Алар эми табылбайт.

Тыныбектин манасчылык көкөлөгөн бийик өнөрүнө чен жок. Тыныбек айтып, «Манастан» эл оозунда калган айрым «күкүмдөр» кыргыз саптарынын арасында өзгөчөлөнүп жакуттай жалтылдап тамшандырып турат. Оозеки поэзиянын үзүмдөрү болсо да тыныбектик ошол саптарга баа жетпейт. Тыныбек манасчы жөнүнөн мындай мындай айта коюу жеңил-желпи иш болбой чыкты. «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесине карай 1994-жылы май

айынын аягында И. Арабаев атындагы педуниверситетинде өткөрүлгөн илимий-практикалык конференцияга «Манасчылар Тыныбек менен Актан — кыргыз маданиятынын ири өкүлдөрү» деген чакан баяндамада мен Тыныбек залкар жөн – жайынан аз-аз кабар бергенмин. Конференцияга катышкандар Тыныбек дарегине аябай кызыгышкан. Андан соң улуу манасчы Тыныбек Жапый уулунун туулганынын 150 жылдыгына карата 1996-жылдын аягында кыргыз улуттук илимдер академиясында чакырылган дагы илимий – практикалык конференцияда Тыныбек тууралуу учкай айткан болдум. Менден убакыт аяп коюшту. Көлөмдүү макаламды жарыялабай «Кыргыз маданияты» деген тар чөйрөчүл гезит редакциясындагылар жымырайып тим болду. «Манас» дирекциясындагы жолдоштор гениалдуу манасчы Тыныбек «Манасынан» колго тийген «Алмамбет арманы», «Каныкейдин Манаска аш бериши» эпизоддорун басууга даярдап берген материалдарымды, аларга арнаган сөздөрүмдү китеп кылып басып чыгарабыз деп тутуп олтурушат. Ошентип, Тыныбек тууралуу жазганэткендеримди жыйнап, мен жүрөм.

Тоо койнунда биринчи ачылган жогорку окуу жайы Нарындыктардын бардыгын аябай кубанычка бөлөдү. Климаты аябай катаал Нарындын шартынан качпай келген алгачкы окутуучулук иштерин баштаган окумуштуу – педагогдордун ичинен гуманитардык факультеттин деканы, педагогика илимдеринин кандидаты, адабиятчы Али Турдугулов менен акын Асан Жакшылыков айткандай, «Тыныбек, Актан менен» «ооруп» жүрөгүмдүн дарегин чуктап билип алыптыр. Ошол сыпайы-сылык, маданияттуу, жаркылдаган жаш жигит университет студенттерине менин манасчы Тыныбек тууралуу айтып берүүмдү өтүндү мен ага арналып, аздектеп айтылган аңыз кептер тууралуу аз-аз айтып бердим. Менин дарс окуганыма декан өзү катышып олтурган. Тыныбек дареги ал кишини да кызыктырды. Мени декан Али Турдугулович университеттин ректору Жанат Медетович Жамангуловдун кеңсесине ээрчитип барды. Тыныбек манасчы жөнүндө чакан болсо да китеп чыгарууну, тезинен менин материал даярдап берүүмдү ректор Ж. М. Жамангулов мага билгизгенде, кудай бар кубанычымды айтпагыла. Аты көп манасчылардын арасында эле, болгондо да тоо койнунда калган, залкар адамга, олоң жетпес сөзмөргө, айткан «Манасына» кун чак келбес жомокчунун арбагына сый-сыпат көрсөткөн билгилиги үчүн Жанат Медетовичке ыракмат. Жанат Медетович менен Али Турдугуловичтин өркөнү өсүп, эч нерседен өксүбөсүн. Өмүрлөрүнүн күнүн көрсүн.

Тыныбек манасчынын жомокчулук чоң өнөрүнүн дарек-дайнын толук айтуу эч кимдин колунан келбес. Келбегени манасчынын көзү өткөнүнө бир кылым убакыт болду. Улуу феномендин айткан «Манасы» башка эч кимдикине окшобой, көркөмдүгү өтө жогору экен. Жазылып толук калбай, ал инсан жөнүнөн, манас-

чылык жайынан ийине жеткирип айтып берүү кыйындыкка турчудай. Мурда, кийин тигил, же бул адабиятчы жайынан даректеп, иликтеп, айтып көрбөгөн экенбиз. Ошондон улам Тыныбек манасчынын акындык касиети жагынан башка манасчылардан обочолонуп оболоп турган сандыргалуу сапатын анча ача албай калган жайым болду. Мен Тыныбек келбетин ойлогонумдай тарта албадым. Көп кырдуу, сөз чак келбес орошон талантын, Тыныбектин «Манаста» келтирген бир эле сабындай сапты Тыныбекке ыроолой алган жокмун. Көптөгөн илимдердин илимий иликтөөгө алар данеги боло ала турган Тыныбек манасчылык өнөрү али бузулбаган дың боюнча туру. Тыныбек жөнүнөн биз айткан, башка да эмгектерден алган, учкай даректер али эчтеме эмес. Тыныбек тууралуу Тыныбектей залкар кептер айтылар. «Манас» унутулбагандан кийин, манасчы Тыныбек унутулбас, Тыныбекке багышталып терең, таамай, туура айтылган, илимий баалулугуна чен келбес эмгектерди мезгил күтүп турат.

## АДАБИЯТТАР


1. С. М. Абрамзан. Киргизкий героический эпос «Манас» как этнографический источник — «Манас» — героический эпос киргизкого народа. Ф. «Илим» 1968.

2. Абыкадыров Т., Джумалиев С Политическая ситуатция в Кыргызстане (20 – 50 – г.г) и эпос «Манас» — Эпос «Манас» и эпическое наследие народов мира. Б.: 1995.

3. Адил Максут. «Манас» эпосундагы философиялык ойлор. — «Манас» эпосу жөнүндө. Б. «Шам» 1994.

4. Айтматов. Ч. Т. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу. — Манас. Ф. 1979.

5. Айтматов. Ч. Т, Замандаштар, агайын туугандар! — алп манасчынын албан элеси. Б. «Кыргызстан» 1994.

6. Актанов Т. Теңирим, Манас. Кол жазма.

7.Актанов Т. Азиз кандын Алмамбет. Кол жазма.

8 Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. Ф. «Илим» 1988.

9. Г. Алмаши. Прощание героя Манаса с сыном Семетеем. — «Манас» – героический эпос киргиского народа. Ф. «Илим» 1968.

10.Аристов Н. А. Опыт выяснения этнического состава киргиз-казаков Большой Орды и кара киргизов. – Живая старина Б. Выпуск III-IV, 1894.

11. Асанбай Матли. «Манас» эпосундагы ырым-жырымдарга бир назар. – «Манас» эпосу жөнүндө. Б. «Шам» басмасы, 1994.

12. Ауэзов М. Киргизкая народная героическая поэма «Манас» — «Манас» героический эпос киргизкого народа. Ф. «Илим» 1968.

13. Ауэзов М. сказители эпоса. Алма-Ата, 1959.

14. Бартольд. Кыргыздар. Ф.: 1943.

15. Бейшеналиев Ш. Болот калем. Ф.: Кыргызстан, 1983

16. Бейшеналиев Ш. Кыргыз туусу. 1996.

17. Бекбаев Ж. Саякбайга катчы болгом. – Алп манасчынын албан элеси. Б.. 1994

18. Бектенов З. Саякбай «Калевала жергесинде» — Б.; 1994.

19. К, Белеков. Залкар жана замана. – Алп манасчынын албан элеси. – Б.: 1994.

20. П. Н. Берков. Идея родины в «Манасе» – «Манас» героический эпос киргизкого народа. – Ф. «Илим» 1968.

21. А. Н. Бернштам. Эпоха возникновения киргизкого эпоса «Манас» – «Манас» героический эпос киргизкого народа. – Ф. «Илим» 1968.

22. А. Н. Бернштам. К происхождению имени «Манас» – «Манас» героический эпос киргизкого народа. Ф.:. «Илим», 1968.

23. Бертельс Е. Э. К вопросу о традиции эпоса тюркских народов. Советское востоковедение. 4, 1947

24. Бичурин Якинф. Собрание сведений о народах обитавщих В Средней Азии в древние времена. М. 1950.

25. Богданова М. И. О некоторых художественных особенностях эпоса «Алпамыш» – Ташкент.: 1957.

26. Булдыбаев А. С. Эпос «Манас» в исследованиях казахских ученых. – Эпос «Манас» и эпическое наследие народов мира. – Б.; 1995.

27. Ч. Ч. Валиханов. Очерки Джунгарии. – «Манас» – героический эпос киргизкого народа Ф.; «Илим», 1968

28. Виноградов В, В, Киргизкая музыка. Ф.· 1958

29. Виноградов В. В. эпостун музыкалык аткарылышы. – Алп манасчынын албан элеси. Б., 1994.

30. Горький А. М. О литературе. М.: 1953.

31. Горький А. М. Макалалар жана памфлеттер. Ф 1951.

32. Гусев В. Е. Эстетика фольклора М – Л.: 1966.

33. Еркетанов О. Биздин үйдө «Манас» айткан. – Алп манасчынын албан элеси. Б.: Кыргызстан. 1994.

34. Жан Янпин. Көп улуттуу маданият желесиндеги Алмамбеттин образы. – «Манас» эпосу жөнүндө. Б «Шам». 1994.

35. Жапый уулу Тыныбек. Алмамбеттин арманы. Кол жазма.

36. Жапый уулу Тыныбек. Каныкейдин Манаска аш бериши. Кол жазма.

37. Жирмунский В. М. Введение в изучение эпоса.– Киргизский героический эпос «Манас». М «Наука». 1961.

38. Жирмунский В. М. народный героический эпос. М – Л.: 1962.

39. Жирмунский. огузский героический эпос и «Книга Коркута». – Книга деда моего Коркута. М – Л. 1962.

40. жумалай Жусуп. «Манас» эпосундагы согуш жана согуш эрежелери жөнүндө баян. – «Манас» эпосу жөнүндө. Б.: «Шам» 1994.

41. Жунушев К. Улуу манасчы Сагымбай. Журн. Ала – Тоо. 7, 1990.

42. Жусуп Мамай. Мен «Манасты» кантип айтып калдым. – «Манас» эпосу жөнүндө. Б.: «Шам». 1994.

43. Заркунов А. Чечендин өчпөс элеси. Журн. Ала – Тоо. 9, 1990.

44. Заркунов А. Актаңдай. «Кыргызстан маданияты» газетасы. 1988. ноябрь.

45. Заркунов А. Тыныбек атанын айкөл Манасы. «Жеңиш» райгазетасы. 1995, №23

46. Заркунов А. Манасчылардын айкөлү. «Кыргыз туусу» газетасы. 1996, №88.

47. История киргизкой советской литературы. М.: «Наука». 1970.

48. К. Карасаев Манасчы Саякбай Кара уулун табышым. Манасчы Саякбайды Фрунзеге алып келишим. – Алп манасчы Саякбай. Б · Кыргызстан 1994.
49. Кебекова Б. Курманбек эпосунун варианттары. Ф.: 1961.
50. Кебекова Б. «Эр Табылды» эпосунун багыты жана көркөмдүк өзгөчөлүгү. Ф.: 1963.
51. Керимжанова Б., Жумадылов С. Кыргыз поэзиясынын көркөм сөз каражаттары. Ф.: 1968
52. Красик В. М. Исторический очерк учения о противоядиях. Ж. Природа.1939.
53. Р, З, Кыдырбаева. Оозеки поэзиянын улуу эстелиги. – «Манас». Б.: Кыргызстан. 1995.
54. Кыдырбаева Р, З, Варианты эпоса «Манас». Ф.: 1988.
55. Р. Кыдырбаева. Саякбайдын көөнөрбөс мурасы. – алп манасчынын албан элеси. Б.: Кыргызстан. 1994.
56. Макелек Өмүрбай. «Манас» эпосудагы тарыхка баш бакканда. – «Манас» эпосу жөнүндө. Б.: «Шам» 1994.
57. Маликов К. Досадные не точности. Жур. «Литературный Киргизстан». №3, 1964.
58. Малов С. Е. Шаманский камень «Яда» у тюрков Западного Китая. «Советская этнография». №1, 1947.
59. У. Мамбеталиев. Мен Сакемден бата алгам. – Алп манасчынын албан элеси. Б.: Кыргызстан. 1994.
60. Мамбетжума Мамбетакун. «Манас» эпосунун обону жөнүндө. – «Манас» эпосу жөнүндө. Б.: «Шам». 1994.
61. Мамбеттурду Мамбетакун. «Манас» менен «Жаңгыр» эпосундагы баатырдык жөрөлгөнүн бирдейлиги. – «Манас» эпосу жөнүндө. Б.: «Шам». 1994.
62. Мамытбеков З. Отражение жизни и борьбы киргизов в эпосе «Манас». Б.: 1993.
63. Мамыров М. Чоюке чынар – мен чырпык. – Алп манасчынын албан элеси. Б.: Кыргызстан. 1994.
64. «Манас» – героический эпос киргизского народа. Ф.: 1968.
65. «Манас». Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. 1-китеп. Ф.: 1979.
66. «Манас» Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. 2-китеп. Ф.: 1980.
67 «Манас». Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. 3-китеп. Ф.: 1981.
68. «Манас». Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. 4-китеп. Ф.: 1982.
69. «Манас». Б.: Кыргызстан. 1995.

# Мазмуну

АЛГЫ СӨЗ ..... ............................... .. .............................
ЭЛЕТТИК ИЗИЛДӨӨЧҮ ............................................................
БИРИНЧИ ГЛАВА Тыныбек Жапый уулу улуу манасчы ..............
ҮЧ ТАЛАНТ ТУУРАЛУУ УЧКАЙ СӨЗ ...........................................
ЭКИНЧИ ГЛАВА ТЫНЫБЕКТЕН «МАНАС» ҮЙРӨНҮП ҮЛГҮ АЛГАНДАР ...................................................................
ҮЧҮНЧҮ ГЛАВА «АЛМАБЕТТИН АРМАНЫ» ОКУЯСЫ ЖӨНҮНӨН
ТЫНЫБЕК ЖАПЫЙ УУЛУНУН «КАНЫКЕЙДИН МАНАСКА АШ БЕРИШИ» ДЕГЕН ӨЗГӨЧӨЛҮҮ ЭПИЗОДУНУН ВАРИАНТЫ ТУУРАЛУ ........................................................................
КОРТУНДУ .........................................................................
АДАБИЯТТАР ....................................................................

**Окуу басылмасы**

**Асан Заркунов**

**Тыныбек Манасчы**

Редактору *Ж. Кадыров*
Корректору *Т. Жанызаков*

7,5 басма табак. Гезиттик кагаз менен басылды. Нускасы 250.